А50

**…МАР АЛИЕВ**

# АЙЫЛ АТАЛАРДЫ КҮТӨТ





МАР АЛИЕВ

# АЙЫЛ АТАЛАРДЫ КҮТӨТ



*Аңгемелер, мыскыл жана тамсилдер*

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1986

84 Ки 7—44
А 50

Жаштар үчүн

Сүрөтчүсү В. Романов

**Алиев Мар.**

**А 50** Айыл аталарды күтөт: Аңгемелер, мыскыл ж-а тамсилдер. [Жаштар үчүн] /[Сүрөтчүсү В. Романов]. — Ф.: Мектеп, 1986. — 140 б.

Автордун бул жыйнагына жаштарга нравалык жактан тарбия берүүгө арналган ар кандай жанрдагы чыгармалары топтолду.

А $\frac{4702280200-229}{М\ 452\ (17)-86}$ 118.86 ББК 84 Ки 7—44

Рецензиялаган А. Карыбаев.

© «Мектеп» басмасы, 1986-ж.

## КОМУЗ КҮҮСҮ

— Ээ, байбиче, ботом бу төө боздоп жатабы?..

— Ооба, ошентип жатат. Тиги Атантайдын боз ингени. Татынакай ак тайлагы бар эле. Кечээ түнү карышкыр жарып кетиптир. Тим эле боздогонундай болсо адам чыдап тура албайт, жарыктык!

— Айбан болсо да ботосун жоктоп!..— Эки көзү азиз болуп калган карыя сөзүнүн аягына чыкпай, буулугуп барып токтоду. Жалгызынан ажырап турган байбичесин аяп кеттиби, муунуп-муунуп барып, анан көз жашын токтотту.

— Айбан деп коёбуз. Аа, ата көрү, адамдан деле карышкыр чыгат тура. Анын эмнесин айтасың байбиче, берчи аркы комузду.

Ак сакалын жайкалткан олбурлуу чал бүркүттөй обдула түшүп, ойлуу мелтиреп олтуруп калды. Качан гана байбичеси комузду алып келип колуна карматканда, оюнан жана түшкөн сыяктанды. Комузду күүлөп алып, арманын төктү белем:

«Жардын башын кыдыртып,
Талдын башын сыдыртып —
    Ээрчитпедим ботойду...
Эки эмчегим тирсийтип —
    Эмизбедим ботойду, ботойду»,—

деп муңканган комуздун үнү боз үйдү жаңыртып, аркы маңдайындагы аскадан ашып жаткансыды.

Баятан бери комуздун үнүнө кулак түрүп отурган байбичеси оор улутунду да, өйдө туруп, казан-аягына илээшти.

Чал комуз күүсүнө үнүн созолонто кошуп, ого бетер безеленте берди. Ал ичтеги арманын үч кылдан чыгарып жаткан өңдөндү. Боз инген гана ботоюн жоготуп боздогон жок. Чал да комузга кошулуп, боздоп жатты. Боор толгоосун жандыра албай, комуздун кулагын мурун толгоп алганы да ошондон белем. Оңойбу анан! Жалгыз баласынан ажырап, бир үйдө эки баш калышканына он жыл чамасы болду. Ал аз келгенсип, ошол жылы көзү да көрбөй азиз болуп калбадыбы чал.

Комуз ойноп, замандагы окуяны эсине салып жатты...

Кара таман кедейлердин багына кеңеш өкмөтү келди.

Башта байга башы байланып келген Жумалы эми ак эмгекке чындап аттанды. Күнү-түнү сугатта. Иштеген ишине жараша сөзү да чоң. Жалгыз уулу Жаныш райондо. Эл уулуң актив болду дешет. Ошого эле аялы экөө жетине албай калышат.

— Тегеренейин, жалгызым аман эле болсо болду! — дешип эртели-кеч кудуңдашат.

...Кой терисин жамынган кулактын куйруктары жоюла элек учур эмес беле. Жаныбек ажынын эки уулу апийим алып, Кытайга кирип кетти деген каңшаар угулган. Аз күндөн бери айыл ичи уу-дуу. Тиги өйүздөн эки жылкы жок десе, эки күн өтпөй эле берки өйүздөн согумга байлаган колхоздун өгүзү жоголду.

«Баягы Жаныбек ажынын эки уулу өзүнө окшогон он-чакты киши менен Көк-Сайда жашынып жүрөт имиш. Жоголгон малдын изи ошол жакка барып, кайтпаптыр»,— деген каңшаар айыл ичин аралады.

Ошол айткандар чын кеп эле. Жаныш баш болгон комсомолдордун бир тобуна Жаныбек ажынын балдары менен кошулуп жүргөн басмачыларды колго түшүрүү

тапшырылган эле. Жакын туугандарына бирден-жарымдан келет экен имиш менен аңдып көрүштү. Андан да натыйжа чыкпады. Райондук милициядан бир топтору барып кайтышты. Мерчемдүү жерге жатып алып атышкандыктан, капчыгайдан ары өтүүгө мүмкүндүк болбой кайра келишкен экен, милициянын бир кызматчысы окко учуп, бири оор жарадар болуп, ооруканага жеткирилди.

Минтип отурсак баарыбыз окко учабыз. Бул ишти айла-амал менен гана жүйөөгө ашырууга болот дешип, ошол күнкү чогулушка райондук милициянын начальниги Көкөбаев комсомолдор менен бирдикте оперативдүү план иштеп чыкты.

Таң куланөөк салганга чейин отряд «Кой-Ташка» жетип, жатып калышты. Ал өрөөндө жалгыз гана эчки баккан Сакинин боз үйү бар. Алар да корккондунан басмачылар менен байланышып алган дешет. Милицияга чакырып, суракка алганда:

— Көрсөк көзүбүз кашайсын, уксак кулагыбыз жарылсын! — деп карганып-шиленип жатып кутулуп чыгышкан. Бирок шектүү экендиктери көз жаздымында калган эмес эле.

Күн чыкканда аттар сайга байланды. Жаныш Сакиникинде калып, калгандары таш-таштын түбүнө бекинди. Эчкилерди бүгүн «Сакинин аялы» жайытка чыгарды. Саки болсо атын минип, артын карабай жаканы карай жол тартты.

Эчкилер «Көк-Сайды» карай бет алды. «Сакинин аялы» өтө эле артта калды. Бир маалда акылдап-дакылдап эчкилердин артынан түштү. Бирөө команда берген эмедей бир маалда эчкилер жалт кайра бурулушту. Тээ маңдайкы тал чокудан тартайган бир эркектин карааны көрүндү да, жок болду.

«Чычаң ата» колдоп, эчкилерим өзү бери кайрылды дегенсип, «Сакинин аялы» жайбаракат бир таштын үстүнө отуруп калды. Баягы көрүнүп жок болгон караан

— Кудайдын буйругу, Жуке... — деген гана сөздү кулагы чалды. Ошону менен бул үйгө уу-чуу түштү да калды...

Көрсө Жанышты баягы кармалгандардын урук-туугандарынын бирөө күн-түнү сыртынан багып жүрүп, акыры байкоостон чыгышып, сыйыртмак салып, өлтүрүшкөндүгү билинди.

Өлгөндүн артынан өлмөк беле, Жумалы белин бекем бууп, кайратынан жазбай, колхоздун белдүү адамдарынын бири болуп жүрдү. Аялы да андан артта калышпай эл менен бирге эмгекте.

Жылдан жыл өтүп, ачынган курсак тоюнуп, жыргалдуу заман жышаанасын жалтыратып көрсөтө баштаган эле. Кырсыкты кайдан деп болбойт эмеспи. Жумалынын көзү ооруп жүрүп, бара-бара азиз болду да калды. Калк айткандай «карама сокур» болуп, жалдырап үйдө олтурат. Айылдагы тамырчы-табып, эмчи-домчудан эч нерсе койбоду. Эми тели-теңтуштары, жакшы санаалаштары кез-кези менен келишип, жай сурашып, бажырашып көңүлүн ачып, көргөндөрүн айтып берип кетишет. Көбүн эсе эрмеги эле комузу. Жанагы күү айлананы жаңыртып улана берди. Көксөөсүн суутту. Көңүлүн көтөрүп, өргө айдады. Алда качан өткөндөрдү өрөпкүтө сыздады. Жаштык жалын курагын эске салды. Ала-Тоону, ак чөлмөктү, дүмпүлдөктү, селкинчекти... койчу оюндун баарын оюна кылт эттирди. Жаңы заманды даңазалады.

***

— Ассаломалейкум, аксакал, күүлүүсүзбү? — Сырттан кирген чоочун адамдын үнүнө кулак түрө, чал комузун коё койду.

— Өт, ким болсоң да бери,— деди чал.

Сырттан кирген адам бул адамдын азиздигин баамдаса керек, Жумалыга жетип, кол алышты.

— Колуң жумшак, көп кара жумушка тийбеген окшойт?

— Ооба жарыктык, аны кантип билдиңиз?

— Ботом, бери кылчы колуңду. Мына, кара жумуштун катыгын берген кол деп биздикин айтат.— Карыя чор баскан алаканын сыйпалатып алды.

— Эң туура экен сиздики.

— Сүйлөй отур уулум. Биздин айылдын балдарына үнүң окшобойт. Алыстан келген мейман өңдөнбөйсүңбү?

— Өзүбүздүн жумуштар менен айыл аралап жүрөбүз.

— Жакшы, жакшы. Жанагы байбиче кайда жүрөт? Бул мейманга чай койбойбу?..

— Ыракмат аксакал! Шашып жүрдүк эле. Мен келген ишимди айтайын эмесе.

— Айта гой уулум.

— Мен өзүм догдурмун. Фрунзеден келдим. Баятадан бери көзүңүздү карап отурамын.

— Көз курусун, көп жыл болду, көрүүдөн үмүттү үзүп, үңкүйүп үйдө олтуруп калдым,— деп карыя жан жагына бурулду.

— Жок, карыя, сиздин мөгдөй турган кезиңиз эмес. Баягы заман жок. Көрсөтүүгө аракет жасайбызбы?

Чал ордунан обдула түшүп:

— Оозуңа май, уулум. Өчкөн отум кайра күйүп, өлгөн уулум кайра тирилип келгендей болсо кайда.

Аңгыча дагырага көң көтөрүп, байбичеси кирип келди.

— Саламатсызбы апа? — Жигит ордунан тура калды.

— Саламатчылык айланайын, отура бер.

— Ээ, байбиче келдиңби? Айыгаар оорунун дарыгери өзү келет дегендей, береги мейманым мени кубантып отурат. Көзүң... Көзүң кургур көрөт дейт!..

Байбичеси аны көрүп жашып, жоолугунун учу менен жашын сүрттү.

— Апа, ыйлабаңыз! Мен өзүм алып барып, дарылап айыктырамын,— деди жигит.

***

Палатанын ичи жымжырт. Жатаканалардын баары таттуу уйкунун кучагында. Жумалы түш көрүп жатып, ойгонуп кетти. Не бир айтып бүткүс жыргалдуу түш көрүп жаткан экен. Жоруй турган жанында эч ким жок. Өзгөчө ордодон чүкөнүн бирин койбой каны менен айдап чыкканычы. Кайран Жүкөм, кадимкисиндей эле турбайбы! — дешип элдин жаалап турганычы!

— Менин көзүм эми көрөт да, ооба көрөт. Операция жасабадыбы,— деп карыя өзүнчө күбүрөнүп, үмүттөнөт.

Уйкулуу көзү менен колун бетине карай алып келди. Көзү таңылуу. Өйдө турсамбы? Ээ, түгөттүкү, жаңы кепичим бар эмес беле деп ордунан ыргып туруп, керебеттин алдын сыйпалай баштады. Колуна мискей өңдөнгөн бир нерсе урунду. Оо, каран түн, бул баягы немеси тура, кепичим жоголгон го? — деп сүйлөнүп кирди.

Дабыш угулуп, эшик ачылды.

— Ээ жарыктык, эмне кылып жатасыз?

Тааныш догдурдун үнү. Турба дебеди беле?

— Ии, кепичимди издеп жатам,— деди кары.

Догдур күлүп жиберди.

— Кепичиңиз ордунда эле турат. Бирок турба дебедим беле. Көзүңүз көрүп калганда кепичиңизди, маасыңызды, кийимдериңизди бүт беребиз.

— Анда жатайын, балам. Дүнүйө жерге кирсин. Кагылайын кара көзүм жарык дүйнөнү көрсө болду! — Карыя карбаластап, кайра ордуна барып жатты.

— Мария Ивановна, бул кишиге операция жасаганыбызга канча күн болду? — деп сурады догдур ак халатчан аялдан.

— Таңгычын алууга убакыт жетип калды. Анализдеринин баары жакшы. Анын үстүнө бул ата тынымы жок, чыйрак киши көрүнөт.

Карыя тигилердин сөзүнө кулак түрүп, ууртуна жылмаюунун белгиси пайда боло түштү.

— Анда эмесе, Мария Ивановна, бул кишини жетелеп, менин бөлмөмө алып келиңизчи?

Бир аздан кийин карыяны колтуктап медсестра кирди.

— Бул жерге отуруңуз, ата.— Врач колтугунан сүйөп, карыяны орундукка олтургузду.

— Ата мени тааныйсызбы?

— Таанывбай анан.

— Көрбөсөңүз кантип?

— Үнүңдөн, баскан изиңден баамдап тааныйм, айланайын балам. Көз көрбөсө да көкүрөк кургуруң соо эмеспи.

— Мени көргүңүз келеби?

— Андай күн кайда.

— Мария Ивановна чече баштаңыз.— Ата, сиз көзүңүздү чылк жуумп туруңуз. Анан, мен ач дегенде, акырындап ачыңыз.

— Жарайт айланайын, жарайт!

Карыя калчылдап мууну бошой түштү.

— Ата, коркуп жатасызбы? — Медсестра назик сүйлөп, таңыкты чече баштады.

— Жок балам, жөн эле...

Врач ары-бери басып турду да, баарысы даяр болгон соң:

— Кана эмесе ата, көзүңүздү ачыңыз?

Чал көзүн ачты. Жок, эч нерсе көрүнбөйт. Баягы эле караңгы калыбы. Коркуп кетти. Үмүт дагы үзүлөбү!

Астапырылла, мына, мына элдир-селдир бир нерсе көрүнүп бара жатат. Ак бир нерселер маңдайында кыймылдагансыйт. Ак кийинген адамдар эми толук көрүнө баштады. Шыңгасынан келген, сулуу сымал кубакай жигит маңдайында күлүп турат. Тыягында чарчы бойлуу татына кыз. Колунда гүл.

— Ата, айыгышыңыз менен куттуктаймын! — деди кыз алгач.

— Атаң силерден айлансын! — Кызды кучактап, маңдайынан сүйдү. Андан соң көзүнүн жашын он талаа кылып, маңдайындагы жигитти кучактап алып, карыя өөп-жыттап ыйлап жатты.

— Ата, ыйлабаңыз эми.

— Атаң ыйлабайт, азыр ыйласа көзүнө ак түшпөйбү! Менин уулум өлбөптүр. Мына сен уулумсуң! Сен кызымсың!

Карыя өпкө-өпкөсүнө батпай солуктап барып басылды.

Врач карыянын колундагы гүлдестени көрсөтүп: — Бул гүлдүн өңү кандай, тигиникичи? — деп суроо берип жатты.

— Мына, айыгат деген ушул. Эми эшикте айылдан келгендер турушат, киргизели.

Бири тебетей, бири калпак кийишкен карыяга курбалдаш эки адам киришти.

— Саламатсызбы, Жуке, жакшы болуп кеттиңизби?

— Саламатчылык. Айыкканым ушул да, силерди көрүп турамын! Бириң — Иван, бириң — Иман турбайсыңарбы...

Жумалы карыя эртеси ооруканадан чыгып, айылын карай жол тартты.

Балам келет деп ар жыл сайын жайында карыя камданып врачты тосуп алат деп угуп калабыз. Эми комуздун үнү шаңдуу чыгып, баягыдай боздобойт имиш.

## «КӨКТОМПОЙ»

Карапайым, кадимки моңгол тукумундагы жылкынын бири. Өңү боз, турпаты чыгырчык. Көктомпой деген атты ошого жараша коюшкан көрүнбөйбү. Ушундан кан-

тип күлүк чыксын дешип, эл алдынан күлүктөрдү айдаарда тегеретип өткөндө далайлар мыйыгынан күлгөн экен дегенди укканбыз.

Согуш учуру... Баш көтөргөн эр азаматтар бүт кан күйгөн жакта. Жалаң аялдар, жаш балдар дегендей колхоздун чарбасы менен алек. Күндүзү сабакта, эртеликеч колхоз талаасындабыз. Ошол кездерде Октябрь майрамы болот дегенде бизде уйку жок. Ал кезде майрамды жалаң ат үстүндө өткөрүү адат болуп калган. Бригадирге жаман көрүнүп албайлык деп жумшаган жагынан жан талашып калбайбыз. Анын каарына калдык дегиче майрамда көптөн калып, жөө бастым дей бер.

«Тетекемдин терме карасы», «Сакинин аскер кызылы», «Эсенгулдун сур коёну», «Жылдызча», «Арча тору», «Абдыкенин жайык төшү», «Токилдин торусу» деп атагы чыккан жакшы аттар бар. Кимдер жакшы иштесе, майрамда ошол аттардын бирөөнө ээ болот.

Күнү-түнү ат суутуп күтүп жүргөн майрам да жетип келет. Бир күн болсо да согуштун жүрүп жатканы унутулуп, кары-жаш дебей райондун борборун карай агылышат. Майрам тосушат.

Биздин колхоздун балдары тегеректегенибиз эле Көктомпой. Ал чыгып, байге алса чоң жеңишке жеткендей жетине албай калабыз. Агылгалап, анын артынан бастырабыз. Тигил, үстүндө минип бара жаткан Исаш, чабат.

— Көктомпой бүгүн кулагын чунандатып эле жанына ат жолотпой калыптыр. Бүгүн сөзсүз чыгат,— деп бирөө айтса.

— Табына келгенде так ошентип калма адаты бар,— деп жирейт жанындагы.

Чынында Көктомпой кантип багы ачылып, күлүк болуп калды экен? Анын тарыхы да кызык. Жанагы Абыл деген адам аны арабага кошуп жүрөт. Тээтиги «Сары-Булактан» чыгып, Кочкорго чейин келгенче жанындагы ат карашалага түшөт. Ал эми Көктомпой болсо

жаңы тер чыга баштаганда, арышын тездетип, арабаны жалгыз тартып калган күндөрү болот.

Күндөрдүн биринде эки арабакеч ошо «Сары-Булактан» келе жаткан кези экен. Артта келе жаткан арабакеч:

«Ой, алдагы кулундай кибиреген боз атыңды таштап, бир чоңураак ат кошсоңчу. Аркы күрөңүңдүн жанында беркиси энесин ээрчиген кулун болуп калат экен»,— деп Абылды тамаша чегет.

Анда Абыл: — Кана эми, ошол кибиреген атка жетип ал,— деп аттарга шапалак салат. Эригип келе жаткан эки арабакеч «Боз-Бекеттен» аттардын оозун коё беришет. Арттагы арабакечтин аттары өкүм экен. Алеки саатта Абылды артка таштап, сызган бойдон кетет. Абыл аттарын текирең таскакка салып белбаскакка чыкканда берки арабакеч «Жоон-Арыкка» кирип калган экен.

Дагы бир беш-алты чакырымдай жүрүп баргандан кийин, Көктомпой кызып, жанындагы ат жинигип бара жаткандай. Аны сезе койгон Абыл, арабадан Көктомпойду чечип ала коюп, берки атты байлап:

— Жаныбарым, багың байланбасын бир сынап көрөйүн,— деп жайдак минип, баягы арабакечтин артынан чуу коёт.

— Оой, Абыл сага жин тийдиби! — деп берки адам кыйкырып кала берет.

Абылда үн жок, зып этип арабадан ашып, чапкан бойдон кетет. Арыш таштоо дегенди мына көрүп ал! Көктомпойду токтотоюн десе болбойт. Башты жерге салып, суулукту тиштеп алып, арыш керүүдө.

— Баракелде жаныбарым, мен да сага тилектешмин. Кана эмесе!..

Абыл көзүнөн аккан жашты аарчууга чамасы келбей, аттын жалына эңкее калып, кыйкырып сүрөп жатты.

Ошол чабыш менен кыйкырып, айыл аралап кире бергенде көргөндөр аң-таң калышты.

— Тиги Абыл маспы же жин уруп кеткенби? — дешет кай бирөө.

— Оой, бул бирди көргөн го дейм? — дегендер да болушту.

Колхоздун кампасына жете бергенде Абыл Көктомпойду араң дегенде токтотуп, үстүнөн ыргып түшүп, жетелеп, колхоздун кеңсасын көздөй басты.

Ал жерде айыл активдеринин бир даары, колхозчулар турган экен. Салам айтып, алик алышты.

— Ой, Абыл сен эмне, массыңбы?

— Мастан да өтүп турам.

— Эмне болду ботом?

— Акетайлар, айтсам кызык көп. Береги Көктомпойдун өнөрүн сынадым. Ошентсе да эми араң кулагынын алдынан тер чыкты. Мындан чоң күлүк чыгат. Болгондо өкүм эмес, ыраакчыл көрүнбөйбү...

Быйыл Көктомпойдун үчүнчү жыл чабылышы. Алыстан коё бергени алдына ат сала элек. Ошондо көрдүк, чуркашын. Күлүктөрдү «Орто-Токойго» чейин айдайт. Ошондо ортосу жакшы эле ыраак. Күлүктүн күлүгү чыгып келчү аралык.

Аттар келгенче деп ар кандай тамашалар башталды. Элдин салты боюнча ат үстүндөгү оюндар абдан кызык эмеспи. Балалык сезимге баары кызык көрүнөт тура. Ана, тиги жерде аркан тартыш, биерде — күрөш, арылай барсаң — эр оодарыш...

Кумардан канып, кайылсың баарына. Көгөрүп үшүп жүрсөң да, үшүдүк деп үрөйүн учурган бир бала жок. Биринен сала бири тамашага кызыгып жүрө беришет. «Бала деген баладай»,— деп коёт эмеспи элибизде. Ой токтотуп, көз көрүп улам бир «эл дүрбөгөн» тамашаны көрөбүз деп жүрүп, өзүбүздөн улуу кишилер турган жердин артынан келебиз. Таң-тамашанын кызыгына баткан чоңдор бизге да көңүл буруп коюшпайт. Бирок эртеден бери келип каз-катар тизилип турган аттардын катарына кириш кайда? Солп-солп теминип, итерилип атка кам-

чы салган болуп анан ээндете жолдошторуң менен артка тартасың, аттын башы бата турган жер издейбиз.

Сүйлөшүп турабыз, четте чемичке чагып. Бир маалда эл баягы топтошуп турган жеринен дүрбүп калат.

— Күлүктөр келатат! — деген үндөр угулат.

Эл дарбыганда балдар башка жакты карайбызбы. Дүбүрөгөнүбүз-дүбүрөгөн. Тээ, алыстан чымын-куюн болуп келе жаткан күлүктөр. Баары эле алыстан бири-биринен айырмасы жок. Күлүктөрдөн көздөр өтөт. Тилектер кош кабат. Ошондо саяпкерлер кантип чыдарын ким билсин? Биздин көздөр талып, Көктомпой чыгып келсе экен дегенде көзүбүз төрт.

— Келе сүйүнчү, Көктомпой чыгып келатат! — деп кыйкырабыз.

— Айланайын Ак дөбө! — деген үн да анын кулагына угулгансыйт.

Төрт аягын тең таштап, түндүк бою түйүлүп көз мерчемине жете бергенде бир ат тай чабымдай алыста ичипжеп кирип келе жатат.

«Куу, жаныбар буудан эмес бекен!..»

«Оо, биздин ат, биздин ат, байкеси!..»

«Баракелде, кимдин аты болсо да аткан октой сызып келет!» — деген кыйкырыктар туш-туштан жаңырат.

Коңкогой мурун ызакор жигит атынын тизгинин кагып, четке ыктады. Ал элдин сөзүнө көңүл буруп турган менен көзү күлүктөрдө эле. Баягы «аткан октой» сызып өткөн биздин колхоздун күлүгү Көктомпой экен.

Артынан удаа «Ч» колхозунун мааникери келе жаткан экен, жаныбар. Экинчи болуп, элдин алдына келгенде ошол замат мүрт кетти. Көрсө көк боору жарылып кеткен тура. Андан соң убай-чубай күлүктөр кирип келишти.

Тамашаны башкарып турган райондун өкүлү Исашты чакырды. Көктомпойду таптаган ээси күлүктүн чекесинен өптү да, башкага жетелетти. Ошондо бир ыраазы болдук, Көктомпойдун чыгышына.

Андан кийинки жылы да айлантмага салгандагысын айтсак, мындан кызык...

Отуз чакты үртүктөлгөн күлүк эл алдынан өттү. Ошонун арасында Көктомпой. Башка күлүктөргө салыштырганда, кунандан айырмасы аз. Бир нече чакырымга созулган колхоз талаасына айлантмага күлүктөр коё берилди.

Жебедей сызган күлүктөрдүн алды тай чабым жерге жетип калды. Биздин тилек тилеп турган күлүгүбүз — Көктомпой эң артынан биринчи болуп жүрүп алса болобу. Эң алды кеткен жээрде кашка чалыш айланып жеткени аз калды. Жарданып турган элдин алдына биринчи келе жаткан күлүк жете бергенде, эл куу-куулашып сүрөп кетишти. Ал ат сүрөөн көтөрө албайт экен, арыш ташташы начарлап, артынан удаалаш келе жаткан үч күлүккө бастырып жиберди.

Баракелде! Мына сүрөөн көтөрүш деген! Көктомпой алдыдагы алты күлүктү басып өттү. Экинчи айланма. Жана эки атты таштады. Элдин алдына келгенде чаап келе жаткан Исаш да эргип кетти көрүнөт. Башындагы калпагын элди карай ыргытты. Дагы далай күлүк Көктомпойдун даңканында калды.

Тулпардын арыш керишине тургандар бир чети ыраазылык, бир чети канааттануу менен жардана карап турушту. Акыркы айланма калган учурда Көктомпой алдыда бара жаткан эки атты басып өтүп, чымын-куюн болуп, көзгө илээшпей кетти да, эми жеткиргиси жоктой.

Адегенде артта калган Көктомпой эми биринчи болуп марага жетти.

«Ээй, акебай, эми жаңы кызыса керек, аяк ташташын кара!»

«Дагы беш айлантса да кебеле турган эмес, табында экен, жаныбар!» — дешип, эл дуу-дуу.

Көктомпой көп чабылып, көп байге алды. Жакшы күлүк эле. Акыры карылыгы жеткенде, Жеңиштин ка-

бары угулду. Ошондо тойго союлду. Күлүктүн союлганын укканда ичи ачышкандар көп болду.

## АК САРГЫЛ КЫЗ

Аккан суунун тентек шарын телмире тиктеген жаш жигит ойлуу ордунан турду.

Ооба, суусуз адам жашай албайт. Бирок суу албууттанып кирген кезде кишинин өмүрүн сая кылып кеткени жаман. Жигит ар түркүн ойлорду санап, өткөн кездери, Сонунбүбүнүн кыял-жоруктары көз алдына тартылды...

...Медициналык институттун студенттери бир ай чамасы «Ак-Сай» өрөөнүндөгү малчыларга мал короо салып, анан бир айлык каникулга тарашкан. Садыр менен Нурбек да өз айлына келишкен. «Жагымдуу аба жутуп, жайлоого чыгып эс алып келсеңчи уулум!» — деген ата-эненин сөзүн укса да Нурбектин эч жакка кеткиси жок. Анын эс — акылын айылдагы ак саргыл кыздын элеси бийлеп алды. Кыз ушул жайда медициналык окуу жайынын экинчи курсунан үчүнчү курсуна өткөн. Жаштыгынанбы же адатыбы, улуураак же чала таанышыраак киши менен сүйлөшкөндө бутунун башын тиктеп, колунун манжаларын кырсылдатып, уяла түшкөндө ак саргыл бетин тамылжыган нур чалар эле.

Нурбек менен Сонунбүбү бир айылда чоңойгону менен мурун бирин бири таназар алышкан эмес. Анткени, бири бойго жетип келе жаткан бийкеч, экинчиси эр жетип калган жаш улан болгон соң сырттарынан гана «көзөмөлдөшчү». Нурбектин оюу кыз менен таанышып алуу болуп калды.

Аракет кылган иш адамдан алыстай алабы. Күндөрдүн биринде Нурбек бир жолдошу менен суу жээгинен келе жатышканда Сонунбүбү каршы алдыларынан жолукту. Озунуп жигиттер салам беришти. Кыз күтпөгөн

жерден бейтааныш жигиттердин саламына териге түшсө да шек алдырбай, жүзүн албыртып, кол алышты. Шаар маданиятынын шарты боюнча аттарын да атап жибериштти. Ошол күндөн баштап Нурбек оңтоюн таап Сонунбүбү менен учурашып, кээде тамаша сөздөн да жылдыра коюп жүрдү. Көздөрү чагылыша түшүп, сүйүү учкундарын көкүрөккө ширеп кеткенсип, Нурбекти шаштырат. Кантип ал сырын ачат? Жаштык жалындап, жигиттин жүрөгү азоо тайдай туйласа да ички сырын айтууга күчү жетпейт.

Акыркы күндөрдө Нурбек отуруп алып ыр чыгаруучу болду.

«Сырың бардай кылчактап,
Сынашың мени табышмак.
Сыртыңдан дайым жактырып,
Сыр айта албай жүргөн чак»,— деп.

Бул өңдөнгөн куплеттер көп жазылса да Сонунбүбүгө жетпей, тытылып калып жүрдү. Себеби Нурбек өзү канааттанбайт, ал ырлар Сонунбүбүнүн жүрөгүн ойготуп, жигиттин сүйүүсүн түшүндүрө албоочудай сезилет. Желе тартып жетелешип, күн артынан күндөр чубап, каникул да өтүп кетти. Нурбек айылда жүргөндө кыз менен жакшылап тааныша албады. Жолдошу Садыр менен кеңешип, Фрунзеге барганда көрөбүз деп, көздөгөн максаттарын келерки мезгилден күтүп калышты.

***

Жаңы окуу жылы башталганда жаштар шаарды көркүнө чыгарышып, каз катар басышат. Өзгөчө эртең окуу башталат деген күнү студенттер көчө беришпей, театр, кино, парктарда эл көп. Ар кайсы жерлерде жолугушуп, бири-бири менен учурашып, сагынышкан черлерин жазып жүрүшкөн тааныштар.

Садыр менен Нурбек өткөн жылдагы турушкан үйүр

алган үйлөрүнө кайра келип жайланышты. Үйдүн ээси жашы элүүлөргө барып калган Грунья аттуу жоош аял. Ал жан алы — калбай тигил экөөнү тосуп алды.

Жол келгенине карабастан Садыр менен Нурбек көчөгө чыгууга камынышты. Чемоданда жатып, бырышы токсон-тогуз болуп калган шым-көйнөктөрүн шапа-шупа үтүктөп, шаарды карай чыгышты да, түз эле медициналык окуу жайынын жатаканасына жете келишти. Бул экөөнөн башка бак-бактын түбүн бербей котологон жаштар көп. Мурун келип көрүшпөгөндүктөн: «Сен чакыртмен чакырт» болуп, көпкө туруп калышты. Сомодой болуп эки жигит ээрчишип, бейтааныш бир кызды «чакырып коюңузчу?» — деп айтууга деги оңой менен дит барабы.

Кыйналып-кысталып жатып акыры кызды чакыртып алышты. Ай сени деп барышканы менен Сонунбүбү чыкканда эки жигит анча-мынча апкаарый түшүп, акырындап өзүлөрүн токтотту. Алда качантан бери алдастатып, сүйүүнүн бирөөгө көрүнбөгөн ичке жиби менен жигитти имере тарткан ак саргыл кыз алдыларына келбедиби. «Кана, эркек тана, көңүлдөгү оюңду төгүп, ар жакта катылган сырың болсо айтып кал»,— дегенсип ички сезим өпкөнү өрөпкүтөт. Албетте ал кечте аркыберки гана сөздөр козголуп, жай сурашып жатакананын жанынан кайтууга туура келди. Бир көрүп ал жайды сурашканда эле аржагындагыны айтып салуу анык дардестик эмеспи. Ансыз да экөөнүн жаштыгы үн-сөзсүз үмүт күтүп сүйлөшүп тургандыгы бири-бирине байкалды.

Билинбей убакыттар артка ташталды. Сүйлөшсө сөз канбаган, жанаша отурушуп жаштыктын мээримине сүйөнүшсө дене талбаган сүйүү мезгилдери доорон сүрдү. Адегенде кыз кыялын салып билинбей жүргөн менен ысыкка таш деле эрийт тура. Сонунбүбүнүн сүйүүсү да өзгөчө. Нурбек оор басырыктуу жигит болгондуктан, көптү көргөн эмедей болуп, башкаларга кеңеш айтар эле.

Мурунку кездерде эртең дем алыш дегенде гана кездешишип, анан кино-театрларга жөнөшөр эле. Бара-бара Нурбек менен Садыр бош болгондо эле эки кыздын жатаканасын карай жөнөшөт. Баягыдай сабактан бошогондо Чернышевский китепканасын карай жөнөшчү күн жок. Башта бири мурун, бири кийин келгенде: «Мен Чернышевкага кеттим»,— деген записканын ордуна, «Мен С. Б. га кеттим» — деп жазылып калат.

Түнүндө уктаар алдында Садыр менен Нурбек бир топко сүйлөшүп алышат. Качан гана оозгу үйдөн: «Ээ жентельмендер, эртең сабагыңардан кечигип жүрбөгүлө!» — деген кожейкенин үнү угулганда гана айласыздан уйкуга баш коюшат. Кээде кожейке: «Ушул экөөң ушинтип жүрүп, курстан көчпөй калбагыла»,— деп да тынчсызданат. Анда тигил экөө жарыша. «Жок, биз баарын бирдей алып жүрөбүз. Башкы милдетибиз — окуу», — деп жандарын сабашат.

Сонунбүбү менен Нурбектин ынтымактары өсүп, жаштык, сүйүүлөрү өз учуру менен өтүп жатты. Садыр Сонунбүбүнүн теңтуш кызы — Бегайым менен таанышып, жолдош катары жүрүшүп, бара-бара аларда да сүйүү учкундары пайда болду. Ал төртөө дем алыш күндөрүндө бирге болушуп, болгон сырды, кайгысыбы же кубанычыбы ортого салышар эле. Бардыгынын келечек кесиптери медик болгон соң, кечкурун аудиторияларда отуруп, эртеңки сабакты бирге даярдашат. Анын ортосунда эс ала калышып, келечек жөнүндө кеп козгошот. Баарысынын алдында сонун келечек күтүп тургандай сезилет. Алар алдыга карай шашат. Окуубузду бүтсөк кесибибизди элге жумшасак дегенде жүрөктөрү элеп-желеп. Бирде туруп турмуш курушуп, үй-бүлө болуп калчудай көрүнөт. Ал эми алдыларында эмне күтүп турду экен, аны менен эсептешпейт. Жакшынакай үмүттөр көз алдыларына элестейт да турат. Кээ күндөрү бак ичиндеги скамейкаларга келишкенде эки-экиден бөлүнүп олтуруп алышып, жаштык, сүйүү ыракаттарына батышып, бир-

бирине ысык сезимдерин тартуулашат. Жаштык кезек кандай гана кымбат! Айрыкча айырмаланып турган — биринчи сүйүүчү!

...Жалбырак учуп түшүп, бак-дарактар саргайып бара жаткан кеч күздүн жылдыздуу түнү. Асманда ай жарты болсо да, айлана жарык жылдыздар ага кубат кошуп, көзүн ымдагансыйт. Нурбек менен Сонунбүбү аллеяда коюлган отургучтун караңгыраак жерине келип отурушту. Садыр менен Бегайым башка орунду ээлешти. Алардын ээндеп олтургусу келет. Экөө гана болсо, эч ким тоскоол кылбаса...

Аттиң, ушундай учурда убакыт неге тар. Жылдыздуу түндө сыр чечишип олтуруп, Нурбек Сонунбүбүнүн анда-санда жөтөлүп калганын байкады. Бирок Сонунбүбү билгизбөөгө тырышат. Медик эмеспи, Нурбек шекший баштады.

Кургак учукпу? Ага жөтөлү көп окшобойт. Сонунбүбүгө шек алдырбастан тырмактарынын түзүлүшүн карайт. Манжаларына көз жүгүртөт. Кургак учук менен ооруган айрым адамдардын манжаларынын учу барабандын таякчасына окшоп, тырмактары сааттын айнегиндей дөмпөйүп калат. Андай белгилер Сонунбүбүдө билинбейт. Акыры анын өзүнөн суроого туура келди. Ал жигиттин шекшигенин сезди: «Чочубай эле коюңуз, кургак учук эмес, бронхоэктазия менен ооруп, айыккамын»,— деп эскертип өттү Сонунбүбү.

Нурбек ыңгайсыздана түшүп, сөзүнүн аягына чыкпай мукактана түштү. Аңгыча Садыр менен Бегайымдар да келип калышты, кайтууга убакыт болгондугун билдиришти. Жаштардын оюна койсо, отуруша эле бере турган. Бирок саат 12 ден кийин кыздарды жатаканага киргизбей коймосу да бар да. Кээде туруп: «Ой, жанагы эшик тоскон абышка да бир кезде жаш болгондур»,— дешсе, бирөө: «Анык, жаш кезинде боз үй болгон. Боз үйдүн эшигин ким тосмок эле! Ошол үчүн башынан эшикте зарылып туруу өткөн эмес да»,— дешип, күлүп калышат.

***

«Жүгүргөн албайт, буюрган алат»,— дегендей, күндөрдүн биринде Нурбек менен Садыр институттан кайтып бара жатышканда Бегайым тосуп турган экен. Анын өңү купкуу болуп, көзү ыйлаган сыяктуу шишимек тарткан.

— Сизге жол болсун! — дешип тигил экөө учурашышты. Бегайым сөзгө келбей: — Сонунбүбүнү! — деп ыйлап жибергенде, тигил экөө бир жаман нерсенин шекшыбасын сезгендей селдее калышты. — Бегайым, эмне болду, жөн айтчы,— деп Садыр аны сооротту. — Сонунбүбүнү түндө ала качып кетишиптир,— деди. Нурбектин көзү ымыр-чымыр болуп, дени сууй түштү.

— Кайда, ким экен? — Садыр да кооптонуп, ачуусу келип, Бегайымга тигилди.

— Көлдүк жигит, быйыл айыл чарба институтуна өтүп, жарым жылдан кийин окубай калыптыр, таякелери деп уктум.

Нурбек ошол күндөн тартып көңүлсүз жүрдү. Ал Сонунбүбүнүн таштап кетпесине көзү жетти. Аны кайра келет деп күттү. Арадан 3—4 күн өткөндөн кийин Сонунбүбү кайра келди деген кабарды угуп, жатаканасына келди. Бирок баягы Сонунбүбү жок. Көз жашына күчүн чыгарат деле, жакшылап сүйлөшүүгө чамасы келбейт.

Акырында гана: «Тагдыр ушул Нурбек, мен эми башка биреөнүкү болуп калдым»,— дегенге араң жарады. Нурбек ага тигиле карап, моюн бербейт: «Кой Сонун, сен эскиден калган жаман жорукка моюн сунбагын. Биреөнүн босогосун аттаган соң дейсиң, аны ташта, мына эми экөөбүз тең окуубузду аяктайбыз да алыскы райондордун бирине кетип калабыз»,— дейт. «Жок Нурбек, мен анте албай калдым. Ушул арадан өткөн төрт күн мага төрт жылдай көрүндү. Күн-түн уйку жок, чексиз санаанын көлүндө кайыгы жок калкыдым. Барган үйгө моюн бербей, жоолугун ыргытып кетүүгө камындым. Барганы тамак ичпедим. Акыры эсим оол калыптыр. Бир кезде

элес-булас көзүмдү ачсам маңдайымда жалынып-жалбарып апам отурат. Түшүмбү же өңүмбү деп көзүмдү ачсам, чын эле апам. Эрэркеп, эмне айтаарымды билбей өксүп-өксүп жибердим, баары бир апам мен үчүн эмес, өз кызыкчылыгы үчүн келиптир. Көрсө, мени ошол инисине алып берүү жөнүндө мурда эле макулдашкан экен. Буркурап, боздоп ыйласам да апам болбоду, алыс эмес, ары таякең дегендерди айтты. Мен болбодум. Акыры ачууланып: «Топурагымды түйүп беремин, балалыгыңдан кечип коёмун»,— десе болобу. Ошол. Эми экөөбүз кечиктик!

Сонунбүбү мындан башка сөз айтууга чамасы келбеди. Ар жактан бизди карай баскан кара тору жигитти көздөй шашылды. Жанагы ала качып кеткен жигити ошол көрүнөт. Нурбектин ачуусу келип, барып аны басып жыгылгысы келди. «Ачуу душман, акыл дос, билектин күчүн колдонуп эмне»,— деп ички сезим айтып тургансыды. Эми болбостур, ачуу ызасы көңүлдү бийлеген жигит ордунан шарт бурулду да башын жерге салып тротуарда бара жатты. Өз сезимин өзгөлөрдөн артык көргөн адамдар экөөнүн ушул сарсанааларын сезген эместир.

...Эртең менен ооруларды бир сыйра карап чыгып, жаңыдан эле оорулуулардын тарыхын жазып олтурган жаш врачты башкы врач чакыртып жиберген экен. Мойнуна илген фонендоскобун алып, халатын чечип, гардеробго илди да шашылыш башкы врачтын кабинетине кирип келди. Анда эл көп экен.

— Жолдош Калиев, береги медсестра бүгүндөн баштап жугуштуу ооруулар жатуучу бөлмөдө иштейт. Таанышып алгыла,— деди. Ал жалт бурулуп караганда баягыдай бети албырган ак саргыл кыз көзүнө уруна түштү.

— Сонунбүбү!

— Нурбек!

Эл көп болгондуктанбы, экөө бирин-бири таанышса да кайдыгер гана бейтааныштай учурашышты. Нурбек-

гин көз алдына баягы кезинен аз гана арыктаган, бирок кадимкидей калыбынан өзгөрбөгөн ак саргыл кыз турду. Ооба, ошонун өзү.

Иш өз орду менен жүрүп жатты. Бирок студенттик кездеги бир окуя Нурбекти тынчсыздандырат. Өткөндү эске салып, сезимин кытыгылайт. Садыр менен Бегайым эки балалуу болушту. Сонунбүбү да бир кыздуу болуптур. Сүйбөй баргандын иши ошол да — алган жары менен ажырашып келди. Нурбекчи? Алигиче өзүнүн коллегалары тамаша кылгандай «өнөкөт бойдок». Сонунбүбү күнөөлүү немедей сөз катпайт. Качан гана Нурбек: «Тигил оорулууга камполон сайылдыбы, каны анализге берилдиби, заарасынын өңү кандай?» — деп сураганда гана тиешелүү жооп кайтарат. Болбосо ашык сүйлөп жиберчүдөй, унчукпайт.

Палатага оорулардын үстүнө киргенде шаңкылдаган күлкүсү, оорулуулардын көңүлүн көтөрө сүйлөгөн сөздөрү Нурбектин кулагына угулуп турат. Ошол күлкү бир жылдарда Нурбектин көңүлүн да көтөрүүчү эмес беле. Ал эмес так ошол жылдары өзүнүн бир классташ курбусу менен ошол күлкүгө куштар болуп Сонунбүбүнү талашкады беле. Андагы жеңиш Нурбектики болгон. Экинчиде жеңиш башка бирөөнүкү болду, ал Сонунбүбүнү алаксытып, турмуштун бир жолу менен алып кетти.

Ошентип, Сонунбүбү менен Нурбек бир ооруканада иштеп калышты. «Кийимдин жаңысы, жолдоштун эскиси жакшы»,— дегендей Нурбек менен Сонунбүбү бирибирине жакшы көрүнүшөт. Акыры ынтымактын ичке жиби билинбей экөөнү кайра табыштырды. Бирок, кызмат кызмат жолу менен болот да, алты айлык адистештирүүгө путевка келип, Нурбек Ленинградга жөнөп кетти...

***

...Жаңыдан дежурлук милдетин бүтүп, палатадан чыгып келе жаткан Сонунбүбүнү телефондун шыңгыраган үнү токтотту.

— Алло, медсестра угуп жатат. Совхозго... дифтерия... сыворотка... Жарайт.

Сонунбүбү шашылыш чыкты да санэпидстанциядан сыворотка алып, жөнөп кетти...

Демейде тынымсыз жүрүп жаткан машиналар көрүнбөйт. Эмне кылуу керек? Баланын абалы кыйын дедиби. Дифтерияга каршы колдонулуучу сывороткаин бат жеткирбесе болбойт. Ал жөө жөнөдү.

Көпүрө аркылуу барганда жол алыс. Эки сааттан ашык убакыт кетет. Тобокел, сууну эле кечүү керек. Анда коркуу деген болгон жок. Өз өмүрү жөнүндө эмес, ага дем ала албай кыйналып жаткан жаш бала, үйрүлүп үстүнө түшүп, эмне жардам берерин билбей жан алакетке түшүп жаткан эне элестеп жатты.

Шашып жүргөндүктөн кечүүнүн кай жерде экенин элес албады. Өтүгүн колтугуна кысып, аптечканы жогору кармап, суунун шарын кесип бара жаткан. Кырсыкты кайдан деп болжоого болобу. Заматта суу кекиртегине чыга түштү да аялды ала салдырып, агыны менен алып кетти. Анын кыйкырууга чамасы келген жок. Тээтиги «Арсы» тараптан келе жаткан атчан адам, сууга кирип жок болгон караанды көрүп, чаап жетти. Бирок эч нерсе билинбейт. Жээк бойлоп отуруп, айлампада айланып калган жоолукту тапты.

Аңгыча токойдо уй кайтарып жүргөн бадачы да жетип келди. Экөөлөп жүрүп колуна аптечканы карыштыра кармаган аялды алып чыгышты. Башын ылдый каратып жаткырышты. Бирок жүрөк эчак согуудан калган эле... Ал бирөөнү өлүмдөн сактоо үчүн баратпады беле!

Мына ошол суу... Ал жигит менен кыздын сырын кайдан билсин! Тилсиз, жылып ага бермекчи. Бир сүйүүнү өзү менен кошо ала кеткенине кайыл...

## ӨҢҮН ӨРТ ӨЧҮРГӨН КИШИ

Ал жылы апам чоң энемди, бизди — балдарын алып, саанчы болуп тоого көчүп чыкты. «Музоочук муңдур-

байт»,— дегендей кол арага жарап калганбыз. Эртели-кеч уй айдап, музоо көздөп, уйдун музоосун салып ийитип бергенге жарайбыз. Чоң энем үйдүн куту, баарыбызга баш-көз болуп канаттууга кактырбайт. Апам сүттү көп саап алса дегенде эки көзүбүз төрт. Көбүнчө оюнга алаксысак дагы, уй саалаар маалда көңүлүбүз, көзүбүз — апам уй сааган чакада. Ошол бат эле толсо экен деп, сүттүн көбүгү баржактап чакадан аша бергенде алмак-салмак көтөрүп чакага куюп берип турмай.

Согуштун учуру эле анда да. Болбосо балтыр эти ката элек балдардын башына андай эмгек мүшкүлү түшөт эле?

«Эч нерсе эмес, батаар күндүн атаар таңы болот, балдарым. Согуш басылса атаңар, агаларыңар келет. Белди бек байлап, топук тилеп, эстүү жүргүлө!» — деп чоң энем күнүгө акыл-насаатын айтып калат. Күндөрдүн биринде бир айылдын балдары чогулуп энелерден суранып алып, ышкын терүүгө жөнөдүк. «Кургак үкөк» деген бөксө жайлоодобуз. Ышкын тере турган жерибиз «Айбала» деген жайлоонун төрүндө — так эле ашуунун түбүндө. Ал ашууну ашса ар жагы — «Баш-Бүлөтү», «Сүттү-Булак» деген жайлоолор. Чоң кишилердин: «Атакөрү, ошол жакта кийик тим эле койдой жайылат»,— деген сөздөрүн кулагыбыз чалып калчу. Биз дагы ошолорду көрөбүз деген көңүлүбүз элеп-желеп...

Тамак-ашыбызды чаначка куйганыбыз чаначка, түйүнчөккө орогону түйүнчөккө, айтор ар бир бала, ар бир кыз колубуздан келгенин алып, жол тарттык.

Капчыгай өрдөп, өйдөлөп кетип бар жатабыз. Бардыгыбыздын көңүлүбүз көтөрүңкү. Жол бою жыпар жытын аңкыткан гүлдөр. Түркүн куштар. Не бир кооз канаттарын сермеп, татынакай гүлдөргө коно калып жаткан кооз калдыркандар, ар түрдүү түстөгү көпөлөктөр. Бадалдардын бардык түрү баш ыргап, айрымдарынын татына мөмөлөрү көз жоосун алат.

Эч нерсе капарыбызда жок кетип бара жатканыбыз-

да, Бакы деген бала: — Баса балдар, сак бололу, эсимден чыгып кеткен тура,— дебеспи.

Эмне болуп кетти дегендей баарыбыз тең кулак түрүп, элее түштүк.

— Колхоздун кара букасын ушул жакка айдап жибериптир дешпеди беле? — деди ал.

Канттик эми дегендей, бир-бирибизди карап калыппыз.

— Ой, андан эмне коркосуңар. Ибрай аксакал ага мурунтук тагып, анан аркан сүйрөтүп коё берген,— деди четтеги турган Совет.

— Андай болсо эмнеге турдук. Кеттик! — Балдар бири-бирине кайрат бергендей жабыла кыйкырып, жолго түшүштү. Бирок мурункудай шаңдуу күлкү, шатырашатман сөздөр өксүй түшкөнсүдү. Себеби кара буканын кирип турган кези болучу. Кечкурун уйлар бададан кайтканда кошо келет. Уй сааган аялдарга тийбейт. Эркек аттууну көрсө эле качырат. Же болбосо, бир боз үйдөн алардын үнү угулса болду, жер челип, боз үйдү качырата жөөлөп туруп алмасы бар. Ошондуктан балдарда кара бука барда күн жок. Бадачы Ибрай аксакал барда гана ошого баш ийет. Себеби ал киши камап туруп эртең мененге чейин мурунтугунан жетелеп барып, айылдын четиндеги чоң мамыга байлап, таң азандан жетелеп барып жайытка коё берип, кайра келээр эле...

Кызыл кумдагы ышкындуу бетке жеткенде, балдардын эсинен бука чыгып кетти белем! Ар ким өз бетинче ышкын терүүгө киришишти. Ал жерде ышкын тим эле айдап койгондой, дал сонун маалы болуп турган кез эле. Мен өзүмчө бөлүнүп, улам арылап, коргул таштуу жерге кирип кеттим. Бир маалда:

— И, жигит чоңойдуңбу? — деген үндөн селт этип, чочуп кеттим. Терип алган ышкындарым колуман ыргып кете жаздады. Үн-сөз жок, селейип калыптырмын.

— Коркпой эле кой, сен Калыянын (чоң энемдин аты) балдарынансың го ээ?

Энемдин атын укканда коркпой, кайра ага эркелегендей карадым да:

— Ооба,— деп үнүмдү чыгара сүйлөдүм.

— Азаматсың, мен деле ошол энеңдин туугандарынан, сага чоң таяке боломун. Эми гана ал адамдын сырткы көрүнүшүнө көз жүгүрттүм. Өзү жаш көрүнгөнү менен бети-башын бүт сакал басып, өңү азыңкы. Мергенчи го дейин десем мылтыгы деле көрүнбөйт.

— «Таанybasты сыйлабас» деген ушул. Чочуркап турат көрүнөсүң, бара кой, балдардан калып калдың. Баса, чоң энеңе айтып кой, эртең кеч курун мен силердин айлыңарга конокко барамын. Биздин айыл тигил «Сүттү-Булакта». Кой жоготуп, издеп чыктым эле, кош эми,— деп алиги адам бастыра берди.

Мен балдарды карагыча, ал киши көздөн кайым болуптур. Тигилер өтө эле узап кеткендиктен, ышкынымды колтуктап алып, «чу койдум»...

Эртеси күүгүм талаш тоодой бир караан шып деп кирип келди. Ал кезде электр деген кайда. Жетинчи чырак үлпүлдөп араң күйүп, үйдүн ичиндегилерди бирбирине даана көрсөтпөйт.

— Аман-эсенсиңерби?

— Эсенчилик, ботом сен кимсиң? — деп тура калды апам.

— Ээ, мен эле,— Калыя эже.

— Аты-жөнүңдү айтпайсыңбы?

— Тиги «Көк-Жардагы» Табалды дегендин баласымын.

— Ээ ботом, сени армияда дебеди беле. — Чоң энемдин үнүнөн чочугандай дабыш чыкты. Коломтодогу сүт бышырып жаткан чоң казанды тегеректеген үч бала, апам болуп үрпөңдөп, кулак түрүп калдык.

— Келгениме көп болду. Ооруң бар, жарабайсың дешип аскерден бошоткон. Эки-үч айча болуп калды.

— Эне-атаңа ырас болуп, жыргап калышкан тура.

Ээ балам, эсибиз ооп отуруп калган турбайбызбы, жогору өт.

Чоң энем төр жактан обдулуп, апам жүктөн көлдөлөң алып «мейманга» салды. Биз дүрбөп чыгдан жактагы капшытка карай ыктадык. Үнөмдөп жакканына карабай, апам араң үлпүлдөп жанган чырактын билигин жогорулатты.

Биз бир чыныдан сүт ууртадык да, апам салып берген төшөгүбүзгө баш койдук. «Мейман», чоң энем, апамдар качан жатканын билбейбиз. Көзүбүз илинип бара жатканда ар кайсы сөздөрдү кобурашып, «Кызыл армия», «фронт»,— деген сыяктуу сөздөрдү кулагым чалган эле. Эртең менен ойгонгондо «мейман» жок экен. Тамагыбызды ичип алып, күндөлүк милдетти аткарууга тарап кеттик.

Бир күнү кечинде жанаша жашаган айылдын балдары менен ак чөлмөк, дүмпүлдөк ойноп, түндүн бир маалында тарадык. Биздин айылдан агайым Абыл экөөбүз эле экенбиз. Ай сүттөй жарык. Ошентсе да бала эмеспизби, элеңдеп коркуп келе жатабыз. Агайым менден улуулук кылганыбы же мени коркпосун дегениби, кыңылдап ырдамыш болуп калат. Экөөбүз тең жылаңайлакпыз. Шашып-бушуп келе жатканда бутту ташка уруп алып, сыздаганына кайыл болуп, айылга тезирээк жетүүгө ашыгабыз.

Үйгө жетээрибизге бир аз калганда, саанчыларга деп колхоз жеткирген керосин май куюучу чоң темир челек туруучу туштан жылт эткен от жана түшүп, анан чоң жалынга айланып, аны менен катар жанталаша кыйкырган адамдын үнү айлананы жаңыртты. Шумдукту көз көрбөсүн! Күйгөн жалындын ортосунан эки колу менен алоолонгон өрттөн жантайлап, бети-башын басып алып, кайда бararын билбей, жан алакетке түшүп жаткан адамдын сөлөкөтү көзгө уруна калды. Чуркап жеттик. Бирок мурун мындайды көзүбүз көрбөгөн биз, оозубузду ачып, акыйып туруп калсак болобу!

Аңгыча, көйнөк-дамбалчан бирөө жаныбыздан өтүп, тээ чоң сайды карай жалбырттап күйүп чуркап бара жаткан жанагы өрт чалган адамды басып жыгылды. Эми эсибизге келген биз да чуркап жеттик.

— Келе айланайын, бирөөң күрмөңдү чеч!..

Абыл агай буйдалбастан күрмөсүн бере койду.

— Колун кармагыла, колун! — Жанталашып жаткан кишинин эки колуна Абыл агай экөөбүз жармашып, тырмышып жатып алдык. Көйнөк-дамбалчан киши жабышып жатып алдындагы кишинин күйүп жаткан бети-башын күрмө менен думбалап салды. Күйүк чалып жаткан адамдын дымы чыкпай калды.

— Кийимин акырын чечип жибергиле! — деди бизге кайрылып.

Карасак, бизге буйрук берип жаткан Ибрай аксакал экен. Ал тиги киши тура качпасын дегендей кылып улам бир жагын ыктай басып, бир жагын коомайлантып, шырмалын, көйнөгүн чечүүгө жардамдашты. Антипминткенче айыл-ападагылар чогула калышты. Чогулгандардын арасында:

— Эмне балаа болуп кетти? — деген эле күбүр-шыбыр.

Бир маалда күйгөн адам эс ала түштү көрүнөт, кыркыраган үнүн араң чыгарып: «Суу, суу!» — дегенге жарады. Четте турган шыңга бойлуу саанчы келин үйдү карай чуркады.

— Тазараак даки же ак чүпүрөк, анан бал каймак ала келгиле. Доктурга жеткенче күйгөн жерин таңа туралы,— деди Ибрай карыя.

— Ээ жарыктык, бул жерден кантип таңабыз, алып барып жарыкка таңалы,— деди эле Күлбайра, ал жерде тургандардын баары анын сөзүн туура дешти.

Туш-тушунан этиеттеп жабыла көтөрүп, четтеги Ибрай аксакалдын үйүнө жеткирдик. Жарыкка салып карасак, ким экени билинбейт. Ышкынга барганда көзүмө чалдыккан кызыл булгаары жылдызы бар курун көрө

коюп: «Бая күнү биздикине келген мейман окшойт»,— деп Абыл агайга шыбырадым.

— Ооба, ошонун өзү,— деп агайым да чочуп кетти.

Чоң кишилер ошол жерде анын күйгөн жери менен алек болуп жатышты. Уйкубуз келип, курсагыбыз ачып турган агайым экөөбүз үйдү карай шарт койдук.

Согуш басылды. Окуп, өсүп бойго жеттик. Мен ал кишини кийинки учурларда көп эле жерден жолуктуруп жүрөмүн. Ал кезде балалык менен байкабай калыптырбыз. Көрсө, армиядан качып келип, тоо-таштын арасында жашырынып жүргөндө бизге жолуккан экен. Көп жүрүп, курсагы ачып, жедеп айласы кеткенде биздин үйгө келген көрүнөт. Кебетеси ошол келгенде керосин майдын турган жерин баамдап алган тура. Ал мекенди коргоодон качып-безип жүргөндө «уурунун чөнтөгү күйөт» дегендей, анын да бети күйүп, кырсыкка учурап ооруканага жеткирилген экен.

## ӨКҮНҮЧ

Биз менен маектешип отурган жигит ушул колхоздун механизаторлорунун бири экен. «Азыр эле эгин оруп-жыюудан кайттык. Атам оорулуу эле. Чакыртып жиберишиптир. Жарыктык, мен жоктон пайдаланып, энемди ээрчитип Сан-Ташта бир табып бар экен, сыныктан тартып бардык ооруга аттанып түшөт деген сөздү угуп, барып келишкен экен. Мобу бөтөлкөсүнө бир аралашма куюп бериптир. Үч күн ичкенден кийин үйдөн чыга албай калыптыр. Келсем шайы жок. Аныкы — биздин райондун врачтарынын койгон диагнозу эле экен. Эми врачтардын баарынын эмгегин талаага кетирип отурбайбы. Аай, деги ушул табып, тамырчы дегендерден качан кутулар экенбиз». Жигит кейип-кепчип сөзүн улантты.

«Турмуш жетиштүү. Айыл сайын врачтан кем эмес-

пиз. Иштеп жүргөн жерине чейин барат. Үй-бүлөңдү үзбөй келип көрүп, эмдеген уколун да аттырып кетишет...» Сөз учугу чубала берип, согуштан кийинки бир агасынын молдодон тарткан азабына токтолду. Ошондо эле атасынын молдого берип жүрүп эле тажап бүткөнүн, агасынын кыйналганын эсине түшүрүп жатты.

— ...Байкем согуштан эки жеринен жарадар болуп кайтты. Бирөө дал жүрөктүн сүбөөсүнөн кайып өтүп, бир аз жерин жулуп кетиптир. Жүрөгүнүн какканы сүбөөсүз черден кадимкидей көрүнгөнсүп туруучу. Ал аз келгенсип, снаряд жарылганда үч күн топурактын алдында калып, контузиясы да бар экен дегендей уккамын. Кичинесинде балдар үйүндө чоңоюп, анан окуп, котормо ишине илээшип кеткен экен. Кайра келгенде да ошо кесибинде жүрдү. Ал котормолорун да сактап жүрөбүз,— деп туруп барып, китеп текчесинен сарамжалдык менен сакталган таңгакты алып келди. Алардын арасында бизге тааныштары бар болуп чыкты.

— Айылга эки-үч жыл иштегенден кийин байкемдин ооруп жүргөнсүгөнү байкалып калды. Кээде бир жерди тиктеп, унчукпай туруп калса, бирде өзүнчө кобуранып сүйлөнүүчү болду. Ал учурда райондо деле санатылуу бирин-экин гана врач болучу эмес беле. Аларга да көрсөттүк. Мээнин катуу жапа чеккендигинен жакшы эс алып, жакшы тамактанып, жайлоого чыкса айыгып кетет деген кеңештерин айтышты. Борборго адис профессорго алып барып келсе миңдин бири болбойт беле дешти. Атам айылдан чыгып көргөн эмес. Мен болсо алты жашар баламын.

Ошентип, байкем кызматынан бошоп, биз бирден көзөмөлдөп калдык. Газета-журналды жанындай көрүүчү. Бир маал базарга барып, өзү сатып келет. Бирок байкемдин жүрүш-турушу бузулду. Кулагына бирдеме угулуп, көзүнө бир нерсе көрүнө турган болду. Өзүнчө күлөт, «бирөө» менен сүйлөшөт, «бирөөнүн айтканын» тыңшап туруп калат. Ошондон баштап элирип бирөө-

лөргө кол салуучу боло баштады. Колуна эмне тийсе ошону менен коюп жиберет. Анын ким экенин тааныбайт. Жакшы көргөн кичинекей иниси мени да башка киши экен деп, урууга аракеттенүүчү болду. Бала-бакыра, катын-калач дегендер качып калды. Атамдан, анан айылда актив болуп жүргөн, бала кезинде өзүнө сабак берген тууганыбыз бар эле, ошо экөөнөн жазганат.

Анын азабын тартып жүргөн кезибизде, айылда «билермандар» көбөйүп кетишти.

«Буга жин тийген тура. «Окутуу» керек молдого, палан айылда түкүнчө деген молдо бар, ошол эле буга аттанып түшүп, анча-мынча күндө эле жинин кагып түшөт»,— дешти бир даары.

«Бул молдонун колунан келбейт. Бакшы эле жакшы. Түндүк түйүлө, күнү-түнү окуп өтсө эле «чымындарын кагып түшөт»,— дешти айыл аксакалдарынын кеп-кеңеш берүүчүлөрү. Байкемдин окуусунан да жанагы сөздөр башыбызды маң кылып салды. Актив тууганыбыз Фрунзеге эле алып барып келели десе атам болбой койду.

Эмне сүйлөшүп, эмне койгонун андан ары билген эмесмин. Күндөрдүн биринде Жумгалдан молдо чакырттык, келмек болду деп камынып калышты. Коюн да союшуп, самоорун да коюшуп, биздин үй бүлүнүп эле калды.

Бир күнү күүгүмдө молдо келип түштү. Аты — Алмамбет дешти. Сыйдараак кара сакалдуу, бакжайган, албеттүү кара киши экен.

Ал түнү байкемдин жанына отуруп, шадылуу колдору менен эки билегинин тамырын алмак-салмак кармап коюп отурду. Молдо антсе, байкем ыкшып эле күлүп, андан көзүн албай атат.

«Чымындары бирин-бири байкашып жатпайбы, жарыктык»,— деп анда күбүрөйт чоң энем, бери жакта отуруп.

Ал түнү тамак түн ортосу оой желип, эл аягы таң

атканда эле басылды көрүнөт. Бала эмеспизби, уктап калыптырбыз.

Эртеси атам, дагы айылдагы эр адамдардын экөө-үчөө биздин үйдө калышты. Байкемди Алмамбеттин маңдайына отургузушту. Биз эшик-терезеден шыкаалап жүрөбүз. Күпүлдөтүп эле бирдемесин айтып жатат. Байкем баягы эле калыбында — бирде мостоюп, бирде күлүп коюп отурат. Обдулуп ордунан туруп эшикке жөнөйүн деп аракеттенсе, ары жак бери жагындагылар — атам баштап колунан кармап жөн отур деп матап коюшууда. Түшкө чейин бир-эки саатча дубасын окуду. «Эми шашке болуп кетти. Молдонун курсагы ачка болсо, тигил жин-перилердин чымыны күч алып кетет. Ар бир саатта күчтүүлөп тамак ичип турбаса болбойт»,— деди атам.

— Жигитке азырынча тамакты алешемдеп эле ичире тургула, чымындарынын алы кетсин,— деп байкуш байкемдин тамагын да тартыш кыла баштады молдо.

Күн бешимден өткөндө, баягы күпүлдөгүн дагы баштады. Биз оюнга алаксып кетип, кайра келсек, молдо ичигин айкарасынан жамынып, төшөктөн аябай калың салынып, коңурук тартып уктап жаткан экен.

Байкем байкуш колу-буту таңылуу, жанында жалдырап чалкасынан жатат.

Көрсө байкем келтирип туруп молдону ооз талаштыра койгон экен. Маңдайкы эки кашка тиши ыргып кетиптир, Алмамбет молдонун.

Эртеси молдо терезенин баарын караңгылатып, эшикти бекиттирип коюп окуп, эч кимди ал жакка баш бактырган жок. Байкем болсо баягы эле таңылуусу бойдон. Арыктап, өңүнөн азып кетти. Ошол күнү кеч курун тамак ичип олтурганда: — Мен мунун чымындарын кандай кылганымды көрсөтөйүн, алты жашар баланы алып келгиле,— деди молдо.

Айылдагы туугандардын алты жашар баласын алып келдик. Бир кесме жайган тактайды алдына койду да,

аны үч-төрт жолу макиси менен тилди. — Карачы, көзүңө чочколор көрүнүп жатабы? — деди. Бала тиктей берди. — Моберегини карабайсыңбы, чочко кетип бара жатабы? — деди бир жерди сөөмөйү менен сайып, бала ооба деди. Андан ары: — Бул мышыкпы, береги күчүкпү? — деп баладан сурай берди эле, ал ооба деп эле башын ийкегенден башка сөзү жок. — Анык көзү ачык, дубакөй киши турбайбы,— деп кары-картаңдар жакасын мууна кармап жатышты.

— Оой, чын эле көрдүңбү? — дейт атам жан-алы калбай баладан.

— Ооба, ошолорго эле окшош,— деп бала суроону жаадыртып жаткандардан тердеп-кургап араң дегенде кутулду. Ошол кездеги чырактын жарыгындагы акталбаган тамдын ичинен молдо менен баланын эмне көргөнүн ким билсин? — деп эми эрдибизди кесе тиштеп жүрбөйбүзбү.

Күндөрдүн бириндe: — Эми колун чечип койгула да, экөөбүздү калтырып, ишиңерге кете бергиле. Чын-чынында чымындарынын шайы ооп калды,— деди молдо. Каралашып турган адамдар да, айыгып бар жатат деген ой менен, молдого кайра-кайра алкышын айтышып, үйлөрүнө тарашкан.

Арадан бир апта өткөндө молдо: «Айылга барып, учурашып кайра келейин. Бала-бакыра сагынды. Экиүч күндө келип, калган-каткан чымындарын кагып кетемин. Белек-бечкек болсун үй-бүлөгө»,— деп бир жоолук койду, түйүнчөккө түйгөн бир нерсени алып, жолго түштү. Ошондон соң ал айланып биздин айылды баскан жок. Баары бир акыры байкем медицинанын күчү менен эл катарына кошулду. Атамдын ал кездеги алдангавын эми эл айтып жүрүшөт.

## УЙКУСУЗ ТҮНДӨР

Ал түн ортосу оой бергенде келди. Күлүмкан чыракты өчүрүп жаңы гана жаткан. Күн-түнү иш көп. Бирок

жашчылык чарчоого, уйкуга да баш ийгиси келбегени байкалат. Бардыгына убакыт жетет. Кыштын кычыраган суук түндөрүнө карабастан күйөөсү ат менен айыл аралап, оору-сыркоолорду көрүп жүрүп жаңы эле кайткан. Буту-колдун муздаганы эми гана жылып, ымыр-чымыр болуп келе жатканда аттын дүбүртү угулду.

— Кемел, дагы бирөө келди окшойт? — деп аялы жанынан чыгарбагысы келгенин туюнткандай жалооруй сүйлөдү. Аңгыча, терезе тарс-тарс кагылды.

— Оо, Кемел, үйдө барсыңбы айланайын! — деген коңур үн угулду.

— Кимсиз? Үйдөмүн.

Тигил адам шашып: — «Талаа-Булактан» келдим эле. Агайым чыдай албай жатат, жардам бере көр, садагасы! — деди.

Бир аздан кийин эки атчан караан ак чатырлуу тамды артка калтырып, заматта караңгылыктын кучагына кирип, көрүнбөй калышты.

Эми эле алган жары менен жаткан жаш келин жалгызсырагансып уктай албай улам-улам оодарыла берди. Айла жок. Кызмат ушундай. Күйөөсү врач, ал өлүм алдында жаткан адамды куткаруу үчүн түн уйкусуна жана алганына аз күн болгон аялы менен сүйлөшүп жатууга кайыл. Ооба, ал ошентип аттанып кетти. Күйөөсүнүн ушунусун ойлоп келин өзүнүн сүйгөнүнө ыраазы. Анын жанында жок болсо да келээрине ишенип, эмгегине ыраазы болуп, не бир ыракаттуу ойлорго бөлүнөт. Эл үчүн эмгектенген эрине жылуу-жумшак сөзү, жаракөрлүк жакшы пейли менен жардамдашууга тилек тилейт. Ушинтип уктай албай жалгыз жатканында алда качан өтүп кеткен кездин элестери убап-чубап көз алдынан өтө берди...

Жайдын толук кези. Колхоз талаасынан түшкү тамактанууга келген Күлүмкан арыктын жээгинде сууга бутун салып, эч нерседен капарсыз отурган.

— Карындаш, сөз суроого уруксатпы? — деген бейтааныш үн аны жалт каратты.

Күлүмкан имерилгенде велосипедин кармап турган кара тору жигиттин көзү көзүнө чагылыша түштү. Тааныш эмес жигитти биринчи ирет көргөнүнө карабастан негедир Күлүмкандын жүрөгү элеп-желеп болуп, өзүнөө апкаарый түштү. Бирок бул сезимин тигил жигитке билгизбегиси келип: — Айта бериңиз агай! — деп кыйгай карады.

— Үмөттүн үйү кайсы болду экен. Бул айылга жаңы келдим эле. Ошондуктан сизди көрүп кайрыла калдым. — Күлүмкан кичи пейилдүүлүк менен тапочкасын бутуна салып, Үмөттүн үйүн көрсөтүп коюп, «ыракмат» деген сөздү чала угуп, шаша басып кетти. Бирок бул жигит ким, кайдан келди? Муну билгиси келип, негедир эңсөө сезими пайда болду.

Мындан бир аз күн өтпөй эле: «Жаңкы жаңы келген доктур баланын колу чебер экен, деле өнөкөт болуп, баш оорусу айыкпаган Бакастын аялын айыктырды. Табалды таягын колунан түшүрчү эмес белим деп, үзбөй этпей эле дарылап айыктырып коюптур»,— деген сөздөр айыл ичине таркады. Өзү жаш болсо да эмгеги менен эл оозуна таралган жигит Күлүмканды да ынтызарлантпай койгон жок.

Күндөрдүн биринде ооруга чалдыгып, Күлүмкан ооруканага жатты. Кемел ар дайым көрүп кеткенде Күлүмкандын көңүлү көтөрүлүп, өзүнүн оорусун да унутуп калат. Анын жалаң гана дарылаганы эмес, кичи пейил мүнөзү, жакшы сөзү жабыркаган адамга жардам бергенсийт. Бирок врач жигиттин токтоолугу, оор басырыктуу жүрүшү кыздын сүйүүсүн байкатпагансыйт. Ынтаа коюп анын жүрөгүн тыңшап турушу Күлүмкандын тынымсыз соккон жүрөк кагышын гана эмес, анын оюндагысын да тыңдап билип турган сыяктуу сезилет. Кыздын наристе сүйүү махабаты кызык кыялдарга азгырат да аны алда кайда жетелегенсийт.

Турмушта эп келише калган билинер-билинбес учур келечектеги бир чоң иштерге жол ачып кетмейи бар эмеспи.

Бара-бара жылдыздары бири-бирине жагып, Күлүмкан менен Кемел экөө келечек жөнүндө кеп козгошуучу болушту. Эки жаштын эңсегени бир болуп, аягы үйлөнүп алышкан.

Күлүмкан болсо күндүзү колхоз талаасында. Кабагым-кашым дебей өзүнө тиешелүү жумушун бүтүрүп кайтат. Жаракөр жаш келинди айылдагылар ыраазылык менен алкашаар эле. Ошентсе да оозу шок айрымдар жөн тура албай деги күйөөсү үйүндө түнөбөйт, баланча жерден түкүнчөнүн баласы, түкүнчө жерден баланчанын кызы ооруйт деп бастырып кете бермейи бар дешет. Ботом, жапжаш туруп... деген ушакты айткандары болгон.

Күлүмкан алардын сөзүн угуп, мейли айтышса айтышсын, Кемелим эл үчүн эмгектенип күнү-түнү бастырып жүргөнүн билишпейт да деп өзүнчө компоюп коёт.

Күлүмкандын ою туура. Ал күйөөсүнүн бирөөнүн өмүрүн сактап калууга бара жатканын түшүнөт. Кээде отуруп: «Ушул участкалык ооруканада иштебей эле районго барсак болмок экен. Ал жердеги врачтар күнүнө бирөө кезектешип дежур болушат. Дем алыш сайын мончого жуунуп, кинону үзбөй көрүшөт»,— деп ойлонот, кайра туруп: «Жок, мына ушул жерден агарып-көгөрөбүз. Айылды да шаардан кем эмес гүлдөтүп көркКө айландыруучу жаштар биз эмеспизби»,— деп өзүн өзү жооткотот.

Канчалык бул ойлорду ойлосо да Кемелге кетип калалы, айыл жаман экен деп айтпайт. Кетели деген сөз оозунан чыкпайт. Айыл күжүрмөн адамдардын күчү менен гүлдөөдө. Туш-тушка көз жүгүртүп караса, өзүнчө эле бир ыракат. Элдин турмушу жакшы. Баягы жер кепелер жок. Баарында татынакай тамдар курулган.

Береги эле өзү турган тактай тамды, анын маңда-

йындагы асман тиреген оорукананын имараты үч жыл мурда жок эмес беле. Колхозчуларынын өзүлөрүнүн маңдай тери менен бүткөн байлыктары — бейпил турмуш элдин пейилин оңоду, эмгегине салым кошту.

Сан түркүн ойго чөмүлүп жаткан жаш келинди уйку өз кучагына тартат... Ойгонсо таң атып калган. Бирок Кемел дале жок.

...Жалгыз аяк жол менен эки атчан бара жатты. Таң чыгыштан супа салганда кашарга жете келишти. Чабандын чагарак куйрук дөбөттөрү жолоочуларды тосо чыгып, куйруктарын бурдап өтүп, аттар арткы аягын шилтегенде, бута атым жерге буйтап кетишет.

Алдындагы күрөң аттан жигит шамдагай ыргып түшүп, атты байлай коюп үйгө кирди. Үйдөгү асма чырак үлпүлдөп күйүп турат. Үстүнө кабат-кабат жууркан, көрпө ичик жамынган адамдын араң эле көзү көрүнөт. Жигит халатын кийип, оорулуунун ал-абалын сурап, жууркаңды серпкенде тердин жыты мурунду өрдөп кетти. Оорулуу адам дембе-дем үшкүрүнүп, оор кыңкыстап чабалактайт. Оору аны кыйнап турганда врач келди. Эми мен ажалдан калдым деген ою жалооруй караган көзүнөн байкалат. Мындай учурда убакытка уттуруп жиберүү врачты уятка калтырып, оорулуунун өмүрүнө өлүм коркунучун туудурат. Врачтын диагнозду коё билиши, анын дарылоону туура дайындашы ийгиликке салымын кошот. Оорулуунун эки өпкөсүнө тең суук тийген эле. Кемел түнү менен, эртеси тиешелүү дарыларын куюп турганда оорулуу сөзгө келип, ооруган жерлери басыла баштаганын баяндады.

— Өзүм дагы айланайын сен келсең эле айыгып кетчүдөй көрүп турдум. Түгөнгүр береги байбиче болбой, тигил айылда түкөнчө, бул айылда баланча деген молдо бар эле, чакырта коюп дем салдыргылачы деп жанды койбойт,— деп Өмүраалы чабан ыраазылыгын билдирип жатты.

— Эми болдучу, мен эле уят болоюн, доктур бала-

нын көзүнчө мени кызартпачы. Эптеп эле айыгып кетсең менин уятымдын жоюлганы ошол эмеспи,— деп аялы эринин оорусунан жакшы болуп келе жатканына ыраазылыгын билдиргендей шаңк-шаңк күлүп, казандагы кайнап жаткан тамагы менен илешүүдө.

Бирок Кемел алардын тамашаларына кошулумуш болгону менен бир чети өз оюу менен алек. Себеби ала келген дарылары түгөнүп, бүгүн кайра түн бою айылга баруу керек. Киши чаптырууга болбойт.

— Балам, жер алыс, мен кошо барайын,— деген үй ээсинин, агасынын сөзүнө кулак салбай Кемел жолго түштү. Алдындагы күрөң ат карды качырата басып, жол жүрүшүнөн жазбастан алчактоодо. Кез-кезде кулагын камыштай тикирейтип, окурана жалт берип, кайра ишенимдүү аяк шилтейт. Жол жүргөнүнө бир саат чамасы болуп калган. Айлана жалаң ак карга курчалып, аппак гана мейкин өз кучагына алып мемирөөдө. Жолдун кай жагы аны үйгө алып барарын Кемел толук билбейт. Бир гана ишенгени алдындагы күрөң ат. Кыш күрөөдө карышкырлар да күчөп турган кези. Бирок такымга кыстарылган «чып этме» андай жырткычтарга алдыра койбос!

Бир кезде аттын такасы тарсылдап, муздуу жерге туягы тийгенсип, мурункудай алчактай албай аярдап басып калды. Кычыр-кучур деп муздун жарылганы угула түштү. Чочуп кеткен Кемел атты артка тартууга камынды эле, бирок кеч болуп калды. Муз «чарт» деп жарылды да Кемел аты менен күрткүгө «күр» дей түштү. Ат дагы, адам дагы шашып, коркконддуктан алдастай түштү. Суу көлкүлдөп аттын жалына, ээр токумга чейин чыга түштү.

Өз акыл-эсин жыя албай келген кырсыктын кесепетине моюн сунуудан жаман нерсе жок эмеспи. Кемел эсине келе калып, үстүндөгү ичикти чече коюп, такымга кысылган чып этмени кошуп, агарып көрүнгөн жээкти карай ыргытты да, ылдамдык менен колуна урунган

муздун четине жармашып, үзөнгүдөн бут чыгарып, жээкке тырмышты. Бирок үшүгөн кол улам тайгаланып, кымтууга келбейт. Ат болсо суунун агымы менен ылдыйлоодо.

Асылып жатып Кемел суунун жээгиндеги музга чыкты. Көк жылгаяк болгон дайранын музу тайгалантып улам көтөрүп урчудай көрүнөт...

Атты суу ылдый ыңгайлуу жер издеп жетектеп, Кемел кошо басууда. Эптеп атты жээкке чыгарсам дегенде эки козү төрт. Канча убакыт өткөнү мындайда такыр эстен чыгып кетет да. Аңгыча ат секирүүгө боло турган жапысыраак жер көзгө чалдыга калды. Айбан да болсо жаныбар ат да билет эмеспи. Сезгенсип кош көзү ошол урчукка кадалып скуранып, Кемел тартканда кош аяктап секирди эле астыңкы эки буту чыгып, тизеси бүгүлө калып, дагы бир обдулганда төрт аягы тең чыга түштү. Муз дагы «чырт» дей түшкөндө Кемелдин көзү ала чакмактай түшүп, атты андан ары жетелей чуркады.

Мына эми каргашалуу муздан да кутулушту. Түн бир убак болгон сыяктанат. Мелтиреп ак кар баскан айсыз түнкү талаада шакшактап аппак муз баскан эки караан бир азга кыймылсыз тура калгансыды. Кышкы суукта суу кийими менен талаада калса ооруга чалдыгаары Кемелдин оюна келе түштү. Тезинен гана жөнөө керек. Мени оорулуу адам күтүп жатат. Талаада калган ичиги менен мылтыгын издеп баруу кажетсиз экендигин түшүнүп, Кемел атына шак ыргып минди да жол тартты.

Ат дагы ээсинин оюна түшүнгөндөй бүткөн-боюна муздан тагылган шуруну шагыратып, арыш керген сайын эти жибип, бара-бара муз бууга айлана баштады.

Таң куланөөк салганда Кемел ооруканага жетип, терезени тырс-тырс какты. Кирпик какпай оорулуулар менен алек болуп жүргөн Сайкал аттуу санитарка жол чуркап чыкты.

— Оой, оой сен ким! Бул эмнеси, аппак тон жамынып ат минген эмеби? Апакебай, өңүмбү, түшүмбү? — Аял эси чыгып, артка чегинип, каалганы кайра тартууга аракеттенип, анын туткасын карбаластап издей баштады.

— Сайкал апа, коркпоңуз! Бул менмин — Кемел.

— Өх жаным ай, чын элеби? — Аял жакындап келип, бүт кийими муз болуп тоңгон Кемелди көрүп, анан араң берилеп басты.

— Мага түшүүгө жардамдашыңыз. Аял аны аттан түшүрө баштаганда Кемел бутун жерге коё албай шалак жыгылды.

— Сайкал апа, коркпоңуз! Бул менмин — Кемел. жанган терезени удаа-удаа тарс-турс какты. Ак халатчан бир топ адам чыгып, Кемелди көтөрүп кириштп...

## АЙЫЛ АТАЛАРДЫ КҮТӨТ

### I. ЭЛЕСТЕР

«Атилуу бала эрке экен,
Атаны бала көркү экен.
Тирүүлөй жетим калтырбай,
Түркүгүм атам келсе экен»,—

баарыбыз коштоп ушул ырды созгондо чоң энем жашып кетет. Анан кайра деле ырдай беребиз...

— Аай, согушуң, китлериң кара жерге кирсин! Ушул балдардын убалы кимге? — Чай ичкени кире калган чоң энемдин жанындагылар шыпшынышып алышат. Жаш чайыган көздөрүн байкатпоого далалаттанып, жоолуктарынын учтары менен кирпиктерин сүрткөн болушат.

— Калыя байбиче, балдардын да бактысы, ичээр суусу, көрөр күнү бардыр. Атасы аман болсо, жарк этип эртең кирип келээр. Койчу, жакшылыкты тилейли, же-

ңиш биз жакта,— деп Мистекан байбиче обдулуп, кара кумгандан чай сунат, илгеркисиндей эле абысынынан ийбаа кылып.

Ырыбызды токтотуп, дасторконду «шыкаалап» калган биздин колубузга бир үзүмдөн калама карматып: «Баргыла эми эшикке»,— деп узатышат байбичелер.

Биздин үйдөгүдөй эле ар бир баланын атасы аскерге кетиптир, эми ойлосом. Согуштун эмне экенин ким билиптир. Бир күнү кырманда молоташ минип жүргөм. Чыгыш жак карарып барып эле, айлана күңүрт боло баштады. Кадимкидей күүгүм кирип калды, бир маалда.

Аттан түшө калып, карыяларды карай чуркадым. Баары эле күндү тиктеп, күбүрөп отуруп калышыптыр. Туш тарап тунжурап, караңгылык бир топко өкүм сүрдү.

— Алаамат бир келгенде ааламды ушундай чулгайт тура жараткан! Күнүбүздү өчүрө көрбө! Астаапырылла, келме келтиргиле, аман-эсендикти тилегиле,— деп Маке карыя беркилерге кайрылды.

Күн кайра кылтыйып булуттан сүрүлүп, нур төгө баштады.

Кайрадан кыймыл кирди. Отургандар обдулуп орундарынан тура башташты.

## 2. ОТОО ЖАНА ОЮН

Бир кылка балдарды бригадир ээрчитип, эгин айдаган талаанын четине алып келди. Адегенде өзү атынан түшүп, акыл-кеңешин айтты:

— Береги гүл болуп турган — саргын, мунусу — кекире, текши отоп-жулуп кетпесе, булар эгинге зыян келтирет. Ачка калабыз күзүндө буларды жок кылбасак. Фронтко да нан керек.

Бир топ жерди өзү отоп, баарыбызга көрсөтүп, атанып кетти. Бригадирдин айткан жеринен баштап ишке кирдик. Күн шашке маалы болгончо тынымсыз иште-

дик. Анан, тыным алалы деп отурганбыз. Алып келген тамак-ашыбыздан шам-шум этип алдык.

Бир маалда Кайбылда ордунан турду да:

— Кана балдар, иштин ортосунда да бир интермедия көрсөтүп албаса болбойт. Баарыңарга тең роль бөлүштүрөм. «Кийим-кечеңер, курал-жарагыңар» жаныңардабы? — деди.

— Баары жайында! — деп кыйкырып ийдик.

— Жарымыбыз кызыл армия, жарымыбыз — душмандын ролун аткарабыз. Кызыл Армиянын кыраандары, баарың бул жакка тизилгиле! — деген буйрук берилди.

Бүт балдардын баары оң жакка тизилип калышты.

— Эми ушул кантип оюн болсун,— Кайбылда эмне кыларын билбей, бир пас дал боло түштү.

— Бар, сен душман бол.

— Бар өзүң, мен болбойм, сен эле фашист бол!.. Кыжың-кужуң болушуп балдар бирин-бири түртүшө башташты. Баары эле кызыл аскер болобуз деп туруп алышты, көжөлүп.

— Оой,— деди Мукай бир маалда,— илгери биздин агалар айткан имиш: «Баарыбыз эле кызыл тебетей, үйдү кимибиз айдайбыз?» — деп, анын сыңарындай эч кимиңер фашисттин ролун аткаргыңар келбейби?

— Келбейт! — деп дагы жабыла кыйкырдык.

Кайбылданын айласы кетти да, бир аз ыргылжың ойлонуп туруп: — Таптык акылды,— деп ордунан тура калды.

— «Күйкө бийчи», «Кулалы сынчы», «Куркулдай ырчы», кана силер иш дегенде ийменип, аш дегенде сүйүнүп, үй дегенде жүгүрүп турасыңар! Ушу силер фашисттердин ролун аткарууга ылайыктуусуңар, кана, чыккыла эмесе сол жакка!

Кайбылданын сөзү тигилерге бычактай тийди белем. Самүдүн кызарып-татарып ызырынып чуркап чыкты. Мушташкан жүрөт тим эле жөн койсо...

— Эмне, командир болосуң, ыя? Каалап турсаң, өзүң аткар ошол ролду!

Балдар ортого түшө калышты.

— Оюндун баары бузулду. Же «иттен жок, же ит байлаган жиптен жок» дегендей отообуз да калды. «Эмесе, иштегиле! Ар ким өз нормосун аткарсын!» — деген сөздөр угулду аягында.

— Ким өз нормосун аткарса, ошол үйгө кете береби?

— Аны сөздөн кийин ишке өткөндө көрө жатарбыз! — деди Кайбылда.

Кайбылда ошондон тартып өзү эле «командирлик» ролду аткарып калды. Анткени ал сөздү таап сүйлөп, ишти да ак көңүлү кармаса так аткарып коёр эле.

Газетадан жасаган «калпактарды», «каскаларды» баса кийип, кайра отоого баш койдук.

— Кана жигиттер, атакага кирдик анда! Кыйраткыла, «фашисттерди!»

Самүдүн, Молдош, Кумарбек үчөө зымдан жасалган «кылычтар» менен саргындардын башын шылый чаап киришти. Андай-мындай караганча эле алар «иштеген» тарап отоо чөптөн арылды. Ала-шала терге түшүп, биз өзүбүзгө бөлүп берген жерди бүтүп кайра келгенче тигилер эбак эле эс алып отурушуптур.

Күн кечтеп калган кезде келди бригадир.

— Байке, үйгө кете берелиби?

Балдар бир добуштан жаадырышты суроону.

— Кетпегенде, ушул жерге түнөмөк белеңер?! Андан көрө иштегениңерди көрөлүчү?

Кыдырып көрө баштады.

Бир маалда өзүнчө эле жинденип бизди карай келе жатты, колуна чөп-чар уучтап алыптыр.

— «Ишенген кожом сен болсоң, алды-алдынан тал карма» — дейт, кашайткан турбайсыңарбы кара көздү! Жарыбагырлар, минтип жүрсөңөр кантип жарыйсыңар!

Оозубузду ачып калдык, бир чети эсибиз чыгып, бир чети таң калып туруп калдык.

Көрсө, иштин чоо-жайы чыр чыгаргандай эле экен. Баягы «фашисттерди кыйратып жаткан» үчөө жайлаптыр. Саргындын башын «кылыч менен кыя чапканда», аны менен кошо эгиндин башы да ыргып кете бериптир. Ал эми кекире болсо, түп тамыры менен ордунда кала берген тура.

Ошентип, ал күнү отоо да бүтпөй, «оюн да коюлбай» жолго түштүк, ар кимибиз кабагыбызды карыш салып...

## 3. ЭНЕЛЕР ЭМНЕГЕ ЫЙЛАШАТ?..

*«Уулдун уулу — улактын шыйрагы». (Чоң энемдин айтканынан)*

Курсактын бирде ачка, бирде тогуна карабай, чоң кишилер өңдүү иштеп, өзүбүз курсантпыс. Ал кезде каникул деген эмне экени эске келмек кайда. Жакшы эле жүрчүбүз. Баарыбыздын көңүлүбүздү бузган — «угузуптур» деген сөз болду. Көрсө «кара кагаз» деген келет экен. «Кара кагаз» Кайбылданын үйүнө да келди. Адегенде атасына угузушат. Анан Боронбай, Абакир деген агаларына...

Бара-бара ай сайын кур эмес, «кара кагаз» каптап кеткен окшоду айылды. Күн сайын өкүрүк, уу-чуу. Тоолор да томсоргондой, бала дебей, чоң дебей баарынын ичи кыжаалат. Ошондо билдик, фашист деген бир алаамат бар экендигин. Ошондо билдик энелердин кайратын, айбатын. Белин бекем бууп, кайгыга каршы туруп, уулдун уулун, кыздын кызын кымбат тутуп, ары карап күйүтүн жашырып, бери карап неберелерине күлкүсүн арнагандардын.

Кайбылда чоң энеси экөө бир үйдө калды — бирибирине бел болушуп. Бирок Мистекан эне билгизген жок, биздей балдарга ал кезде кайгысын.

Ошол эле жетишпей тургансып биз — балдар тескери сүйлөгөндү үйрөнүп алганбыз. Ошентсе да өлгөндөрдү

укканда тизебиз титирейт. Кайбылда менен кошо келебиз үйүнө — ага кайрат айткан болуп. Мистекан эне алдыңа кетейиндер, ичкиле деп болгон ашын баарыбыздын ортобузга жайнатат. Анан бир маалда күлүп-жайнап олтуруп эле телмирип терезени тиктей калып, ойлонуп, шыпынып алат.

— Аа, каран күн, эшик-төрдү жайнатып коюп, анан жоого аттанган эр азаматтардын деле көзү өтүп кетпедиби! Ичип-жей койгула.

— Экене! Окшотрак! — деп тамаша сөздөрүбүздү баштайбыз.

— Эмне дейт балдырактар?

— Экене, ышкаж, үзө телиб,— деп ого бетер күчөйбүз.

— Болуптур, болуптур баягы картөшкөлөрүн сагынып калышкан көрүнбөйбү. Бышырып берейин! — Ордунан обдулат, Мистекан эне.

— Экене, нем ңетре метек!

— Эмне дейт дагы тентектер? — деп дагы олурая карап калат эне.

Баарыбыз боорубуз эзилгенче каткырабыз — черибиз жазылып. Жарыктык киши: «Кайбылдам ушул силердин араңарда аман жүрүп чоңойсо эле ыраазымын»,— деп анан түшүн айтып кирет:

— Жанагы жеңем экөөбүз нан жаап жатыптырбыз. Тим эле шилекей агызгандай сонун бышырдык. Анан, бербей койчудай асылып жатып жеңемден бир жапкан нан сурап, койнума катып кеттим. Ошол Кайбылдам тура. Өнүп-өскөн балдардын энеси — ошол жеңемден сурап алдым эле. Ошол орун-очок алганын көрүп өлсөм арманым жок,— деп өзүчө кобуранып жашып кетет, көрсөтпөөгө аракеттенет.

Аны көргөн айыл-ападагылардын кээ бирөө: «Ансыз деле башка чоркок болуп калбадыбы»,— деп калышат ага угузбай. Энелер эмнеге жашырын биз билиптирбизби, ошондо...

Кырсык бир басса жаман экен. Бир күнү ууру кирип-тир, дагы башкалары аз келгенсип.

— Айылдагы эле билгендерден бирөөлор аралашты,— деп жатышты бир даары. Болбосо, чычкандай бала менен чүкөдөй кемпир ушул үйдө калганын башка жактан келгендер билмек беле?

Уурулар да үңкүрдү огород жактагы бурчтан тешип киришиптир, оңбогурлар! Эки коюн тандап туруп, шаш-пай союп кетишиптир. Бурчка айрыны такап коюптур. Кебетеси, байкап бирөө кирсе, кол кайырмак болушкан окшойт. Эки-үч кишинин тамандарынын изи түшүптүр, дагы уйдун туягынын изи.

— Бул айыл-ападагы кишилердин колунан келген иш эмес. Бир жактан ооп келген качкындардын изи,— деди Тенти карыя.

— Жоо-жок, алыстан келсе, келгендер бардыр, бирок айылдан да аралашкан бир адам болбой койбойт,— де-шип жатышты, айрымдары жыра талашып сөздү.

## 4. ТИЛИМДЕН ТАПКАНДА

Үйүбүз тээ көчөнүн кылда башында. Мектеп менен анын аралыгы үч-төрт чакырымдай келет. Менден төрт жаш улуу жогорку класста окуган агайым Ажыке бар. Ошол жылы биз түштөн кийин окуп калдык. Мен агайым менен бир кеткенди жакшы көрөм, үйгө сабактан тара-гандан кийин көбүнчө алар кеч тарайт. Анысына кара-бай, кээде киного барышат, ал жолдоштору менен. Мен да калбайм, ээрчип.

Үйгө бара берсең болмок экен дейт агайым. Кеч кирип кетти коркомун дейм. Аа эми болуптур дегенсип мени ээрчитип, колуман жетелеп алат.

Эки окуядан кийин агайымды ээрчий албай калдым. Тилимдин шоктугунун азабын тартып. Агайымды күтүп, күндөкүдөй ар кайсы терезени шыкаалап коюп жүргө-

4*

мүн. Бир маалда бир терезенин күйүп турган шамы көзгө чалдыкты. Көрсө, анда мугалимдер турат экен. Каракозина деген тил, адабияттан берген эжейибиз бар эле. Ошонун үйү экен. Китеп окуп отурат. Форточкасы ачык, үн чыгарып китеп окуп жатат.

«Алтын сары, жез сары,
Коло сары, миз сары»,—

— деп окуп киргенде «Каныбекти» окуп жаткан экен деп биле коюп:

«Сыртты түрүп байкасак,
Кошулат төртөө мисалы»,—

дедим да басып кеттим шашкан бойдон. Ошентип, үйгө жөнөдүм. Ал күнү эч нерсе болгон эмес. Эртеси Ажыке агайымдын ачуусу келип кирди, үйгө сабак даярдап отурган элем.

— Сен экинчи мени менен келбейсиң, билдиңби? Сабактан тарар менен үйгө кетесиң. Ошол жерде жүргөнүңдү көрсөм, таарынба!— деди.

— Жүрсө эмне болот экен?

— Жүрсөң, хулигандык кылат экенсиң, ар кимдин терезесин шыкаалап. Каракозина эжейдикине эмнеге бардың?

— Жөн эле, карасам «Каныбекти» окуп отуруптур, кошумчалап койдум, эки сап ырды.

— Мунун кошумчалагычын. Ал деген уят болот, бирөөнүн терезесин шыкаалап...

Ал аз келгенсип, дагы бир «ашынып кеткеним» кармалды экинчи жолу. Биз бир топ балдар менен мектепке кетип бара жаткан элек. Маңдайдан жакшы жасалгалуу токулган ат минген чоңоюп калган кыз кез келди. Өзүбүзчө ыр чыгарабыз кез келгенди кошуп, «төкмө акын» болуп бара жаткanбыз. Аким көрө коюп озунуп:

Жарашкан жабдуу атына,
Жакшы кыз экен татына,—

деп коё берди, адатын карматып. Артында капкара барак ит бар экен, ээрчип келе жаткан. Дагы кошулдум:

«Капкара ити бар экен —
Кээн алып кокустан,
Калбайлык апын саатына»,— деп.

Балдар шатыра-шатман, шаң менен күлкүгө батып, артыбыздан уюлгуган чаң калтырып, көргөндөрдү таң калтырып кетип калганбыз тарап үй-үйгө.

Эртеси мектепке келсем, эч нерседен камырабай, бүт класс болуп тизилип жатыптыр. Бүт мугалим ошол жерде. Ажыкем менен кас-катар жогорку класстын «жылдыздары» болуп жүргөн балдар, агайлар, эжейлер да катарга тизилип турушат. Директор агай мектептеги жетишилген ийгиликтер, кээ бир кемчиликтер жөнүндө сөз сүйлөп берди. Анан фронтко байланыштуу бир топ акылнасаатын айтты. Биздин армия жеңсин үчүн окууну жакшы окуп, колхозго колдон келишинче кол кабыш кылуу керектигин айтты.

Бир маалда биздин мектепти артка тарткан тизмени окуп кирди. Тартибинен, ал аз келгенсип сабагынан аксап келе жаткандарды атады.

Өлбөгөн төрт шыйрак калды, мен атамдын атын, ысымымды кулагым чалганда. Сабагым деле жакшы эле, эмне балаа болду? Кызарып-татарып, тараганда араң жеттим үйгө.

Ажыке агай, Абыл агай, анан менден кийинки окуган эки инилерим Сапар менен Капар эмне деп келди экен үйгө. Энем, апам укса эмне дейт!

Кирсем, энем менен апам иши менен алек, малын, үйжайын тейлеп кечкурун.

Бир маалда чогуу тамакка отурдук, көзүмдү жерден албайм, күнөкөр кейиптенип. Менден мурун эле баары түшүнгөн белем, үн катышпады. Эртеси Ажыке агай окуусуна шашылып жатып:

«Сөздү дагы улуу-кичүүгө байкап айтып жүрүш ке-

рок. Кичүүнүн сылык болгону жакшы. Ат менен итти айырмалап, ага тийишип эмне кылам көчөдө» — деди. Ошондо түшүндүм, тилимден тапканымды. Акимди туурайм деп. «Көсөөнүн акылы түштөн кийин», көп сүйлөбөй жүрөйүнчү деп ойлонуп жүрдүм, далайга чейин унуталбай.

Чынында эне-атадан кийин эле окуткан мугалим эстен кеткис тарбияны берет тура, эс тартканда эми ойлосок.

Дагы тил сабагынан Берген Төрөбатырова деген эжей бар эле. Сабакты тим эле мээге куюп салат. Ал кезде көбүбүз эжелеп окуп, арадан эки-үчөөбүз «тың чыгып» эпосторду окуп берип калган кезибиз. Алардын баарынан өтүп, сөз өстүрүү сабагында Мусабек экөөбүз ат салышып калганбыз.

Эжей кирип, учурашып, тапшырманы сурап, эми эпостон окуп берүү деди. Кайсы эпос экени, жадымда жок, эжей чыккын дегиче болбой эле партадан тура жөнөдүм.

— Сен кайда? — деди эже мостоё.

— Окубайымбы? — дептирмин.

— Отур, сени эч ким оку деген жок.

— Иймашов, сен чык, окуйсуң, — деди. Отуруп калдым, озунуп чыкканыма өкүнүп. Шашмамды карасаң дейм, өзүмдү жекирип.

Бир оокумда: — Иймашов, жетишет, кел эми сен, — деп мени чакырды.

Бирок, канчалык жакшы окууга аракет кылсам деле бир нерсе жолтоо болгондой, оюм башка жакта.

Эжей мени көрүп калдыбы деп коопсузданам. Элден мурун озунуп, кыйынсынып, тыңсынганымды койдум андан кийин.

## 5. ЭНЕМ ЖАНА ЭЖЕЛЕРИМ

Эл катары жазда — акка аралашканда, күздө-машак терүүгө жеткенде тоюнуп калабыз. Энемди ээрчип

алып, жабыла киребиз машак терип, колхоз эгинин жыйнап кеткен аңызга. Активдер келип калганда: «Машагыңарды колхозго өткөргүлө! Бул жер толук жыйналып кеткенде анан тересиңер,— дейт. Ал жерде биз өңдөгөн айылдын кары-картаңдары, бала-бакыралары чуулдап жиберебиз. Алар деле кантсин. Кээ бирөө: — Эми мен бекенмин, тербе деп жаткан. Бардыгы фронтко деп жатпайбы — деп кайгыргандай атын моюнга чаап бастырып кетишет.

Бирок бир гана Адил деген арпа мурут неме башкарма болуп турганда, энебизди кекеткенин көрүп сай-сөөгүбүз сыздаганы эсимде. «Ал өзү эптеп оорумун деп эбин таап жүргөн неме. Баарыдан ушунун көпкөнү өттү» — деп калышчу улуулар күңк-мыңк сүйлөшүп.

Бир күнү Чалдыбардын аңызынан машак терип жүргөнбүз. Машакка алаксып жүрүп, Адилдин кайдан-жайдан чыга калганын байкоос албаппыз. Энемдин ачуу чыккан үнүн укканда баш көтөрүп селее түштүк. Тим эле байкуш энемди ат менен омуроолоткон жүрөт. Баарыбыз тең колубуздагы терип жүргөндөрүбүздү таштап, чурулдап ыйлап жанына кандай учуп жеткенибизди билбейбиз. Балалуу аркар айбаты кандай экенин билдик ошондо.

— Адил, тарт тизгиниңди! Балдардын атасы сенчилеп кара жанын эмес, калкты коргоп батышта кан кечип жүрөт. Кудай жандарын аман койсо, жеңиштин туусун желбиретип келишээр! — деди энем.

— Тигини, мунун тилин! Канча жолу эскертем, тербегиле деп, кеткиле! — деп бакырды Адил.

— Каргага жем болуп калган талаадагы эгиндин калдыгын да ыраа көрбөйсүңөрбү? Бул балдардын убалы кимге! — дейт энем.

— Тээ тигил жактан тергиле! — деп Адил өчөшкөндөй эчак мал жайылып, тебелеп кеткен аңызды көрсөттү.

Энемдин эми чындап ачуусу келди белем:

— Биздин бара турган жер бар. Азыр ушул үч үй-бүлөнүн балдарын ээрчитип алып, райондук чоңдорго барамын. Мына, көп көргөнүң ушул тырмактай чүрпөлөрдүн тапкан-ташыганы болсо! Алдырып кет да, атаңа аш бер, илгери кулак болуп изи табылбай калган!..

Жерде жаткан машакты алып, Адилди карай ыргытып калды энем. Анын алдындагы алкынып турган ат үркүп кеткенде, Адил аттын үстүнөн кыңкая, аз жерден ыргып кете жаздап, башындагы калпагы учуп кетти. Энем эмне болсоң ошо бол дегендей, бизди ээрчитип алып жолго түштү.

— Болду, ыйлабагыла! Бул арамдан бизге жакшылык жок,— деп бизди сооротот.

Үйгө келсек «Көк-Жарда» жашаган эжебиз Бүбүкан келиптир. Энем менен учурашып, бизге ала келген базарлыктарын берип жатты. Энем, кайраттуу киши, кызынын ал-абалын сурап, эч нерсе билбегендей, үй-жай тиричилигин жасап отуруп алды.

— Кайдан келдиңер, баятан бери күтсөм баарыңар жок? — деди эжем.

— Машак терип — ...бир добуштан чуулдадык.

— А машагыңар кана? — Анан, бирибизден — бирибиз сөз талаша, болгон окуяны айттык. Эжекем угуп алып, аябай ачууланды.

— Оо, оңбогон зулум десе, илгеркисин кектеп, эми өчүн алайын деген го? Ансыз да атты өлтүргөнү жетишет эле го?

Эжемден, эмне үчүн ал энеме, бизге асылып калат деп сурадык....

— Жерге кирсин ошол. Мунун ага-тууганын атаңар колхоз курулаарда кулакка тарттырган. Атасы Кытайга кире качып, дайынсыз жоголгон. Мунусу да тентип, бир жакта качып жүрөт деген. Согуш чыккандан кийин эле пайда болуп калды, биз тарапта. Атаңар райкомдо иштеп турганда минип жүргөн кула жоргосу бар эле. Аны аскерге кеткенде колхозго бергенбиз. Бул башкарма бол-

гондо минип жүрүп, акыры жиниктирип өлтүрдү. «Сары-Булактан» бери, ушул жерге чейин салдырып келип... — деп эжекем ыйлап жиберди. Анан көзүнүн жашын жоолугунун учу менен сүртүп алып: — Жаныбар, мал деле ыйлайт экен. Атаңар аскерге кеткенден кийин сугарып келип, жем бердим, жалын тарап, кекүлүн сылап: «Ээң алыс фронтко кетти, кайра айланып, кадимкисиндей жаркылдап эл аралаар бекен, жаныбарым!» — десем, аттын көзүнөн кадимкисиндей жаш кылгырган өңдөнө түшүп, окуранып жиберсе болобу!»

Биз эжемдин сөзүнө ишенип, жоргону аябай аяп отурдук ошондо.

— Кой эми, силер дагы бир аз ойноп келгиле, мен энеме жардам берейин,— деп эжем ордунан обдулду. Бүбүкан эжем келгенде бир сыйра үстү-башыбызды жаңы болбосо да жамаачылап, жыргатып кетет.

Сүйүмкан эжем болсо «Чоң-Булак» колхозунда. Бизден он беш чакырым жерде. Ал да бизди көргөнү келип калат. Базар күнү же майрамдарда жетип келип, бирибизди да куру кол калтырбай, акча берип кетет. Кагаз, карандаш алгыла дейт буга, момпосуйга коротпой. Менин эле келгенимди күтпөй, өзүңөр барып турбайсыңарбы, айран-сүт ичип дейт. Ара-чородо колхоздун жумушунан эптеп суранып келе калмай, садагалар! — дейт.

— Баарыбыз кол бошогондо барабыз эжеке,— деп чуулдап калабыз. Биздин эле кол бошпу? Сабакка, андан соң отун-сууга жөнөйбүз. Кичине эле алардан жан тына калса, оюнга киребиз. Бала эмеспизби, кантсе да курсактын да ачканын унутуп калабыз.

— Ошенткиле, келип тургула,— деп эжекем баарыбызды кыдыракей өөп чыгып, аттанат да, бастырып бара жатып, артын кылчак-кылчак карай берет. Биз дагы тамдын же чөптүн үстүнө чыгып алып карап тура беребиз, карааны үзүлгөнчө.

## 6. «ИТКЕ ДА КИШИ ЫЙЛАЙБЫ?»

«Ит атаарлар» да көбөйдү, ал жылы кышында. Ит атканы аз келгенсип айыл арасында уурдай качмай, жула качмайлар да чыга калып жатты.

— Кобүн эсе фронттон качып, тоо-ташка бекинип жаткандар эле уурдашат,— дешер эле айылдагы карыялар.

— Баласынын эле боорун жесечи,— дешет бир даары,— ушинтип жетим-жесирди боздоткуча.

«Бөрүбасар» деген сур дөбөтүбүз бар эле. Түнкүсүн ага ишеним чоң. Бир күнү чын эле эле короого ууру кирди. Бөрүбасар жаагын баспай, короону чарк айланып чуркап жүрөт. Түн ортосунан ооп кеткен маал көрүнөт. Чоң энем баарыбызды ойготту. Уйку-соонун арасынан энемдин: «Кантсе да эркек тана эмессиңерби. Ууру кирди көрүнөт. Катын-бала караңгыда эмне кылмак эле деп, киришкен көрүнбөйбү. Булар бизди билген эле кишилер окшойт. Мен чырак жандырар менен баарыңар кыйкырып менин артыман жөнөгүлө»,— деди. Маңдайыбызда Тентикемдин үйү бар. Ошолорго угулсун деди көрүнөт. Оо, Тенти, тур эле тур, ууру келди деп айкырып эшикти карай жөнөдү эле, артынан биз да айгайды салып жөнөдүк. Биздин үнүбүздү укканда Бөрүбасар шердене түштү көрүнбөйбү, качырып барып, кайра артка качып жатканы караңгы түндө байкалып турду. Энем сырткы эшикке жетип, илгичин ачып, түртөйүн деп көрсө ачылбайт. Көрсө, эшиктин сыртынан бекитип коюшуптур. Баарыбыз тым-тырс туруп калдык. Аңгыча, «тарс!» эткен мылтык үнү жаңырды. «Оой, карма эле карма, ууру кетти!» — деген эр адамдын үнү угулду. Бир аздан соң чапкан аттардын дүбүртү чыгып, Бөрүбасардын үргөнү улам алыстап бара жатты.

— Оозуңардын салысы бар экен, балакетиңди алайындарым! — деп чоң энем, апам экөө бизди ээрчитип,

үйгө киргизип, кайра жаткырды. Бир оокумда: «Калыя байбиче, деги аман-эсенсиңерби?» — деген үн чыгып, кобур-собур пайда болду.

«Барбыз, айланайындар! Эшикти ачып койгула!» — деп энем терезеге барды. Айланабыздагы коңшу турган беш үй-бүлөнүн эркектери келишиптир.

«Силер жата бергиле!» — дешип, асма чыракты көтөрүшүп, энем менен апамды ээрчитип чыгып кетишти. Уктап калыптырбыз. Эртеси карап, иштин жайына түшүндүк. Түндөгү келген эки атчан киши экендигин айылдагы карылар изинен билишти. Короонун сырт жагынан келип, бирок дубалы бийик, анын үстүнөн чычырканак менен тосулганынан өтө алышпаса керек. Ошондон соң тобокелге салып түз эле дарбазадан кирип, биздин эшикти сыртынан бекитишкен экен. Итти байкашпаса керек адегенде. Короо жакка барып, кулпуну ачууга аракет кылганда ит тоскоол кылган тура деп жатышты. Бизге саан болуп жаткан уйдан Бөрүбасар болбосо ажырап, заматта жер карайлап отуруп калмак окшойбуз, энемдердин айтымында.

Мындан мурун да бир жолу баарыбыз кызамык менен ооруптурбуз. Ошондо ит да болсо билет көрүнөт, биз жакшы оңолуп кеткенче: үч күн, үч түн терезенин алдынан кетпей улуп жатты.

«Ит атар Иманбай» мергенчи бар эле айылда. Бир күнү келип, дарбазанын кире беришинен итти шыкаалап калган экен атууга. Кудай жалгап ошол күнү тракторист болуп жүргөн Шайлоо акем жайдак ат менен келе жатыптыр, үйүнө түшкү тамакка. Мылтыктын тээгин мына тартам, ана тартам деп турганда Шайлоо акем кундагын кагып жиберет. Тарс деген мылтыктын үнү менен кажыкужуну угуп, атып чыккам эшикке.

Иманбай менен Шайлоо акем бой тирешип калыптыр, эми мушташуучудай болуп. Энем эптеп жатып ажыратты, мен коркуп ыйлап жүрөм. Ок короодогу чоң түп талдын бир бутагын таарып түшкөн экен. Иманбайды энем

менен Шайлоо акем экөө ур-бериге алып жатып узатышты, экинчи келгис кылып.

— Кой, итке да киши ыйлайбы? — деп Шайлоо акем үйүнө мени ээрчитип бара жатып, сооротту.

## 7. БАШКАРМАНЫН БАЛАСЫ

Аталарыбыз, агаларыбыз согушта жүрөт деп окууну таштап койгон жокпус. Садык агай айтуучу бизге: «Силер балдар, фашисттерге тылдан сокку ургула. (Тылдан эмне сокку урабыз деп таң калабыз.) Балдарыбыз басынбай окуп жаткан экен. Биз аларды коргоп, душманды талкалап, жеңиш менен кайтабыз деп кайраттуу жүрүшөт алар фронтто»,— деп. Мындай сөздү укканда жаман баа албоого тырышабыз баарыбыз.

Бизде Адилов деген башкарманын баласы бар. Сабакты такыр билбейт. Доскага чыкса эле болду, жалдырап жер тиктеп калат. Анда биз өзүбүзчө кожурап калабыз, ага угузбай: «Мунун агасы согушка барбай калган. Атасы маңдайында. Кийими бүтүн, курсагы ток, эки алса деле мейли да ага»,— деп. Өзү да болугураак келген кара тоголок, бекене бала.

Күндөрдүн биринде дубал газетанын жаңы саны чыгыптыр. Танапис болгондо кыраан-каткы күлүп жаткандарды көрүп, чуркап жеттик. Баягы Адиловду досканын жанына жалдыратып тургузуп сүрөтүн тартып аягына:

«Курсагым ток лыкыйып,  
Карадан костюм зыңкыйып.  
Окуй албай сабакты,  
Оозумду басам тымпыйып.  
Көөмп кетти экилер  
Көрүнгөн жерден кылтыйып.  
Атам жардам бербесе  
Айлам кетти ылыкыйып»,—

— деп кашкайтып жазылып турат.

— Азаматсың, Аким! — Баарыбыз класска жетип, анын колун кыса кармап куттуктадык. Адилов шолоктоп ыйлап, орунда отуруптур. Директорубуздун сабагы эле, кирип келип тизме чакырды. Адилов унчуккан жок. Ошондо агай анын ыйлап отурганын байкай калды.

— Эмне ыйлап жатасың, сени бирөө урдубу? — Адилов жооп бермек турсун, өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлап кирди.

— Агай, мени дубал газетага жамандап жазышыптыр,— деди анан.

— Аа, ошондойбу? Сын деген ошол болот. Ага ыйлабай, кайра көтөрүлүү керек. Кемчиликти тезинен жоюуга аракеттенүү керек. Кой, ыйлаба да, барып бети-колуңду жууп, кайра келе кал. Сабакты баштайлы. Баса, Адилов жөнүндө ким жазды эле?

— Аким жазган,— дешти балдар.

— Мен окуй элек экенмин. Кана Аким, сен жазсаң, жатка билерсиң, айтып көрчү?

Аким тура калып, ырын жатка айтып жиберди.

Директор ууртунан жылмайды да, «түзүк»,— дегендей белги берип, башын ийкеди.

— Бирок балдар,— деди агай акырында,— Адиловду силер сындап эле жөн болбой, шефке алгыла, жардам бергиле, макулбу?

— Ал бизге кошулбайт,— деп жаалап кириштн балдар.

— Эми мындан ары кошулат.

Кийин агай айткандай жалпы колго алып, Адилов да сабагынан жетилип кетти.

Дагы бир окуя болду класста. Математикадан контролдук иш жаздык. Эртеси Сатар агай алган бааларыбызды айтып, таратып жатты, текшерип келгендерин үйдөн.

— Адилов, «нөл»,— деди.

Балдардын айрымдары шаңдана, айрымдары мыйыгынан күлүп жатышты. Ал өзү унутчаак бала эле, байкабай актай баракка фамилиясын жазып, математикадан

чыгарган контролдук ишин алмаштырып салып коюптур, китеп кабына. Ыйлап жиберди.

— Агай, ал байкабай башка баракты салып жибериптир, актай бойдон,— деп жиберди, аны биринчи болуп шефке алган Капаров, боору ачыгандай.

— Үйдөн эле чыгарып, же сен эле жардам бербесең, кана азыр деле көрө коёлу, андай болсо,— деди мугалим.

Сатар агай анын чыгарып жатканын карап чыга койду.

— Оо, мунуң жакшы. Бирок Капаровдуку кандай, сага окшошпу же жокпу, көрөлүчү салыштырып...

Адилов ошентип, акталып калды. Аким анда да жөн турабы. Танапис болуп, агай чыгаар менен эшикке жөнөгөнбүз. Кайра келсек балдардын баары эле каткырат, досканы карап. Карасак, баягы Аким доскага сүрөт тартып, ырын да, жазып коюптур.

Математикадан актай жер,
Агай көрсө сактай көр.
Муну көргөн мугалим —
«Сен жакшы» деп мактай кор!—

деп.

Анда бир тобубуз Акимди жемелеген болдук. Эми араң ортого алып оңоп келе жатсак, кайра аны басынтасың деп. Адилов эсепке алагды болуп жатып унуткан да десек, айрымдары Аким бир нерсени көрдү же укту дегиче, иштин бүткөнү, чыдап тура албайт, сүрөтүн тартып, ырын жазып кирет,— деп уу-чуу түшүп жаттык, бир азга.

Чындыгында агай айткандай, Адилов чын сынга көнүп калган белем, көшөрүп, балдардын эки жаат болуп, ага калыстык кылганына маашырланды окшойт, бети тамылжый ууртунан жылмая ордунда отурду.

Классты артка тарткан Адилов болучу, ал оңолгондон кийин биздин класс биринчи орунду ээлеп жүрдү. Ошондо класс жетекчибиз Азикова эжей абдан кубанычта болгондо биздин да төбөбүз көккө жеткендей боло түшкөн эле.

## КЕСЕПЕТ

Бул кесепетке кайсы күнү туш келгенин Буудайчиев азыр көз алдында келтире албай жатты. Ооба, тогузунчу класста окуп жүргөн кези экен. Сегизинчи класстан баштап райондун борборундагы он жылдык мектептен келип окуй баштаган. Баары бир кылка айылдаш балдар. Мектеп менен айылдын аралыгы жети чакырымдай бар. Жеткен менен кайра кеткендин азабы көп. Айрыкча айылга келе жатканда кечкурун алдыдан урган кара шамалга туруштук беришиң өтө эле кыйын. Анын үстүнө курсак ачка. Ошондо балдар отура калышып, жол боюндагы чийлерди өрттөп, жылынышат. Жаштык деген анчамынча кыйынчылыкты тоотобу. Алышып-күрөшүп да жылып алышат. Тигил Асанкадыр гана аларга кошулбай, атасынан уурдап чыккан чымчым тамекисин кезикте ороп, тутантып, чыпалагын чычайтып тартып калат.

Ушундай күндөрдүн биринде Буудайчиев оюнга алек болуп жатышкан балдардан бөлө чакырып:

— Тартасыңбы? — деди.

— Өзүң эле тарта бер.

— Ичиме тартып берейинби?

— Анда эмне болот?

— Өзөктөн өтүп өпкөңө жетет. Оой, ошондо бир кумардан чыга түшөсүң!

— Ошол кумар өзүңө эле буюрсун!

— Ээй, сендей немелер өпкөсү эмес, мурдунун таноосунан чыгара албайт. Кыйын болсоң, оп тартып анан мурдуңан чыгарчы?

— Келе, анын эмнеси бар экен.

Буудайчиев Асанкадырдын колунан папиросун алды да, соруп туруп оп тартып койду.

Балаа эми баспасы. Какап-чакады. Көздөн жаш кеткен талаалап. Аңгыча Асанкадырдын каткырыгын уккан беркилер да келип, тегеректеп күлкүгө алышты. Ошентип араң эс алса, Асанкадыр далыга чаап:

— Адегенде мен да ушинткенмин. Сенден баралына жеткенде чоң чылымчы чыгат,— деп басып кетти.

Андан аз өтпөй айылга, орто жашап калган таякеси келип калды. Өзү аскерден келген, бир колу жок. Тамекини тажабай тартат. Ара-чолодо Буудайчиев үйдө боло калса эле:

— Садагасы, муну ороп күйгүзүп бере койчу деп тамеки салган саймалуу баштыкчасын суна коёт. Арадан ай өтпөй, Буудайчиев да анын кумарына өзүнөн-өзү кирип кеткенин байкоос албай калды.

Эми жолдо бара жатканда. Асанкадырдын азыраак тамекисин бөлүп-жарып тартуучу болду. Ал ага эмес өзү дагы таякесинин тамекисинен кымырып-кымтып салып алат.

Айрыкча танаписке чыккан учурда тамеки тартуу азап. Мугалимдер көрүп калса, ишиңдин бүткөнү. Бирок базар жактан келген балдар анын ыгын да үйрөтүштү. Дааратканада тартууга болот экен. Ага мугалимдер кирбейт. Ошондуктан балдардын тамеки чеккенин билбейт экен.

Жоо-жок. Мугалимдер билбейт деп жөн эле корстон болуп жүрүшүптүр. Бир күнү директор Садык агай класс жетекчини ээрчитип кирип келди да, бир топ баланын тизмесин окутту. Ошонун баарын чыгарып, катарга тизди да:

— Кана чөнтөктөгү тамекиңерди, мүштөгүңөрдү үстөлдүн үстүнө койгула! — десе болобу.

Класс ичи чымын учса угулчудай боло түштү. Тизилген балдар какайып каткан бойдон. Директор Мамбетсадыковго карап:

— Кана, Эрик, сен эр элең. Сен шаардан келгенде эле тамеки тартаарың белгилүү болгон. Чөнтөктөгүлөрдү балдарга баштап берип, сен жыйнатчы? — Эрик айласы кеткен абалда кооз портсигары менен ширеңкесин үстөлдүн үстүнө таштады. Анан командир баштаганда, биз калмак белек дегендей калгандары да чөнтөктөрүнүн тү-

бүнөн бери кагып салышты. Койчу эми, ал жерде оттук ташы менен баары коюлган...

Ал кырчын курак өтүп, жигиттик курак да жетти. Бирок Буудайчиев «үйрөнгөн адат калабы...» дегендей тамекисин таштай албай койду. Аялы үйлөнгөндөн кийин үйүр алышып үч-төрт жыл өткөн чамасында:

— Сасытпай ушул тамекини таштасаңчы, чиркин!..— деген.

— Ээй Асылым, бул энемдин эмчегинен кийин, экинчи соруп жүргөн эрмегим болуп калса кантейин,— деп тамашага чалып койгон.

Кийин соң, айыл активдеринин ишине аралашып, меймандарда анча-мынча ак-кызылынан ууртап-татуучу боло баштады. Аны ичкенден кийин, бирине-бири ашына болот экен. Тамеки тартканы дагы күчөп, үстөкө-бостоко өтүп, мурун суткасына жарым пачка тартса, эми эки пачка кээде жетпей да калуучу болду.

Мына эми, эр ортонунан өткөнүнөн бери бир дарт жабышты. Сол буту таң атканча ысып-күйүп чыгат. Сыздап эле оорутат. Муну адегенде капарына алган жок. Соолгон согуштун кесептине, балтыр эти толо электе балчыкка түшкөнүнө, суу сугарганына байланыштырып жүрдү.

Балким кызыл жүгүрүк же бруцеллез болбосун деп, айылдык врачка текшерилип көрдү. Алардын белгиси билинбейт. Тамеки тартасыз, башка бир дарттын башы кылтыйгансыйт деп айылдык врач райондук хирургга жиберген. Мына эми дарты да дайындуу болуп, палатада шыпты тиктеп жатат. Көрсө, Буудайчиевдин дарты тамекиден болгон экен. Кабатыр болбоңуз. Дагы тереңдетип текшеребиз. Дарылайбыз деген врач...

Ошентип, Оморбек деген жигит менен бирге жатып калышты. Деле сөзмөр жигит экен, эриктирбейт. Ары жак, бери жакты, айыл-апаны сурап оозу тынбайт. Кыргыздын санжырасын да жакшы билет экен. «Жер тамы-

рынан, эл тамыры көп» дегендей, Оморбекке жээн чыга келди.

— Ээ таякеси, экөөбүздүн дартыбыз бир чыгып калды. Бул бир оңбогон дарт. Бу капырдын арты кайырлуу болбойт көрүнөт. Алдын ала токтотпосо, арты бутту да кестирип тынасың,— дейт бая күнү бирөө.

Буудайчиев ошо түнү жаман түш көрүп, уктай албай жатты. Көзү илинсе буту чымырап, муз болуп калгансып, анан ак халатчандар бутун араалап жатат. Чочуп ойгонуп, аяк серпет. Көрсө бир жак жамбашынан бутун-бутуна учкаштырып жаткан оң жагы «уктап» калыптыр. Кармалап, укалап жатып араң калыбына кайтарды. Жүрөгү опкоолжуп калды. Өмүрү бала болуп башына жүн чыкканы ооруканага биринчи келип жатышы. Анан калса, тиги жука сарынын да сөзү жаман.

«Балаа басып, менин бутумдун дарты да ашынып кетип жүрбөсүн. Канча жыл тамеки тарттым? 17 жашымдан тарттым. Ошондон бери 40 жыл өтүптүр. Ойлосом, никотин деген эмесинен обу жок эле тонналарды жуткан көрүнбөймүнбү. Ошого түткөн кайран өпкө. Же аскерге барып окко алдырбай, тынчтык күндө сопсоо эле бутумдан ажырап каламбы. Кой, мындан көрө, айылдагы Айылчы деген адам мындай анча-мынчаны өзү эле эмдеп-домдоп айыктырып коюучу эле, Айылчы беренге барайын...»,— деп ойлоду Буудайчиев.

Түн баласы кирпик какпай таң атырды. Эртең менен врачтар кирди. Оорукананын башкы врачы баш болуп, бир тобу тегеректеп карап чыгышты. Терип-тескеп сураштырып, бүткөн боюн бүт текшерип чыккандай болушту.

— Өңүңүз өтө эле начар. Эмне уктай албай чыктыңызбы? — деди кечээ көрүп, жаткырган хирург.

— Уктамыш болдум.

— Уктамыш болдум дегениңиз кандай? Эч нерсе ойлобой, жакшы укташ керек болчу. Эмне, бирдеме тоскоол кылдыбы?

— Жоок, эч нерсе деле тоскоол болгон жок. Ар нерсе бир нерсе түшкө кирип эле...

Ары жактан сөзгө бирөө аралашты:

— Ушул жашка келгени ооруканага бир да жолу жатпаптыр. Армияга барбаса, түрмөгө жатпаса...

— Жолдош Дүйшөмбиев, сиз тамашага чалып, ар кайсы бир кайсыны урдура бермейиңизди таштаңыз.

Врач жука сарыга шектүү карады да, «ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө» дегендей жактырбаганын билдирди.

Жука сарынын оозу жап болду.

— Жолдош Буудайчиев, бир-эки сааттан кийин мен сиз менен өзүмчө аңгемелешемин,— деп хирург жаңкы халатчандардын артынан чыгып кетти.

— Сиздин уктабаганыңызды менден көрүп, уят кылып лып койду го? — деди жанагы киши.

Буудайчиев да өзү ыңгайсыз абалда калып:

— Аппараты жок эле айттырбай билип койчу неме го? — деди.

Эсенаманов деген врач ушул. Эл оозуна жаңы алынып келе жатат. Бала да болсо башы бар барчындардын бири,— деп жука сары сөзү менен жымсалдагандай болду.

* * *

Буудайчиевге убакыттын кандай өткөнү билинбей калды. Тал чыбыктай бир кыз келип отуруп, таржымалынан бери бүт сурап жазып алды. Ыманы ысык ошол кыз Буудайчиевдин турмушка жарык көргөндөн тартып ушул жашка келгенге чейин эмне менен ооругандыгынан өйдө саймедиреп сурап алды.

Аялды качан алганын, канча баласы бар экендигин, тамекини качан тарткандыгын, ичимдиктен канча граммга чейин сеп этип коёрун. Деги теменедей терип-тепчип суроого үлгүрдү.

Адан соң дагы бирөө келип, сөөмөйүнөн кан алды.

Бирөө келип, сиздин кийгендериңиз тарыраак, берегини алмаштырып кийиңиз деп ич кийиминен тартып которуп кетти.

— Ээ, таякем бул жерде сиз менен бизди баласындай эле бапестеп багышат. Уйку менен тамакка убакыт калбаса, андан башкасы акыл-эс менен бөлүштүрүлгөн,— деп жука сары сөз жубатат.

Бир аздан соң Буудайчиев хирургдун маңдайына отурду. Эсенаманов өзү оор басырыктуу, адамдын кирпигине карап байкап турган кыраакы дарыгер экендиги билинип турду. Колу-жолу гана бейтаптарга эм болбостон, ал адамды сөз менен айыктырып коюуга күчү жете тургандай көрүндү Буудайчиевге.

— Колуңузду бери кылыңызчы!

Буудайчиевдин колун алып, баш бармагы менен сөөмөйүнүн саргарып кеткенин көпкө тиктеп туруп:

— Сигарет тартат экенсиз ээ? Түбүндө дүмүрчөгү калганда да таштагыңыз келбей, кыйылып туруп ыргытат көрүнбөйсүзбү?..

Бейтаптын бети чымырап, өзүнөн алда канча жаш хирургдун айтканына муюп, иймене түшүп, айтаар сөз таппай, башын араң-араң ийкемиш болду.

Асмай тартым эле аралык ичинде хирургдун айтып өткөн акыл-кеңеши Буудайчиевдин кулагына кыттай куюлуп, көкүрөгүнө уюп жатты.

Көрсө никотин деген эмеси кан тамырларды четинен тарытып, адам тозокко кептелет тура!

## ОК ЖАҢЫЛГАНДА

Күрдөөлдүү күздүн учуру. Күнү-түнү тынымы жок колхоз талаасы күжүрмөн эмгектин шаңына толуп, эмгекчил адамдарды маашырлантат. Колхоздун кадырман устасы — Кадырберди да өз иши менен алек. Устаканага улам бири келип, бири кетип жатты. Бака-шака көнүмүш болгон Кадырберди ар бир адамдын суроосуна жооп берип, сынган-бүлүнгөндөрдү заматта жасап берип узатып

жатып, күндүн кандай кечтегенин байкабай калды. Устакананын жалгыз терезесинен жарык аз келип, күүгүмдөй баштаганда гана кайтуу эсине келди. Ооба, кечке эмгектенип, андан соң үйдө эс алуу кандай көңүлдүү. Эки жаштагы уулу — Мыктыбек да атасын чыдамсыздык менен күтүп жатпайбы. Уулунун кыял-жоругун, таттуу тилин ойлогондо гана ишин токтотту.

Айдарым жел соккон күз, сапсары боёкко бөлөнгөн колхоз талаасы Кадырбердинин көңүлүн эргитти. Тынчтык заман болсо элдин курсактары ток, пейилдери кенен, турмуш да жыргал болот тура...

Мына ушундай таттуу ой-кыялдарга бөлүнүп келе жатып, үйүнө кандай жеткенин да сезбей калды. Эшиктен аттын дүбүртүн угуп, кичинекей Мыктыбек: — Атам келди, атам келди,— деп апасы Уулканга балалык сүйүнүчүн билдирди.

— Ооба, айланайын, атаң келди. Азыр атын аркандап, анан келип сени менен ойнойт,— деп төрдө олтурган чоң энеси небересин мээримдүү жүзү менен эркелетет.

Кадырберди атынын ээр токумун алды да, корукка жетелеп жөнөдү. Жаңыдан атты аркандап жаткан эле, кырсыкты кайдан деп болобу — дал жүрөктүн тушу «тыз» дей түшкөндөй болду. Эч нерседен капарсыз турган Кадырбердинин колундагы атты аркандай турган жип шалк эте жерге түштү. Көзү караңгылап, башы айлана түштү. Оо, жалган, бу эмнеси?! Эсинен таныи бара жаткан Кадырбердинин оюна өлүм коркунучу келе түшүп, ого бетер алсыратты. «Уулум!..» деп бир кыйкырып, андан ары эмне болгонун сезбей калды. Үйүндөгүлөр Кадырбердини ана келет, мына келет деп отура беришти. «Атам кана?» — деп Мыктыбектин ыйламсыраган үнү апасы Уулканды эшикке чыгууга аргасыздандырды. Уулкан короо жакка көз жүгүрттү. Кадырбердинин аты оттоп жатат.

— Апей ботом, атынын жанына жатып алганы эмнеси? Мас болуп калган го? Бозого мас болгон кайран десе,— деп Уулкан Кадырбердини карай басты.

Көмкөрөсүнөн жаткан Кадырбердини аялы алка жакадан алып: — «Ой, турбайсыңбы?» — деп тамашага чалып, бура тартты. Көзүң жамандыкты көрбөсүн! Өңү купкуу болуп жаткан күйөөсүн көрүп, Уулкандын бүткөн бою калчылдап, кыйкырууга чамасы келбей калды. Бир азга деңдароо боло түшүп, кайра калыбына келип, айкайды салды:

— Оо, эл-журт!..

Аялдын ачуу чыккан айкырыгын угуп, айылдын эли чогула түштү. Кан-сөлү жок жаткан Кадырбердини көрүшүп, үйүнө көтөрүп келишти. Эмне болгону белгисиз.

— Врач чакыруу керек! — деп бир даары айтса, айрымдары:

— Молдого киши чаптыргыла,— дешти.

Ким барып, ким чакырганы белгисиз. Врач кирип келди. Уу-чуу түшүп, уй мүйүз тартып чогулуп турган эл эки жарылып, жол бошотушту.

Орто бойлуу, сары чийкил жигит салмак менен халатын кийип, Кадырбердинин тамырын кармап көрүп, жүрөгүнүн сокконун тыңшады:

— Жаман жоро баштабай, үйдү бошотуп, жабыр тарткан адамга тынчтык бергиле. Үйдүн абасы бузулуп кетиптир, бошотуп, терезелерди ачкыла! — деп, шашпастан сүйлөдү.

Андан соң заматтын ортосунда Кадырберди колхоздун ооруканасына жеткирилди. Аны чечиндирип көрүштү. Дал көкүрөк тушунда кичинекей так байкалат. Ок жаңылыптыр. Ооба, ок жаңылыптыр! Тезинен операция жасоо керек. Врач Мамбетов Райымбектин оюна ушундай чечим келе калды. Хирург, хирургду жардамга чакырбаса болбойт.

— Алло! Тогуз-Торо! Тогуз-Торо! Райондук ооруканабы? Мага Токомбаев керек...

— Алло! Тогуз Торо аткаруу комитетиненби?.. Жолдош Акымбаев! Мага хирург чакыртып алууга жардамдашыңыз...

— Нарын... Нарын... Альберт Яковлевич! Тезинен хирургду жибериңиз.

Мына ошентип, туш-тушка кабар жетти. Оорулуунун абалы кыйын. Алда качан түн ортосу болсо да кирпик какпай врач Мамбетов Райымбек, медсестра Нуракунова Асыл Кадырбердинин жанында. Ажал менен арбашып, ар түрдүү дарыларды колдонушуп, жабырланган адамга жардам берүүнү гана каалашат. Адамдын асыл өмүрүн коргоп калуу — алардын ажырагыс милдеттери. Ал милдетти адамгерчилик менен актоо күтүп жатпайбы.

Жаш врач мына ушундай ой менен алпурушуп, уйкусун качырды. Камфора, кофеин жана башка жүрөктүн ишин жакшыртуучу дарылар биринен сала бири куюлуп жатты. Кадырберди кансырап бара жатат. Кан ичтен агууда. Эгерде сыртынан көрүнүп акса токтотуу оңой эле. Жүрөктүн тушуна муздак нерселер басылып коюлду.

Мындай учурда убакыт бат өтөт. Шашат. Бирок күткөн адамың шашпай жаткансыйт. Ооба, ал адам шашууну каалаган эмес жана оюнда да жок эле.

Тогуз-Тородон телефон менен кабар келди. Демейде эле тынымы жок Альберт Яковлевич Шулер областтык ооруканага жетип келди.

— Бакиров барбы?

— Жок. Үйүндө болуу керек,— деген медсестранын үнү угулду.

Хирург Бакировду үйүнөн да табышпады. Ал өз кызматын аткарып, эл катары эс алып жүрөт да. Мындай шашылыш кырсык болоорун билип коюптурбу? Мындай чакырык биринчи болуп отурган жок. Көнгөн адат. Хирург күн болсо күн, түн болсо түн бара берет. Андан шашылыш жардам күтүп жаткандыгы беш колдой белгилүү.

Аялы менен коштошуп. Бакиров чыкты. Нарындан бир нече километр алыстыктагы Тогуз-Торонун 1-Май колхозуна баруу керек.

— Жарайт! — Бир гана сөз. Ошончолук алыс жол. Жол болгондо да кандай жол! Экинчиден түн. Мурун

Кош-Дөбө жакка барып көрүп келген киши экинчи баргыс болот. Жол азабына моюн сунбай коё албайсың. Адамдын өмүрүн сактап калуу керек!

Таң ата тез жардам машинасы 1-Май колхозуна жетип келди. Чыдамсыздык менен күтүп турган врач Мамбетов машинанын астын тосо чуркап чыкты. Кабинадан чыгып келе жаткан келбеттүү хирургду көрүп, Мамбетов сүйүнүп кетти.

Айрым учурда адамдын өмүрүн сактап калууну бир секунд чечкен мезгилдер болот. Чыдамсыз мээнетти текке кетирүү жарайбы. Жок! Врачтар уттурууну эч убакта каалабайт. Алар ар кандай ыкты колдонуп, өмүрдү суук ажалдан коргойт. Бакиров иштин баянын кунт коюп укту. Заматта операция жасоого даярдык көрүлүп бүттү.

Кабырганын ортосунан жол ачылып, скальпель жүрөктүн айланасындагы булчуңдарды шылып жиберди. Мала кызыл кан тике ылдый шорголоп, заматта кайра кыпчылып, басылып жатты. Кандын атырылып жатканын мурда карап-билип көрбөгөн адам дит бага албоочудай. Карчыттан уюган кан кочуш-кочуш алынып ташталды. Сокур ок жаңылганы туура экен!

Хирургдун чебер колу чечкиндүү киришип, жараатты илдетинен тазалап, көзгө илинбей ойноктоп иштөөдө. Операцияга катышып жаткан медсестра, хирург менен анын ассистентинин чекесинен чыккан чыбырчыктаган майда терди алмак-салмак сүртүп турду. Оңой бекен. Жабылуу жаткан ак шейшептин алдында өзүндөй болгон тирүү адам жатат. Анын жүрөгү хирургдун колунда тынымсыз кагып жатпайбы! Ушул муштумдай болгон эт тынымсыз соксун деп анын эмгектенип жатканы да ошол эмеспи. Чыгыштан кылайып таң да сөгүлдү, операция да аяктады. Өлүм коркунучу артта калды. Кыңкыстап эсучун билбей жаткан Кадырберди мемиреп тынч уйкунун кучагында жатты. Анын өмүрү үчүн врачтар тынымсыз күрөш жүргүздү.

Кирпиктер-кирпикке жабышып, уйку көрбөгөн көздөр

жаңы чыккан күн нурунан уялат. Халаттар чечилип, врачтар эс алууга эшикке чыгышты. Оорукананын айланасына айылдын эли толуп кетиптир.

— Врачтардан айланса болот. Колуңардан баар тапкан садага кетейиндерим! — деп Кадырбердинин энеси жалынса, көзүнөн мончок-мончок жаш сыгылып, ылдый куланат. Бул күйүнүчтөн эмес, сүйүнүчтөн чыккан кубанычтын жашы да.

— Уулуңуз аман калды. Капаланбаңыз байбиче,— деди хирург ажардуу жүзү менен карап.

— Ооба, аман калды. Оозуңан айланайын! — дешип, турган элдер алкап жиберишти.

Элүү күн өткөндөн кийин колхоздун устасы Кадырберди кадимкидей сакайып, ооруканадан чыкты. Отуз жашка жаңы чыккан жаш жигит өлүм алдынан алып калган врачтарга өз алкышын кайталап айтат.

Бул ошол врачтардын турмушундагы көп-көп окуялардын бирөө гана. Ар дайым саламаттыктын сакчылыгында турган ак халатчан адамдар эмгектенүүдөн тажашпайт. Алардын сезими эркин элинин ден соолугу үчүн күрөшүү болуп саналат.

## БААРЫ БИР ТАҢ АТАТ

— Тиги дүйнөнүн барына ишенесиңби, ыя тууган?

— Бар-жок экенин кайдан билем. Өлүп көрүптүрмүнбү?..

— Баса десең, баарыбыз мындай бейтап болуп жатканда аны айтып эмне кереги бар. Андан көрө өлүмдү унутуп, өткөн-кеткенди эске салган жакшы эмеспи...

Бул палатада төрт адам жатат. Береги оң бурчта жаткан жигит медиктер менен эң тааныш көрүнөт. Профессорунан баштап, врачтарына чейин эртели-кеч мунун алабалын сурап чыгат. Ошолорго бел байлайбы, же башынан адаты ошондойбу, чечилип алса бир топ сүйлөп берет. Кээде ал өзүнчө ойлуу. Анын сол жагында жаткан

жалгыз кулак жигит — көл тараптан. Трактор басып кетип, врачтардын күчү менен араң ажалдан калыптыр. Бир буту сынык, кулагы мулук экенине карабай, шайыр, сүйлөсө жер чечегин безейт. «Кулак-мурун садага, кудурет алмадай башымды аман койсун»,— деп жанаша жаткандарды күлдүрөт.

Алар менен аякташ жаткандардын бири Иван Сергеевич — жумушчу, камырабаган адам. Ошол камырабастыгынын азабын тартып, жумуш ордунда үргүлөп кетип кырсыкка учураптыр. Жалаң өзү азабын тартпай, көз жумулуп уйкуга кеткенде көргүлүктү көрсөтөт. Жараткан коңурукту жалгыз ушуга энчилеп берген экен! Ал коңурукту кош тартканда биздин палата эмес, тиги коңшулаш палатадагы оорулуулар да ойгонуп келип, эскертип кетет. Аякташ жаткан жигит айласы кеткенде соо буту менен анын керебетин керилип туруп тээп-тээп алат. Ошондо гана Иван араң оодарылып жатат, жарыктык.

Ага катарлаш Юсупжан аке. Бир момун адам. Ал эмне болуп жыгылып, бутун сындырганын айтып түшүндүрө албайт. Бирок:

> «Самоорум кайнап турсачы,
> Дасторконум толтура
> Тамак-аш жайнап турсачы!
> Алдей-алдей Мамажан»,—

деп кыңылдап, анан мемиреп жатып калмай жайы бар.

Анан баягы тракторчу жигит сөзгө кирет:

«Байкебайлар, каяктан жүрүп кара басып тракторго бастырдың дебейсиңерби. Ээ, шорлуу кишиге айла жок экен. Таламандын тал түшүндө талааны айдап жүрүп тамакка отурган элек. Бир маалда эле трактордун үнү чыгат. Чатырдын жанына келип, тамак ичүүгө токтотот го деп ойлоп отурганбыз. Аңгыча, чатыр качырады. Ары жагы эмне болгонун билбейм. Он күн дегенде көзүмдү ачыптырмын. Карасам, жанымда аялым ыйлап отурат, бечара! Эми мына, «мал болот» деген ушул. Эки таяк менен эшикке кирип чыгамын. Атамдан жалгыз элем. Энем,

аялым, мен, анан алты балам. Жаза тайып, көз жумсам алардын күнү эмне болмок, ыя? Өлгөн өзүмдүн шорум дегилечи. Тигилер өз күнүн көрөт беле же менин күйүтүмдөн өлөт беле? — деп күлдүрөт оңбогур.

— Ошондон улам ушул күнгө чейин жанагы эле келип жүргөн жаман аялым түтпөдүбү. Айыгып барганда ушуну эптеп колдон келишинче асырабасам! Палатадагылар бейтап экендигин унутушуп, күлкү менен «дарыланып» алышат.

Бүгүн палатага профессор өзү кирет деген каңшаар угулат. Бул күнү медсестралар, санитаркалар тызылдап эле чуркап калышат. Терезелер мизилдеп жуулуп, бир жерде да чаң калбайт. Бут алдындагы тактайдын тазалыгын көрсөңүз, тим эле чымын тайгаланып кетүүчүдөй.

— Эх, жыргал ай, профессор күндө эле кирип турсачы,— деп сөз катат оозу жөн жатпаган жаңкы шок жигит.

— Күндө кирип турса эле кулагың ордуна келип калат беле?

— Кулактан эрте кутулганмын. Тазалык-тартип так бүгүнкүдөй болуп турбайт беле дегеним да...

Аңгыча палатага профессор баштаган врачтардын тобу кирет. Ар бир оорулуунун ал-абалын сурап, кунт коюу менен карап чыгат да, врачка мындан ары кимди кандай кароо керек экендигин айтып берет. Баягы оозу шок оорулуу дале жөн турбайт:

— Айланып-садагаң кетейин профессор ай, менин бутум айыгып кайра кара тулпарыма мингенге жараймынбы? — Профессор күлгөндө жалпы палатадагылар дуу күлүштү.

— Албетте, сени кайра кара тулпарыңа мингизели деп дарылап жатабыз. — «Чыныгы адам жөнүндөгү повестти» окудуң беле?

— Ооба, жолдош профессор, бир эмес, бир нече жолу окуп чыктым.

— Анда, илим менен бизге ишенип жата бер. Сакайтабыз да, сагынган кара тулпарыңа мингизебиз.

Профессор анын катарында жаткан бейтапка барды.

— Кана, жолдош аспирант, сиздин ал-жайыңыз кандай?

— Жакшы, жолдош профессор.

— Келе колду. — Бейтап менен кол алышты. Эмне кыздарчасынан араң кармайсың. Бекемдеп туруп, менин колумду куушура кармачы. — Профессор өзүнүн колун бейтапка сунду. Ал ууртунан жылмайды да, ойнубу же чыныбы дегендей ойлонуп туруп, анан колун алынын келишинче кыса кармады.

— Оой, жолдош аспирант, али карууңа келе элек турбайсыңбы. Жакында гипсиңди алабыз. Бирок ошого чейин күч-кубат жыйнап, менин колумду качырата кармагандай бол, жарайбы?

— Жарайт, жолдош профессор.

Профессор палатадагы болгон бейтаптарды бүт карап чыкты дагы: — Болуптур анда, азаматтар. Эмки көрүшкөнчө сакайып кеткиле,— деп баарын демдендирип коюп, ак халатчан ассистенттерин артынан ээрчитип чыгып кетти.

— Колун катуу кармадыңбы ыя, байкеси? — деди бирөөсү.

— Күрөктөй болгон алаканы менин алаканыма чак келбей койду. Жакшы эле кармагандай болдум. Бирок кебелбейт.

— Ооба, десеңиз, ошол күрөктөй болгон алаканы менен сиздин бутту «талкалап» жатканда чучуктай эле чыңырган болушуңуз керек? — деди дагы бирөөсү.

— Калп айткан менен болобу, катуу эле кыйналдым,— деп мойнуна ала сүйлөдү аспирант. — Операция эки саатка жакын созулду. Аягында тамагым кургап, шайым кетип, чыдай албай бара жаттым. Анан:

«Жолдош профессор, операцияны бүттүңөрбү?» —

дей бердим. Сөөктөрдүн бычыраганы, кычыраганы гана угулат да, үн-сөз жок.

Бир маалда: — Азыр, аз калды азамат. «Чыда досум кайраттанып, жеңишти бүт алганча»,— деген ырды билесиңби? Тиштенип бир аз жата тур,— деп тамашалап, профессор операциясын улантып жатты. Анын сөзүнө алаксып, ооруган жерим бир аз басаңдай түшкөнсүп калды. Бирок каным эле катат. Анан баш жагымда турган жанагы Эмма деген медсестрага кайрылып суу сурадым. Суу алып келип жуткурду эле, көзүм умачтай ачыла түштү. Андан соң операция жасап жаткан бутум аябай какшатып чыкты.

— Оорутуп жатат,— деп онтолодум. Уккан бир киши жок сыяктуу.

— Бир аз чыда, эч нерсе эмес,— деп медсестра бал тилге салат.

Жок, уламдан-улам чыдамым кетип бара жатат.

Мына сага эч нерсе эмес ооруган деп туруп, оң колум менен медсестраны каруудан кармадым эле, көзүнөн жаш кылгырып барып токтоп калды. Балким, башка жерде болсо айкырып жиберет беле, араң эле калды.

Профессор менен ассисенттери байкап калды белем:

— Мына, мына бүттүк! — дешип жаалап жиберишти. Курал-жабдуулар калдыр-шалдыр болуп, анан гипс салып киришти. Ошондо «эми бүттү го»,— деген оюма келип, бир аз эс ала түшкөнсүдүм.

— Ээ, байкеси, жанагы Эмманы бүркүттөй чапчыган кол, эмне үчүн профессорду чаңырта алган жок, ыя? — деп баягы тапан тамашага чалды.

— Анда каруу кадимкисиндей эмес беле. Азыр болсо, операциядан кийин көп жатып, алсырап калбадымбы. Операциядан кийин, анан палатага алып келбедиби.

Палатадагылардын баары күлкүгө батышты, тигинин тамашасына маашырланышып.

— Ошондобу, байкеси, адегенде атаңыз кирди, мурутту чыйратып.

— Балам, кандайсың? — деген.

— Жакшы эле, дедиңиз. — Жакшы болсоң өңүң анчалык кубарбайт эле. Эми жаның аман болуп, жакшы сакайып кетсең болду. Жаман кишинин атасындай жашып, жаныңда турбай, кетейин. Эшикте келин менен жоро-жолдошторуң да келип турушат деп чыгып кетпедиби, жарыктык. Кайраттуу киши көрүнгөн,— деп кобурайт, ал сөздү алып-учуп.

— Операциянын убагындагы ооруткан кеп эмес экен. Таңга маал үч-төрт күн удаа сазайымды колго берди белем, оңбогон оору,— деп аспирант сөзүн улантат.

— Асылбек Ашырбекович,— дейм ал үйүнө кетээрде. Жолдошчулук кылып, пирамидол эмес, морфин даярдап кетсеңиз. Ал макул деп коёт да, баары бир баягы пирамидолун коёт экен. Үчүнчү күн дегенде морфин бербей койдуңуз го? — дедим.

— Кой, аны берген болбойт. Морфинист болуп кетесиз,— дейт.

— Доктор, менин эрким күчтүү. Морфинист болбоймун, оору кыйнап жатат,— дедим.

Баары бир анысын бербей койду. Бербегени ырас болуптур. Ансыз деле айыгып, бара-бара оорум өзүнөн өзү басылды.

Аңгыча түшкү тамак алдыга келип, палатадагылардын кобур-собуру бир аз аяндайт. Андан соң алар түшкү уктоого баш коюшту...

«Түн канчалык узун болсо да, баары бир таң атат»,— деген эл макалы бар. Анысы ушу да, алар да айыгып, кайра катарга кошулаарына ишенишет.

## ПАЛАТАДАГЫ СЫР

Палата. Жаныма береги кишини жаңы эле алып келди. Бир аз мурун дендароо болучу. Эми суу сурайт, онтолоп. Медсестра дакиге суу ымдап алып, эрдин сүртөт.

— Бир эле ууртатып коюңузчу, каным катып бара жатат!..

— Жок, уруксат эмес, хирург айткан.

— Сойгону аз келгенсип, эми канымды соросуңарбы, мындан көрө жана бычак тийген боюнча быркыратып салбайсыңбы! — Ызырынат оорулуу. Анан жөтөлөт, онтойт. Кимдир бирөөлөргө ачуусу келет. Сестра ар кайсы-бир кайсыны айтып олтуруп, жоошутуп, кирпиги илине түшкөндө эшик жакка акырын басып, абайлаңыз муну дегендей мага жалооруй карайт.

Мен деле эки күн мурун ошол бейтаптын ахвалында эмес белем деп, бел байладым.

Бир аздан соң, кайра ойгонду. Эки жагын элеңдеп карап, палатадагы коңшу мага көз кырын салды.

— Саламатсызбы, Саке!

— Жакшы. Таанабай турамын.

— Мен, Мааткасы эмесминби?

— Доктурдун окуусунда дечү эле. Доктур да ооруйбу.

— Ооруганым ушул да. Мен да ичимди жардырып...

— Башкасын койчу, садага доктурларга тилиң өтөт го?.. Бир ууртам суу, бир тартым тамеки сурап берчи?

— Болбойт, мен да сиздей бейтапмын.

— Баарыңардын айткан-дегениңер, ичкен-жегениңер бир. Мындан көрө, мени тирүүлөй эле көөмп койсоңор болмок экен!

— Ээ, Саке! Согуш учурун өзүңүз башыңыздан өткөрдүңүз. Бала болсо да биз байкап калдык, өмүр менен өлүмдүн айыгышканын. Жесир калгандар, жетим балдар дегендей...

Жаны жай алгансып, сөзү жандана түштү.

— Садагасы, эс тартып эне-атанын жакшы жолун жолдойт белемсиң. Атанын баласы, акылың бар тура. Өлөмбү деп корккомун.

Жөтөлдү, кайра ыкшып. Бирдеме айтайын деп, ыктыта улам бир мага көз жүгүртөт. Оңдой берди болуп аңгыча санитарка кирип келди.

Башындагы жаздыгын оңдоп, оозун кайра нымдуу даки менен сүрттү.

— Суу жуткурчу, тегеренейин!

— Өзүңүз эр ортону болуп калган эле эркек экенсиз. Жаш баладай жалдырайсыз. Жөн жатыңыз! Врач өзү айтат, качан эмне дээрин!

Үн-сөз жок, жалдырады да калды. Үстүндөгү жамынгандарын жасап-түсөп коюп, санитарка чыгып кетти.

— Иничек, өлөмүн го деймин.

— Калибет көрүнгөнүңүз менен кайратсыз киши окшойсуз. Ушул бөлүмдө жаткандын баары эле сиздей, убай-илдетте. Андан көрө, келечек жөнүндө, айыгып чыгып, ак дил менен адамдарга кызмат кылуу жөнүндө сүйлөшпөйсүзбү, байкеси,— дедим.

Түн менен күн эки жолу алмашты. Тигил бейтапка туруууга кеңеш беришти. Бүжүрөп араң басып, оң жак ыптасын колу менен басып алат.

— Саке, тайтайлатпай түптүз бас! — деп райондук оорукананын башкы врачы, хирург Жыргалбай Орунбекович кирип келди.

— Эми, айыгып калдың. Эне-атадан эрке өскөн кишисиңби, эң эле назик экенсиң, жатчы көрөйүн, жараатыңды,— деди врач.

Хирург жараатын акмалап, сылап-сыйпап көрө баштады.

— Кытыгым келип жатат, колуңуз тийсе.

— Аста айыгат деген ошо.

— Өмүрүм өткөнчө сакайып кетсем эле сыйлап өтпөсөм, сыйпанып калайын догдур сизди.

— Аныңа ыракмат, аман-эсен айыгып, айлыңа кайт. Береги жанында жаткан адам да врач. Ошонун айткан кеп-кеңешин ук.

— Угуп жатамын. Бала-бакырандын убайын көр, урматтуу дарыгер. Айыгып, аман кетсем, алдыңыздан кыя өтпөсмүн!..

* * *

Чыгаарымды эртең-бүгүн деп турганмын. Мындайда күн да өтпөгөнсүйт. Эртели-кеч эле китеп менен алекмин. Жанымдагы Самсалы эшикке кирип-чыгып деле ордунда отурбайт. Үйүнөн киши келсе эле ыргып туруп, эшикке карай жөнөйт. Болбосо кошуна палаталарга кирип-чыгып оорусу жакшы болуп калгандар менен кобурашып отуруп кайра келет. Баарыдан да өзү тыңып алгандан кийин башкаларга акыл-кеңеш айтуучу болду.

— Сакайып кетсең дартың чиркин бир күнчүлүк көрүнбөйт. Дарт — далбастатып кирип, дабанын күчү менен чыгат эмеспи, садагасы,— деп башкаларды жубатканын кантесиз.

— Саке дейм, өзүңүз операциядан кийин кандай экениңизди билесизби? — дейм кээде.

Тайсалдай түшөт. Анан калп каткырыкка салып:

— Ээй, садагасы десе. Али сары ооз балапан бойдон эле турбайсыңбы. Адамбыз да, адамбыз. Ошон үчүн бирөөнүн башындагы чөптү бат көрөбүз да, өз башыбыздагы үймөктү өлсөк да көрбөйбүз.

— Кой тууй албай жатып, эчкиге аралжы болот дегендей кеп эмеспи,— дейт сөзгө аралашкан үчүнчү бирөө.

— Аай балдар, аны айтып, муну айтып башты айлантып эмне кыласыңар. Адилет, колу жеңил врачтар бар экен, айыктырып койду. Ага ыраазымын. Аа, каран күн, ары карай таразамдын ташы ооп жөнөп кетсем, артымда калган жаман катын, жаш балдар эмне күн көрмөк?!.

— Өлгөндүн өз шору дейт. Жаман катын, жаш балдар эмне, өз күнүн көрүшмөк. Аялыңыз албан-субандай иштемчил экен. Балдары менен эл катары өз оокатын кылмак да.

«Сары атым калды союлбай,
Сары катын калды союлдай»,—

деп кошо турган илгерки тар заман эмес. Балдар болсо окуп-чокуп дегендей өсө берип, өз күнүн көрмөк. Өкмат бар, эл бар дегендей...

Тигил чымчый сүйлөгөн чычымдын сөзүнө Сакең чычалай түшүп, анан оңолот.

— Ушул оңбогур сен бир каатчылыкта төрөлгөн жубарымбек көрүнөсүң. Деги кайсы айыл, кайсы уруктансың?

— Илгерки эле дымагың ээ, байке?! Менин паспортумда СССРдин гражданы деп бадырайып жазылып турат. Ишенбесеңиз алып келе коёюнбу? Баса, өзүм балдар үйүндө чоңоюп, өсүп-өнүгүп, билим алып чыкканмын.

— Деги кыйын жигитсиң. Чын эле балдарды жанындан алыс кармап, ичкерде чоңойтсоң, чыйрак өсөт белем. Көзүнүн агы менен тең айланып жүрүп, менин балдарым борпоң чыгып калды.

— Эч нерсе эмес, байкеси. Алма сабагынан алыс түшмөк беле. Өзүңүздү тартса, эркек бала бир үйдөн түтүн булатып, адам болуп чыга келет.

Ошентип, ооруканада биреөнүн жаны кыйналып ыйлап жатса, бирөө сакайып ырдап турат. Ар кайсы палатада жаткандардын оорусунун тарыхы да, тагдырлары да ар башка. Жакшы болуп, дартынан арылып калган бейтап жанында жаткан менен аңгемелешип, узун күн жана түндү кыскарткысы келет.

Түшкү тамактан соң, күндөрдүн биринде Сакеңдин негедир жарпы жазылып, өзүнчө жайдары эле. Анткени эртең мененки кыдырууда хирург жарааттын тигишин алган. Анан, сөз арасында жараатынын ордунун жакшы бүткөнүн, Сакеңдин тез эле сакайганын, эртең-бүрсүгүндөн чыгаарын да айтып чыккан эле. Ошонун деми болсо керек, деми ичине батпай сүйлөшкүсү эле келет Сакең.

— Саке, согуш маалында сиз «Чоң-Булак» колхозунда жылкы ферма деп укчу элек. Сиз куралктуулар бүт армияга кетти. Эмнеге барбай калдыңыз деп эле бушайман боло беремин?..

Сакем капысынан берилген суроодон чочуп кеткен өңдөндү. Өңү кубарып барып, кайра акырындап кызыл жүгүрдү.

— Жолуң болгур, мен айтпай, сен укпай деле койсоң болот эле. Өтөөр иш өттү. Анча сурап калдың, башка эч ким жок, өзүңө гана айтайын. Муну бир мен өзүм, ырахматылык Мурат табып, анан аялым гана билүүчү эле...

Жаңкы олчоё басып, олбурлуу келип жүргөн жеңеңе үйлөнүп, жыл айланып, эркек уулдуу болгонбуз. Менин ишимин каралыгынанбы, аскерден жантайлап калган жылы чарчап калды көпөлөгүм. Жаш аялмет аялың болсо, бизди таштап кайда барасың? Дүйнө, мүлк-мал деген кара жерге кирсин. Баш кетсе, баары артынан кетет. Ошолорду берсең да, баш калкалап качсаң да, аскерден кал деп маркум кайын энем кан какшап жатып алса болобу. Ошентип, көжөлүп отуруп алганынан Мурат табыпка барып акыл сурадым. Ал менин сөзүмө жым дей түштү. «Куру алаканга бата жүрөбү?» — деп купшуңдаганынан бир борго байлаган иригимди карматтым.

Эртеси кеч курун кел дегенинен үйүнө бардым. Казанга суу кайнатып коюптур. Бир маалда оң багалегимди жоон санга чейин түрдүрүп таштады. Анан жылуу суу менен жууп, чыбыктай ичке бир катуу неме менен сүрүп, көпкө кармап, анан даки менен таңып салды. Эки күндөн кийин таңыкты алсак, бүт ылжырап эле жара болуп калыптыр. Үчүнчү күнү повестка келди. Комиссияга түшсөм, дарыгерлер көрүп, баш чайкашып, ооруканага жатсын дешти. Ошентип, аскерден калып, беш күн ооруканага жатып чыктым.

— Ошого бетиңиз кантип чыдады?

— Аа садагасы, адегенде жаңылганымды сезип, атынып же асынып да өлгүң келет экен. Аягы өнөкөт болуп кетти. Повестке келген сайын эле Муратка жетип бармай...

— Ошол саныңды сүрткөн кандай өсүмдүктүн сөңгөгү эле?

Адегенде Мурат кытмырланып мага айтпай жүрдү. Акыры бир талын алып келип көрсөттү. Үйгө келип карасам, кадимки эле — коён томук деген өсүмдүк экен.

Атабыз, агаларыбыз аскерде жүрсө, кара жанын калкалап жүргөн немеге сооп жок деген ой түшө калды башыма. Аңгыча менин оюмду түшүнө койгон ал:

— Ээ иничек, ал итчилик өзүмдөн кеткен. Өкмөттүн укуругу узун экен. Кийин билинип калып, Мурат табып, мен дагы өз жазабызды алдык. Андан келээр менен активди дегенди таштап, багалек менен жеңди түрүп, жалаң сугатта жүрдүм. Ишим ийгилик бербей койгон жок. Бирок сыйга да, сыпатка да кечирээк татыктуу болдум. Момунтип эми ак халатчандар дартымдан айыктырып, ак жаздык, ак шейшебин жамынтып дегендей, жатамын. Ага миң мертебе алкыш айтпаганда кантем, балам!..

Өзөктөн чыккан өрттүн аягы өкүнүчкө айланып, өзүн айыптап отурган адамга ким акылын айтмак эле.

Кош бол, палата!..

## «ТҮЙНӨК»

Тоонун жайкы жели жан сергитип, теребел тек гана табигаттын ыракатына баткандай бир сонун. Калдыркандар канат кагып, көз жоосун алган көркөмдүгүн көрсөтсө, көпөлөктөр гүлдөн гүлгө тандап тийип-качышууда. Адамдын көңүлү табигат менен тутумдаш эмеспи, чиркин! Таң азандан турушуп, эмгекке киришкен береги үч жигиттин да көңүлдөрү жайдары. Эмгек десе эч бир тайманбаган энелер эртеден бери бир топ жумушту шылып жиберишип, түшкү аптапта бир аз эс алууга көлөкөлөнүшкөн эле.

— Бул кашарды салып бүтсөк, мен путевка аламын да Жети-Өгүзгө барып, эс алып келемин,— деди олбурлуу Тургунбай.

— Дайым эле керт башыңдын камын ойлойсуң, оң-

богур, үчөөбүз барып эс алып келебиз деген оюңа келбейби? — деди жолдошу.

— Кашар салсак да — үчөөбүз, курортко барсак да — үчөөбүз, эмне, киндигибиз туташ беле? Өзүм эле барып кенен эс алып келемин,— деди кайра.

Эки жолдошунун тамашасына орток болгусу келдиби же угуп жатып бук болуп кеттиби, ары четте жаткан куба жигит сөзгө аралашты:

— Ой, курорт, курорт эле дейсиңер. Мына береги биз бетегесине оонап жаткан Соңкөлдүн өзү эле курорт эмеспи!

— Курортту тапкан экенсиң, Курманбай. Бул жерди жайлоо дейт. Ал эми курортко барсаң, арашан суусунан жутуп коюп, бутту сунуп, эң жок дегенде кенен уктайсың.

— Ооба, бул жерде уйкуңдан калып куруп жүрөсүң. Ал жерде врачтын айтканы менен болосуң. Саат менен уктап, саат менен турмай. Андан көрө байтал бээнин кымызынан жутуп, кашар салганым жакшы эмеспи,— деди дагы бирөөсү.

Үчөөнү аттын дүбүртү алаксытты. Күрөң кашаңга бир чанач кымызын артынып колхоздун жылкычысы жете келди. Алик алышып, жаңылыктарды сурашып, кымыздан ичишти. Түндөгүдөн калган эт деп, козунун майлуу муздак этинен жылкычы жигиттерге сунду.

Ыракмат айтышып, жылкычыны жөнөтүп жиберишип, бир аз «тук» этип алалы деп кыңкайышты. Берки экөө дароо эле кызуу уйкуга киришти. Эмнегедир капысынан Тургунбайдын ичи ооруй баштады. Жанагы кымызды көп ичкенден болуу керек деп, таназар деле алган жок. Бир аз көзү илинип кетип, кайра умачтай ачылды. Ичин бирөө бычак менен сайгандай тызылдатат. Кызуу уйкуда жаткан немелердин тынчын албайын деп тиштенип, ары оодарылып, бери оодарылып, тынчы кетти. Жок, эч айла болбоду. Ары-бери туруп басууну

ойлоп, ордунан козголоордо ичинин ооруткапы чыдатпай онтолоп, кайра жатты.

Жолдошунун бири ойгонуп кетти шекилдүү.

— Ой, сага эмне болду?

— Ичим оорутуп... — Өңү кумсарып, көзүнөн жаш кылгыра түшкөн жолдошун көрүп, берки чочуп кетти. Уктап жаткан жолдошун түрткүлөп ойготту.

— Ээй, өйдө бол, берегинин сүрү жаман, соо эмес го?

Тургунбай буктүшкөн бойдон онтолоодо. Эки жолдошунун айласы кетти.

— Эми эмне кылчубуз. Штабга, доктурга жеткирүү керек.

— Жердин түбүндөгү штабга кантип жеткиребиз. Андан көрө эптеп тээ тиги көрүнгөн жылкычылардын айлына жеткирели. Ал жерден бир айла болоор, эл-турт деген такшы эмеспи.

...Тургунбайдын бул боз үйгө келип жатканы бир саатча болду. Жылуулап жаап жаткырып, ысык чай ичиришсе да ичинин ооруганы басылбады. Жеткирип келген жолдоштору эмес, ал айылдагылардын да тынчы кетти.

— Тиги Каныштын атасын чакыржпайсыңарбы, Бекеринен табып болуп жүрүптүрбү,— дей салды бирөө.

— Жок, докторго алып барбасак болбойт,— деди бирөөсү.

— Ай, балдар ай! Жердин түбүндөгү доктурга ичи ооруса да алып жөнөйсүңөр, эч нерсе эмес. Молдокем келсе, азыр эле тып басат.

Кайдан айттым дегенсип, жолдошу да үн катпай жөн болду. Эшиктен кобур-собур үн чыгып, сыйда сакалдуу былжыр моюн адам кирди. Төрдөгүлөр орун бошото беришти. Келген адам күбүрөп-шыбырап, өзүнчө бата кылып алып, чайга карады.

Үйдө оорулуу адам жатканы менен иши жоктой болуп, боорсоктон чайга чылап, шашылбай ичип бүтүп,

дасторкон жыйылгандан кийин Тургунбай тарапка бурулду.

— Бала бейтап бекен?

— Ооба, Шаке...

Үйдүн ээси бир айла кылып жиберээр дегендей, тигил адамдын оозунан сөз чыга электе, жооп кайтарып жатты. Көрсө, бул келген адам, үй ээсинин айтымына караганда, атагы чыккан чоң табып — Шадыкан экен. Мунун жайын ал келгенче эле балдарга үй ээси айтып түшүндүрүп койгон. Ысылы-суукка аттанып эле түшөт имиш. Айтымында мунун айыктырбаган оорусу калбаптыр. Жада калса жылан менен арбашып, аны мандем кылып, өзү кутулуп кетиптир.

Ошол сөздү уккандан кийин Тургунбайдын жолдоштору да Шадыкандын келгенине чоң үмүттөнүп калып отурушпайбы.

Шадыкан Тургунбайдын тамырын кармап, ичин ушалап көрдү да:

— Оого, түйнөктөп калган тура,— деди.

— Ээ, жарыктын десе, сизге эмне болгон, түйнөк малда болучу эмес беле?..

Үйдө отурган бирөөлөрдүн оозунан ушундай сөз чыгып кеткенинде, Шадыкан бирөө оймок ооз салып чымчып алгандан бетер селт карап алып:

— Тек, адамзатым оозго келгенди бейтап адамдын көзүнчө оттой берүүгө болбойт. Мен мындайдын далайын баштан өткөргөндөрдүн ана башымын го...

Бул сөздөн кийин үйдө отургандардын оозунан сөз чыкпай, Шадыкандын кыймыл-аракетине көз жүгүртүшүп, оозунан сөз чыкса ооба дегендей баш ийкешип, тунжурап калышты.

Шадыкан баягы шашпаган калыбында, коломтодон ысык күлдүн корунан чыныга салдырып алып, кол жоолукка оротуп, Тургунбайдын ичине бастырды. Андан соң керегедеги илинип турган чидерди алдырып келди да, боз үйдүн эшигин түрдүрүп, отургандарды эшикке

чыгарды. Чидер менен улам Тургунбай жамынган жууркanды бир чаап коюп Шадыкан кобуроодо:

«Кемпирдин жүнү бир түйдөк,
Кер аттын чөбү бир үймөк.
Кээри барга көрүнбөй,
Келгенсиң кайдан сен түйнөк!
Айтканымды ук түйнөк,
Азыр үйдөн чык түйнөк!

Катындын жүнү бир түйдөк,
Кашка аттын чөбү бир үймөк.
Каргыштуу жанга көрүнбөй,
Катылдың кайдан сен түйнөк.
Убадам ушул ук түйнөк —
Убара кылбай, чык түйнөк!..»

Шадыкандын «чык түйнөгү» кызыл күүгүмгө чейин созулду. Эшиктегилер үйдү карап отурушуп, тынчтары кетип бүтүшкөн белем. Ал үйдөн чыкканда баары жабыла алдынан тосуп, Тургунбайдын ал-абалын сурап жатышты.

— Колдон келгенин жасадым. Балаңар эми куландан соо болот. Ишенбесеңер карагыла, азыр тынч уктап калды,— деп корсоюп койду молдо.

Айласы кетип турган жолдошунун бири чуркап жетип босогодон баш багып, чын эле уктап жаткан жолдошун көрүп, кайра жетип келди.

— Колуңузда чын эле эм бар экен, Шаке. Ошол эмсек колуңуз эч нерседен кур калбасын да, кор болбосун! — Жетине албай кеткен неме чөнтөгүнөн он сомдук кызыл акчаны Шадыканга сунду.

— Жок балам, жөн эле кой. Соопчулук үчүн эле көрсөткөн көмөгүм эмеспи.— Тайсалдамыш болуп жатып Шадыкан акчаны алды да бирдеме деп күбүрөп-шыбырап, бата кылып басып кетти.

Тургунбайдын жолдошторунун суйунучу көкпө созулган жок. Мен алар менен райондук ооруканада жолугушуп калдым. Алар Шадыкандын эм-домуна ишенип,

жолдошун аз жерден мерт кылып ала жаздагандыктарын айтышты. Аны Тургунбайды операция жасаган врач түшүндүрүптүр.

Көрсө, Тургунбай «сокур ичеги» болуптур. Сокур ичегинин курч кармаган мезгилинде эч убакта ысык нерсе басууга да болбойт. Шадыкан өңдөнгөндөргө ишенип, убакытты созо берүү жарабайт экен. Ал бизди айыктырдым деп ишендирип басып кеткенде Тургунбайдын сокур ичегиси жарылып кетип, жаны жай алып калганын карабайсызбы акебай. Чын эле түгөнгөн Шадыкан «түйнөк» деп таап алган «диагноз» кантип таң калтырбайт?..

## «АНЧАР»

— Береги сары ала машкенин үйдүн үстүнөн түшпөй жатканына үч-төрт күн болду,— деди оорукананын кароолчусу Баке карыя.

Окуудан кетип бара жаткан Ормонбек, карыянын жанына имерчиктеп тура калып, короонун бурчундагы жапыс тамда комдонуп жаткан машкени көрдү.

— Чоң ата, бул баягы Лобановдун машкеси. Ал кыйын мергенчи эле. Баса, сиз билесиз, врач болуп иштеп жүрүүчү эмес беле.

— Оо, каран күн десе, баягы Сибирге көчүп кеткен врач турбайбы,— деп карыя күлүп калды.

— Ооба, ошонун өзү. Чоң ата, үч-төрт күндөн бери тамак ичпесе, ит ачкасынан өлүп калат го?..

— Ошентет балам. Мен тамак берсем, ичмек турсун карабай да койду. Ээси бирөөгө берип кетсе керек. Мойнундагы тагылган каргыда үзүлгөн чынжырдын калдыгы жүргөнүнө караганда кайра качып келсе керек.

— Чоң ата, мен азыр үйгө барып, буга тамак алып келейинчи,— деди бала. Үйүнөн алып келген тамакты иттин алдына койду да;

— Ала гой! Жей гой,— деп үндөдү бала.

Ит комдонуп жатканы боюнча козголбой, көзүн ачып-жумуп жата берди. Чакырайын десе атын билбей, айласы кетип туруп калды.

Аңгыча, баланын баятан бери алек болуп жатканын терезеден байкап турган медициналык сестра чыкты.

— Ээй, иничек, ал иттин аты — Анчар. Ээсинен башка кишинин колунан тамак жечү эмес. Биз дагы үйгө алып кетүүгө эчен алакет жасадык. Бирок, моюн берчүдөй эмес,— деди.

Эртеси дем алыш күн эле. Ормонбек ойлонуп отурду да, эгер мергенчиликке чыгып көнгөн ит болсо мылтык асынганымды көрүп кошо жөнөбөсүн. Ошентип көрөйүнчү деп, азык-түлүк, мылтыгын асынып, велосипедин минип алып Анчарга келди.

Ит ок-дарынын жытын искедиби, Ормонбек дарбазадан баш бакканда эле башын көтөрүп, оозун кере-кере ачып, жаланып, тумшугун өйдө каратып жыт искей баштады.

— Анчар, жүр кеттик!

Ит Ормонбекти карап, чочоюп отура калды. — А нука Анчар, со мной! — Ит октой атылып ыргып турду да, Ормонбекти ээрчип жөнөдү. Ормонбек велосипедин минди да чоң жол менен токойду карай салды. Адегенде желе-жортуп, андан кийин велосипеддин артынан арыш керди.

Токойго жакындаган сайын ит тилин салаңдатып, бирде велосипеддин алдына өтүп, бирде артта калып бутактардын түбүн жыттап, желип-жортуп келе жатты. Ээси менен ээрчишип эчен келген жолдорун билди көрүнбөйбү. Курсагы кабырылып турганына карабай чуркай баштады.

Шаркырап аккан чоң суунун жээгиндеги Ак-Тал-Чаттын токою ушул. Түркүн куштардын сайраганы кулакка жагымдуу угулат. Ормонбек ал жерге жеткенден соң, велосипедин, асынган баштыкчасын таштап, кош

оозго дүрмөт сала баштады. Ошол учурда Анчар ээсин тапкан эмеден беш бетер тынчы кетип, чочоюп отура калып, кайра туруп ары-бери шимшип жатты.

Ормонбек мылтыгын сундура алып жөнөгөндө Анчар мага кандай буйрук бересиң дегендей кадала карап, куйругун булактатып жиберди.

— Анчар, изде! — деп колун жаңсады бала.

Ошол буйрукту эле күтүп тургандай Анчар алга баштап, издеп кирди. Муну көрүп, Ормонбек жан-алы калбай кубанды. «Бул эми менин итим болот. Башка бирөөлөр талашып көрсүн, өзүм жакшылап багып аламын»,— деп ичинен кымылдап, көңүлү көтөрүңкү.

Ойго чөмүлүп бара жаткан Ормонбек алдынан «пырр» эткен кыргоолду көтөрүлө бергенде көрүп калды. Атууга чамасы жетпей калды. Анчарды караса, эки алдыңкы бутун көтөрүп, кош аяктап тура калган экен. Ит бир учкан кыргоол жакты караса, бир Ормонбекти карады да, «болбой калбадыбы» дегенсип, чочоюп отура калды.

— Кайгырба, Анчар. Эми жаңылыштык болбойт. — Жонунан сылап койду да, кайра: «Ал!» — деп буйрук берди.

Анчар алдыга түшүп, издеп жөнөдү. Ормонбек мылтыгын оңтойлоп кармап, эми сак келе жаткан. Бадалдын түбүнөн булт этип коён атылып чыкканда, Анчар дагы кош аяктап тура калды.

Мылтыктын тарс эткен үнү менен кошо коён жалп кулады. Анчар атылып кетти да, кулактан чебер тиштеп, Ормонбектин алдына алып келип таштады.

— Жарайсың Анчар! — Ормонбек аябай кубанды. Жерге алып келген тамак-ашын жая баштаганда Анчар тилин салаңдатып, жакындап келди. Көп күндөн бери тамак жебеген ит, аңчылыкка чыккан соң баарын унутуп, ээсине болгон кусалыгы тарап кеткен көрүнбөйбү. Ормонбек берген тамактан сугунуп жей баштады. Анын бүгүн тамак жеп жатканына сүйүнүп, өзү жебестен аша

кечип, Ормонбек колунда болгонун үстөккө-босток сугунтуп жиберди.

Тамактанып бир аз эс алган соң, бүгүнкүбүзгө ушул жетишет го дегенсип, Анчарды ээрчитип, үйүнө кайтты. Бирок Анчар мурунку көргөн жайына жете бергенде, андан ары баспай, имерчиктеп туруп алса болобу.

— Кап, эмне кылсам?!

Ошентип, Ормонбектин айласы кетип турганда баягы кароолчу карыя келди да: — Эч нерсе эмес балам. Азырынча бул сага көп үйүр ала албай жатат. Бүгүн сенин мылтыгыңды көрүп, бир чети ачка, анан ээсинин бирге мергенчиликке чыккан жерлерин эңсеп сени менен кеткен тура. Андан көрө күн сайын мергенчиликке ээрчитип, үйүр алдырып ал,— деди.

Карыянын айтканы туура келди. Ормонбек окуудан келгенден кийин бош убактысын пайдаланып, Анчарды ээрчитип, мергенчиликке барып жүрдү. Бара-бара Анчар Ормонбекке үйүр алып калды.

Күндөрдүн биринде Анчардын бир окуясына Ормонбек окуган мектептин окуучулары да күбө болушту. Ошол күнү экскурсия болуп, балдар токойго келишкен эле. Жаздын акыркы айлары болгондуктан, күн чайыттай ачык, айлана не бир ажайып көркке бөлөнүп турган. Балдар менен кыздар эки бөлүнүп, сууга түшүп алууну туура табышты.

Пионер вожатый Батыш эже,— балдарды абайлап түшкүлө,— деп кыздар менен бирге кетти.

Балдардын ар кимиси өз бет алдынча сууга түшүү менен алек болуп жатты. Анчар дагы Ормонбектин сууда сүзүп жүргөнүн жээктен карап жаткан. Бир маалда Ормонбек сууга таяк ыргытып: — Анчар, алып кел! — деп кыйкырды.

Ошол эле буйрукту күтүп тургандай, Анчар ыргып түшүп, суунун агыны менен кетип бара жаткан таякка сүзүп жетип, тиштеп чыкты. Балдардын баары сууга

түшүүнү унутушуп, Анчардын оюну менен алек болуп жатышкан.

Бир маалда: «Жардам! Чөгүп баратам!» — деген үн чыкты. Суунун айлампасынан баланын башы көрүнүп, жок болду. Балдар жабыла ошол жакка бет алды. Анчар алардын оюн сезди белем, алдыга октой атып жөнөдү да, жанагы баланын башы көрүнгөн жерге жетип, секирип сууга кирди. Арадан аз убакыт өтпөй эле баланы каруусунан тиштеп, сүзүп келе жаткан Анчарды көрүштү. Жээкке жакындаганда эки-үч бала сүзүп жетип, суудан чыгарууга жардамдашышты. Бул бала өзүлөрүнүн классташы — Артык экен. Мектептен өтүлгөн санитардык сабактын жардамы тийип, балдар Артыкты бат эле эс алдырып алышты. Артык эс алганча Анчар бир жерге жай ала албай ары-бери кыңшылап басып турду. Качан гана бала эс алып, сүйлөй баштаганда, ит силкинип- силкинип алып, чөпкө оонай баштады. Ал күнү балдардын бардыгы Анчардын окуясын айтып түгөтө алышпай, ыраазы болуп кайтышты.

## ТАКТЫБАЙДЫН ТАШТАРЫ

Капчыгай өрдөп улам өйдөлөөдөбүз. Шар аккан суу, жалгыз аяк жол, асман мелжиген тоолор өзүнө тартат.

— Ат чалдырып албайлыбы? — дедим жолдошторума.

— Ашыкпа, «Тактыбайдын ташына» барганда токтолобуз.

— Ошондой таш барбы?

— Ооба, өз көзүң менен көрөсүң.

Алдымдагы бара жаткан Табалды менден жашы «аяк ичээр» улуу, ары мергенчи, ары балыкчы көп нерселерди билет. Береги турган тоолорду «коён жатагынан» бери бала кезинен баштап эле басып түгөтүп кой-

гондой. Мага түрлүү нерселерди айтып, «ат жалына казан асып» деле эриктирбейт. Анын сөзүнө алаксып отуруп, жолдун алыстыгын да байкабай калыпмын.

— Кожожаштын Сур эчкини кубалап кеткен жолун көрдүңбү?

— Жок, көргөн жокмун.

Маңдайдагы кара аскаларды көрсөттү.

— Тигине, тээ тиги кара асканы кыйгай кеткен окшош кызыл борчуктарды көрдүңбү?

Чын эле кара боёктун үстүнө кызыл сыр менен кыйгач сызып кеткендей сызыктар турат. Табийгаттын сүрөтчүлүгүнө таң калдым.

— Кызык экен. Бирок, Кожожаш бул өрөөнгө келген эмес да?

— Ой, сен окуп жүргөнүң менен али сары ооз эле балапан бойдон турбайсыңбы! Ал Сур эчкини төгөрөктүн төрт бурчун айланта кубалаган.

Бир маалда суу жээгиндеги чоң кара ташка жеттик. Табалды атынан түштү. Мен дагы атымдын басмайылын бошотуп, отко коё бердим.

Табалды баягы чоң кара ташты карай мени ээрчип басты. Баракелде, укмуш сүрөттөр тартылыптыр.

Алдыда шаа мүйүз тоо теке. Артында бир улактуу эчки. Мындайраак жагында мергенчи өңүштөн бараңды сундуруп текени атууга камынып калган экен.

— Ушуну эрикпей отуруп, таштан чеккен экен ээ? — дедим.

— Көрүп турбайсыңбы. Тактыбай муну дудук болуп калганда тартып, ташка чеккен дешет.

— Дудук болуп дейсиңби?

— Ооба, ал бир топ жыл сүйлөбөй калган.

— Кыйын болгон экен, окуясын айтып берсең?

— Жүр тигиндей барып тамактаналы. Анан айтып беремин.— Көк майсаңга келип олтуруп, канжыгада байлануу келген кол чаначтан кымыз жутуп, түйө келген жол азыктан бир аз шам-шум эттик да, кайра аттандык.

Бир аз чөп чалып алганга, аттар да шайдоот басып калыптыр.

Жол жүргөндө жолоочунун эрмеги эле сөз эмеспи.

— Эми, жол кеңейип калды. Жанаша бастыралы!— деди Табалды.

Күн бешим болуп, желаргы жүрүп, аттардын ылаалаганы да арылагансыйт. Көңүлдөрүбүз куунак.

— Таке эми, «Тактыбайдын ташынан» кеп салбайлыбы!

— Жарайт анда. Согуш учурун баарыбыз эле бала болсок да баштан өткөрүп калбадыкпы. Ал кезде ушул Тактыбайлардыкы Долондун алгачкы ашуусунун башталышындагы Тумтай деп аталган коктуда турушат. Жазга жуук, кой төлдөп бүтүп, козулар отугуп калган учур. Тактыбай сакмалдагы апасына бөлүнгөн жүз койду алдына салып алып, жол жээгине жайып жүрөт. Бир маалда жанында жүргөн кичине кандегинин үргөн үнү угулат. Анан койлор бир жакка кетип бара жатканда үрүп, кайра кайрып келмей адаты бар эле. Жок андай көрүнбөйт. Чоң жолдон обочороок бир үңкүрчөлүү асканын түбүндө үрүп жатат.

— Ме, ме Киреше!

Кандек чакырганга болбой, ого бетер жанын жеп үрө баштады.

— Эмнени көрдү?

Тактыбай колундагы таягы менен ойноп — эрмектеп басып, кандегинин жанына жете келди. Ээсинин келе жаткандыгына ээлиге түшкөндөй Киреше жаны жай таппай, үргүдөй болсо, киши чыдагыдай эмес.

Ооба, кандек бекеринен үргөн эмес көрүнөт. Үңкүрчөнүн оозунда киши жатат. Үстүндө айкарасынан жамынган эскилиги жедеп жеткен чепкен. Уктап калган го?

Тактыбай жанына барды.

— Ой киши, турбайсыңбы? Күн чак түш болду. Деле кебелип койбойт.

— Байке, уктап жатасызбы?

Таягынын учу менен таманга түртүп көрдү. Бир кебелбейт. Сулк жатат. Кандектин үнү басылбай, кол салчудай үрүп жакындап келип, ээси «кет нары» дегенде гана, аргасыз арылап, анан кайра келет. Катуу уйкуга кирген көрүнбөйбү. Тактыбай жакындап барып, бетин ачты.

— Баа-апа-аа! — Эси ооп чалкасынан кеткенин бир билет...

***

Эси ооп калган Тактыбайды Долонго мал айдап бара жаткандар табышат. Бетине суу чачып, араң көзүн ачтырышат. Бирок сураган суроого бала жооп бербей, ар кимди тиктеп эле жалдыраганы жалдыраган.

Бир аздан соң эл чогулуп, баланын эси чыгып калганы эмнеден экенин билишти. Көрсө тигил жаткан өлгөн киши экен. Анын өлгөнүнө эки-үч күн болгон көрүнөт. Жытынын сасыгынан адам чыдап тура алгыс. Жанында эч бир документ жок. Сакал-мурутy өсүп, өтө арыктаган. Кебете-кепширине, анан айылга жолобой качканына караганда, качкын көрүнөт.

— Эр бүлөнүн баары кан кечип жүрсө, кара башын сактап качкан немеге ит өлүмү деген ушул,— десе бирөө, бир даары: — өзү эле өлсө эмне, жөн өлбөй бөөдө баланы тил-оозунан ажыратып олтурбайбы? — дешип жатышты.

— Эмнеси болсо да ит-кушка жем болбосун,— деп эле бир чуңкурга сөөгүн жашырышат.

Тактыбайды ал кезде ооруканага жеткирүү эч кимдин да оюна келген жок. Районго чейин ат-араба менен бир күнчөлүк жол. Аны жеткирээрге да унаа эмес, колхоздун өнөктүгүнө кармаганга жеткен күч-унаалар да жокко эсе.

Айласы кеткен апасы, ошол айланадагы кулак угуп, көз көргөн молдо, бакшы, табып, тамырчы дегендин эч нерсесин койгон жок. Аларда нысап барбы? Бала-чака-

сына деп эптеп сактаган, азыноолак ун-талканына орток болушту да, айыктырмак турсун аны чүнчүтүп жолго түшүштү.

* * *

Жаңы окуу жылы башталды. Тактыбай да өзү менен өткөн жылы бирге окуган курбуларына кошула партасына келип отурду. Анын сүйлөбөй калганын балдар угушкан. Сабакты бүт жазып берип түшүндүрөт. Кулагы кичине эле шыбыр чыкса да угат. Классташтарынын аны ызалантпай калганына да бир себеп кошумча болуп кетти.

Балдар «Шайтан» деп атап койгон класстын бир тентеги бар эле. Сабакта да жөн отура албайт. Кырк беш минут убакыт ага кырк беш сааттай көрүнсө керек. Мугалим ар бир кыймылы сайын эскертмейин жан жагында отургандардын тынчын кетирип, сабагына тоскоол кылып жүберүүчү. Бир күнү коңгуроо кагылып, балдар үйгө тарап жаткан. Артта отурган «Шайтан» китеп кабын асынып жатып:

— Тээ тиги дудукту карап кой, коңгуроонун кагылганын угат, ал эми тили качан чыгат? — деп жанындагы балага шыбыраганда ал бырс күлүп жиберди.

Тактыбайга ал сөз даана эле угулган көрүнбөйбү. Шашылбай кайра басып келди да, «Шайтанды» алкажакадан алып, жаактан ары тартып-тартып жиберди. Балдар аны не бир ажырата алышсын. Эки колу тигинин жакасын кармаган бойдон карышып калган экен.

Эшиктен пионер вожатый кирип келип, эптеп ажыраткан. Күнөө өзүндө экенин мойнуна алып, андан кийин «Шайтандын» да «жини кагылган» муруntan эле аны ызалантпоону ойлогон классташтары Тактыбайга андан кийин ыраазылык менен карашып, көп жардам берип жүрүштү.

* * *

Согуш басылып, ачынган курсак тоюнуп, басынган көңүл ачылып дегендей болуп калган учур. Тактыбай-

дын армиядан келген байкеси догдурга эрчитип барамын деп калды. Тактыбай жан-алы калбай сүйүнүп бөбөктөрү менен коштошуп жатты. Андан бир жаш кичүү иниси Бактыбай, Тактыбайды тамашалап:

— Тактыбай, догдурдун байкемдин билегинен жоон чоң шприци бар дейт. Ошону менен сага укол жибергенде, сен кулагдан соо айыгып кетет экенсиң. — Оорутса тим эле көзүңдөн от чагылат,— дейт.

«Жаныңды жебе жарыбагыр! Догдур антпей эле айыктырат»,— деп кайра инисине жазып берип, Тактыбай байкесине учкашып алып, районго кетти.

Айланасы жапжашыл бак-даракка бөлөнгөн ооруканага келишти. Жыты бир өзгөчө дары-дармектики болсо керек деп ойлоду Тактыбай. Агасы аны ээрчитип алып, ар кайсы жерден каттатып, кагаз жаздырып отуруп, бир бөлмөгө киргизди. Туш тарабы таптаза. Отургучунан өйдө эле ак шейшептер. Кир кийими менен булгап коёмбу дегенсип, Тактыбай сүрдөп жатып, ак халатчан аялдын көрсөткөн тактысына араң отурду.

Тигил жерде отурган ак халатчан жигит Тактыбайдын байкеси менен аңгемелешүүдө. Жанагы Тактыбайды олтургузган аял бир нерсени алып суу толтуруп жатат. Ошону карап алаксып отурган. Балаа басты! Баягы иниси айткан чоң шприци ушул турбайбы. Көзү алаңдай түштү. Байкеси! Чыга качсамбы. Ушундан эси чыгып уялбай качып келген деп балдарга шылдың болбоюн!

Аял шприцтин учуна ийнесин сайды. Баягы бизге укол жасаган кипкичинекей эле эмес беле. Мунусу андан 20—30 эсе чоңдук кылат го?

— Мейлиңиз, бирок тез!

Аял түз эле Тактыбайды карай басты.

— Байке кетели!

Баары чочуп кетишти. Аялдын колунан шприци ыргып түштү. Байкеси менен ак халатчан жигит ордундарынан атып турушту.

— «Оорутса тим эле көзүнөн от чагылат» — деп айткан Бактыбай. Ошол укол ушулбу! — Тыктыбай кыйкыра берди.

Байкеси чуркап келип кучактай калды.

— Ыракмат, айланайындар Тактыбайым сүйлөдү.— Байкесинин көзүнөн жаш кылгыра түштү. Бала өксүп-өксүп ыйлап жиберди.

— Байке, мен сүйлөдүмбү, чын эле байке?!

Эки бир тууган жетине албай өпкүлөшүп жатты. Бир маалда бөлмөнүн ичи жайнаган эле ак халатчандарга толуп кетти.

Кыйкырык ушунчалык ачуу чыкандыктан, бир кырсык болбосун деп, уккан медициналык кызматкерлердин баары топтоло калышкан тура.

— Мына азамат, оорукананын босогосун аттаганда эле өзүңдөн өзүң сүйлөдүң. Эми мындан ары коркконду коюп, эр көкүрөк болуп жүр, макулбу!

Тактыбай ооба дегендей ишарат кылды.

— Жок, мындан ары коркконду коёмун деп убада бер.

— Жок, мындан ары коркконду коёмун!

— Мына ошентип, Тактыбай сүйлөп кеткен,— деди Табалды.

— Ал эми кайда дедим?

— Ал тили сүйлөбөй жүргөн кезде сүрөтчү боломун деп, жанагыдай таштарга тамга сала берүүчү. Азыр болсо өзүбүздүн айылда оорукананын башчысы болуп иштеп жүрөт,— деп сөзүн аяктады.

## «ОПЕРАЦИЯ ДИНАМИТ»

Дем алыш күнү Асанбек шаардын чет жакасындагы жашаган таякеси Табылдыныкына келди. Жаштары тең, жан курбу эле экөө. Сабактарын сурашып, чейректи кандай аяктарын, каникулда кайда барып эс алууларын божомолдошту.

— Окуу жакшы. Мен академияда иштеген абамдын экспедициясы менен Соң-көлгө кетемин,— деди Асанбек.

— Анда эмне бар? Андан көрө көлгө — лагерге бирге барып эс алсак кантет? — деди Табылды.

— Жок, мен абамдар менен баары дары болуучу чөптөрдү жыйнаймын. Гербарий чогултамын. Канаттуулардын жашоо шартына байкоо жүргүзөмүн.

— Эмне, биолог болсом дейсиңби, келечекте.

— Биолог, медик, фармаколог болсо деле баары бир, анын пайдасы тийбей коймок беле?

— Баса, Соң-көлдө балык өстүргөн дейби?

— Өстүргөндө да кандай? Алды он беш, он алты килограммга чейин жетип калыптыр. Өткөн жылы барганда өз көзүм менен көрдүм. Ал эмес кармап мамлекетке да тонналап өткөрүп жатышат.

— Баса, Асанбек сен балык кармаганга кандайсың?

— Абдан жакшы көрөмүн. Айрыкча сонуну — кайырмагыңды жуткан сайын балак этип балык сууруп алып турганыңчы?

— Оп бали, сен да жакшы көрөт турбайсыңбы?

— Ананчы?

— Анда эмесе, кеттик азыр.

— Оой, шашпа, сөөлжан казып алалы. Мен кайырмактарымды ала келгенмин. Аны даярдайын.

— Кайырмак менен кармаган балык балыкпы. Мейлиң даярдан, мен да «операция динамитке» даярданайын...

Табылды сөзүн айтып бүтпөй сарай жакка басып кетти. Асанбек ал айтканын укса да, эч нерсеге түшүнбөй калды.

Түш оой бергенде кара суунун жээгине жете келишти. Күн ала бүркөк болуп турган.

— Аба ырайынын ушундай болуп турганы жакшы. Суу кичине тунугураак тура. Күн ачык тийсе, балык көп түшпөйт,— деп Асанбек кайырмагына алагды болуп, үнүн баса сүйлөдү.

— Ой, эмне ууру кылып жаткансып күбүрөп-шыбырайсың?

— Акырын. Эмне кыйкырасың? Балыктын баарын качырасың.

Табылды таарынган мүнөздө жооп кайтарды.

— Унчукпай отуруп кармай бер анда. Мен кеттим. Сен унчукпасаң, мен кыйкырып-өкүрүп, тарсылдатып жатып, табак-табак, чака-чака балык кармаймын азыр.

Ал баштыгын ийнине салды да, жээктеги токойду бойлоп отуруп, арасына кирип кетти.

Асанбек ага деле маани бербей, кайырмагын салып, түшкөн балыктарга маашырланып отура берди. Кез-кез гана чабак илинне калганы болбосо, баары жакшы эле.

— Кап, Табылды кайда кетти экен? Тээ тигил айлампага отурса деле кармабайт беле? — деп Асанбек ойлуу отурганда төмөнтөн кулакты тундурган «дүңк» деп бир нерсе жарылды.

Эмне болуп кетти деп дендароолоно түшкөн Асанбек ошол жакты карай чуркады.

Жетип келсе, Табылды колуна кичинекей тор алып, агып бара жаткан балыктарды тосуп алууда.

Асанбек көргөн көзүнө ишенбеди. Айланага көз жүгүртсө Табылдынын баштыгынын жанында тыгындалган үч-төрт бөтөлкө турат.

— Оой, Асанбек! Кел, жардамдаш. Болбосо эмгек текке кетүүдө!

Суунун үстүндө тоголонуп жалтылдашып, кичине чоңуна карабай агып кетип жаткан балыктарды көрүп, боору ачыды. Табылдыга аябай ачуусу келди. Бөтөлкөлөрүн абайлап караса динамит экен. Алардын экөөнү ташты карай ыргытты да Табылдыга карап:

— Чык бери, болбосо өзүңдү кошо жарамын! — деп ызалуу кыйкырды

Тигил селдейип туруп калды.

— Сен жинди болгонсуңбу? Балыктар агып кетет. Тезинен кармоо керек!

— Чык дегенде, чык! Болбосо ыргытамын муну. — Гранат ыргытуучудай болуп бөтөлкөнү көтөрдү.

Асанбектин чындап ачуусунун келгенин билген Табылды шашып-бушуп чыга келди, капортосуна чейин балыкка толгон торун жээкке ыргытты.

— Уятың барбы, бул эмне? — Асанбек колундагы бөтөлкөнү көрсөтүп.

— Динамит,— деп күңк-мыңк сүйлөдү.

— Сени мектепте жаратылышты ушинтип корго деп үйрөттү беле?

— Жок, жөн эле сенин балыкты жакшы көрөм дегениңден...

— Ой, жолуң болгур десе. Урук-тукуму менен кырып салбадыңбы!

— Уят кылып койдуң...

— Анан сеники жакшыбы? Кайырмак менен кармоого не жетсин. Экөөбүздөн башка муну эч ким укпасын да көрбөсүн. Мындан ары минтпейли, макулбу?

— Эч качан!

— Келе колуңду. — Экөө кол алышты да, бир аздан соң үйгө жол тартышты.

## БУУРА ЖАНА БУУРУЛ

Ошол кыш өтө каат болуп, кар калың түшкөнү менен элге эч алаамат алып келген жок. Койлор жандуу, уйлар комдуу эле. «Кыштын кыштай эле болгону жакшы» — деп, элдин бир даары кеп кылышса, айрымдары: — «Чычкан» жылы эмеспи, арты кайырлуу кыш келет» — дешип, уу-дуу.

Обосбек ушул айылдагы оозго кирип калган «тайча аты болбосо да, койчо аты бар» дегендей жигит. Өз оокатына тың, айыл-ападагы кем-карчтарга, жетим-жесирлерге кайрымдуу, бирөөгө беримдүү да, алымдуу.

Жер-Көчкү жактагы кайындары: — Кызымды төркүлөтүп, жээнибизди көрсөтүп кетсе деп кишиден айттырышыптыр. Кыш-күрөө, ат менен жүрсө бир күнчүлүк жол болгондуктан аялы Асылкүл менен акылдашып жолго чыгышкан.

Обосбек өзүнүн дабанга атагы чыгып жүргөн буурул айгырын булкунтуп минип, аялына жорго кула бээни асемдеп мингизип, алдына уулу Урматты өңөрткөн.

Үчкө карап калган уулу Урмат: — Эмне үчүн тиги тоо мындай, тиги борчук мындай? — деген суроолорду сурап-чулдурап, «узун жолду кыскартууга» көмөк.

Түш оой бергенде Улахолдон чыгышты карай кеткен жолго чыгышты. Как эткен карга менен кук эткен кузгундан башка ээн талаада эч нерсе жоктой көрүнүп, кез-кезде гана жайылып жүргөн малдын карааны көзгө чалдыга калат.

Талааны туман чалып барып, күндүн көзү көрүнө калды. Аңгыча арт жактан бирөөнүн айкырган дабышы угулгансыды. Обосбек атынын башын буруп, кылчайып артын караса, ак боз атчан бирөө чаап келе жаткан экен. Караса, ак сакалын жайкалткан салабаттуу карыя. Атынын карашала түшкөнүнө карабай аябай катуу келгени көрүнүп турат.

— Ассаломалейкум, аксакал!

— Алеки салам, балам!

Карыя башындагы кара көрпө тебетейин алды да жүз аарчысы менен чекесин сүртүп, сөзгө кирди.

— Мен силердин карааныңарды тээ «Бел жайлоо» жактан эле көрүп калып, ошондон бери чаап жетпей келе жатамын. Кайда бара жаткан жолоочусуңар?

— Тиги, Жер-Көчкү жакка, кайындарым бар эле...

— Кайының кимдер?

— Үсектин Ыйманы.

— Ии, кайындарың тектүү жерден тура. Ыйман экөөбүз ынак, үзөңгүлөш өскөн курбалдаштардан болобуз.

Аңгыча Урмат: — Ата, токоч бейеби? — деп калды.

— Оо, атаң сенден айлансын, менин да ушундай неберем бар. Дайыма чөнтөгүмө бирдеме салып койбосом, барганда чөнтөгүмдү оодара берет,— деп сыйпалап жатып үч-төрт курут таап балага берди.

— Кой уят болот. Андан көрө боорсок берем. Атаң да ооз тийсин,— деп Асылкүл артынган куржун жакка колун сунду.

Обосбек аттан ыргып түшүп:

— Келиңиз аксакал, даам ооз тийиңиз!

Алар кар үстүнө көрпөчөлөрүн жая коюшуп, өзүлөрү түштөнүп, аттарынын да демин суутуп алышты.

Бата кылышып аттанаарда карыя мындай деди.

— Балам, мурун бул жакка көп каттабаганың байкалып турат. Эми кеп мында. Бөлөкбай дегенди уктуң беле?

— Кулагыма аты тааныш.

— Ошол Бөлөкбайдын элүүдөй төөсү Жер-Көчкүнүн бери башында кыштайт. Моминтип кычыраган кышта буураларднн кирээрин өзүң билесиң. Анын төөлөрүнүн ичинде бир кишичил кара буурасы бар. Өңөргөн балаңар да бар экен. Байкоостон ошого кабылып албагай деп, далбастап чаап жеткеним ошол, балдарым.

— Кудай сактасын, колдо курал жок болсо да бул бар,— деп Обосбек жылан боор өрүлгөн ыргай сап камчысын көрсөтүп сөз бербеди.

— Кой, балам антпегин! Бууракандап кирген суу менен, буркулдап кирип турган буура менен ойноого болбойт. Экөө тең тилсиз жоо. Силерге айтаарым, төмөнкү жол менен жүрүп отургула. Өзүм узатып коёт элем, жок жоготуп издеп жүрөмүн...

— Ыракмат карыя, сиздин айтканыңыздай болот.

Карыянын жол көрсөтүп бергенине ыраазы болушуп жолоочулар шартылдата бастырып кетип бара жатышты. Анын үстүнө бир аз демин басып алган аттардын жүрүшү да шайдоот.

Бир аз бастырып кичинекей кайкынын жонуна чыга

калганда жайылып жаткан төөлөрдүн так өзүнөн чыкпаспы. Байкатпай артка кайра тартуу керекпи.

Жок, кеч болуп калды. Анткени, ошол кайкынын жогорураак жагында турган кара буура буларды алда качан эле байкап алып, бугуп жаткан көрүнөт. Обосбек аны жаңы эле байкаганда, бирөө шиш менен сайгандай ыргып турду да, кайра жата калып оонап-оонап алды.

— Асылкүл, кеч болуп калды. Эми, буурадан кутулуу кыйын. Мындан бизди жаныбарым буурул гана куткарбаса, андан башка арга жок. Сен кайкы ылдый кирип, тээ тиги из кеткен жол менен чу коюп кете бер. Мен азыр төөлөрдү аралай чаап, ортоңку жол менен сызамын. Бол, ылдам!

Асылкүл кыялай ылдый кирип, борчукка кирип, карааны көздөн кайым болгондо, Обосбек караса, кара буура тайраңдап качырып келе жаткан экен. Буурул айгырдын оозун коё берди.

— Жаныбарым, эми ээңе жакшылыгыңды көрсөт, чу!

Ээсинин кыйын абалын сезгендей, темингенде эле буурул октой атып жөнөдү. Даңкандан кар сапырылып, үстүндөгү Обостун бет маңдайынан шамал зуулдайт. Артына көз чаптырды, кылчайып. Көзүң жамандыкты көрбөсүн! Буура бута атымдай жакындап калыптыр. Оозунан ак көбүк буркулдап, тишинин кычыраганы да Обостун кулагына угула түштү. Буурул бул темпи менен жүрүп олтурса жеткире койбос. Мына ошентип ойлонуп алганча буурул мүдүрүлө түшүп, сүрдүгө барып кайра оңолду. Обосбек үстүнөн ыргый турган болуп барып, ат кайра тура чуркаганда ээринде калды. Ат дагы чуркай бергенде, кара буура такымдап калган экен. Мына, жетип келип, бууранын башы Обосбекти карай обдулуп келе жатат. Кайрылып туруп, камчы менен тумшуктан ары тартып жиберди. Буура башын чулгап бир аз буйдала калып, кайрадан качыра чуркады. Тумшукка чапса тоото турган түрү жок. Эмне кылуу керек? Жанталашып

жаалданган балаадан качкан адамдын башы кутулуу айла-амалын издей баштады.

— Көзгө чабуу керек. Кылчайды дагы артына. Дагы башы жакындап, тиши качырап, көзү кыпкызыл кайнап кеткен буураныи. Дал көзүн мерчемден туруп, дагы тартты камчы менен. Кан жая берди. Башын бир аз келжең эттирип алды да, кайра катуу жаалданып, башын жерге салып аттын артынан сая түштү.

Обосбек алды жагына көз жүгүртүп, кайра кылчайгыча буурул бир аз буйдалып чыңыра кишенеп жиберди. Караса, буура оозуна куйрукту бурдай тиштеп, токтоп калган. Мултуюп уңгусу калып, баягы сеңселген була куйрук жок. Аны көрүп, бугу кайнап, Обосбектин көзүнүн кычыгына жаш толо калды.

— Жаныбарым, Камбар атанын тукумунун көрктүүсү элең, ээңди сактайм деп куйруктан ажырадың...

Түшө калып басмайылын бошотуп, тээ тай чабым алыс калган буурага көз чаптырды. Ал тизелеп, баягы куйрукту жерге ыгырып-ыктап жаткан экен.

* * *

...Быйыл жаз эрте чыкты. Буурулду бир үйүргө коё берип, Обосбек «Ат жайлоо» жакка эртелеп көчүп барган. Анткени, көгөн, чымын-чиркей жок жакка ыктаганы. Анын себеби, буурулдун куйругунун жоктугу. Жанагыдай коно калган чымын-чиркейди шыйпап тура албайт эмеспи.

Жайлоонун толуп турган саратанында буурулдун чалпоолугу күчөп, айылга келген меймандардын атын, адашып келген аңгилерди чайнап коюучу болду. Мурун мындай адат жок эле. Жада калса, айылдагы үрүп чыккан ит болсо үйгө киргизе кубалоочу болду. Айылдагылар менен ээси аны: — буурадан ыза көргөнүнө, куйругу жоктугуна бууракандап жүрөт,— деп жорушту.

Күндөрдүн биринде эртең менен бээнин биринчи саанында буурул батышты карап удаа-удаа кишенеп жи-

берип, оонап-оонап алып туруп, жерди челип-челип чапчып ыргытты да, кулакты чунайтып, башты жерге салып, даң салган бойдон жөнөдү.

— Болду, болбоду буурага кетти. Ушуну жүрөгүм сезип жүргөн,— деп буурул менен кошо таптап, дабанга салып жүргөн токулуу турган кара-жоргосуна жетти да, буурулдун артынан түштү...

...Жете келсе, Жер-Көчкүнүн төө тикендүү коктусунун биринде эки даңкайган өлүк жатат. Караса, бири баягы кара буура, бири — жаныбар буурул. Айлана камандар жүргөндөй бүт казылган. Буура менен буурул айгыр кеминде эки саатча кармашып-чайнашса керек. Экөөнүн тең тулкусунда, башында тамтык жок, шорголоогон канга боёлгон. Буурул бууранын тумшугун кабыштыра тиштеген бойдон жыгылып, буура эки тизеси менен аны ыктап-чөгөлөй жыгылган экен.

Ошентип, буура кышында кирип, буурулдун куйругун бурдап калса, айгыр жайында алкынып буурадан өчүн алып, өзү да жанын кыйган көрүнбөйбү.

## КЕЗЕКТИН ДА КЕЗМЕТИ БАР

— Ошентип,— деди Ормокой аялына олурая карап. Жаңы жылды тоскондо бир эрди катындай болуп отуралы, бала-бакырабыз менен бапырап. «Он эки ай кырк жылда» дегендей эч болбогондо Жаңы жылда олтура албайбызбы? Мага го эч нерсе эмес, балдар томсоруп калат экен. Өткөн Жаңы жылда да күзөтүңө күн-түндөп жүрүп алып, жыл бүткөнчө ошол адатка айланып кала берди.

Жүзүндө эч бир кабагым-кашым дегени байкалбаган аялы күйөөсүн жылмая карап алды да:

— Көрөбүз, бүгүн да башкы врач эле башкача график түзүп жибербесе.

— Кой, секети шылтооңду коюп Жаңы жылда өз

үйүбүз, өлөң төшөгүбүз дегендей так ушул коломтодон, короо жайыбыздан тособуз.

— Ооба, ошентебиз, ура! — деп беш-алты жашар чамасында кара тоголок баласы алаканын чапкылап жиберди.

— Мына, Мирбек да кубанып кетти, кулунум! — деп Ормокой уулун көтөрүп өйдө экчеп-экчеп, жүзүнөн сүйдү.

— Болуптур анда, ёлканын камын көрө берели,— деп аялы ордунан обдулуп, күйпөлөктөп ёлканын оюнчуктарын тизип жатты.

Ормокой да баласын ойной кой дегендей жиберип, аялына жардам бере баштады. Анан, аялы менен аңгемелешип, ар кайсы-бир кайсыны айтып жатты. Ошентсе деле сөзүнүн аягы барып баягы эле аялынын айланасында:

— Бу, аялдардын асылы эле биздин айылга келсе керэк деп ойлойм. Төрөт үйүңөр апта сайын, ай сайын дегендей кур эмес, же чубуртуп эле койчо төрөп калганбы. Ракыя эже кайда? Ракыя эже керек эле. Күн-түнү менен эле ушинтип ат тезегин кургатпай келе беришет. Ага да көнүп бүттүк.

Өзүнчө эле бушайман болуп, ичиндеги бугун чыгарып булкулдап жаткан күйөөсүнүн жоругуна аялы бырс күлүп жиберди. Ормокой олурая бир карап алды да:

— Сага күлкү. Мага болсо күйүт. Балдардын тамагын берүү, төшөгүнө жаткыруу — койчу, бүт менин мойнумда. Эми, камыр жууруп жоолук салынуу эле калды. Бая биреөлөр кеп кылгандай, «тебетей катын» аталып каламбы деп чочулайм.

— Койчу бай болгур! Бирөө укса ушунчалык мусапыр болуп калган экен деп ойлобойбу,— деди аялы.

— Ойломок турсун бая күнү сен мончого кеткенде, Жанчарбек кирип келе жатыптыр, көрүп коёбу деп жаным чыкты.

— Эмнени ботом?

— Камырыңды. — Өзү да күлкүсүн тыя албай каткырып күлүп жиберди. — Ошентип, тигил очокко коюп кеткен нанды бышканда алып кой дедиң. Жаңы алып бүтүп ашканага койсом, Жанчарбектин үнү угула калса болобу. Жаным төрт чарчы боло түшүп, дарбазаны карай бет алдым. Теке маңдайымдан карп-күрп эле Жанчар чыга калса болобу. Саламдашып, шашып-бушуп үйгө киргизе коюп, бирдеме ооз тийгизип узаттым. Эмне шашып калгансың дейт, оңбогур шекшип, «Селхозтехникада» бир «чп» болуп, ошого шашып жаткамын деп кутулдум.

— Анчалык эмне коркок билишиң бар эле,— аялы алая карады.

— Ал бир кызык. Бая күнү тигил Сатыбалды аганыкына барса аксакал аялына жардам беремин деп камырын ийлешип жаткан учурда кирип калат. Аны көрө коюп Сатыбалды камырын табак-сабагы менен ыргытып жиберет. «Жардам берген жакшы, айрыкча аял затына»,— деп Жанчар чыгып кетет.

— Кой эми, Жанчар көрдү, элге эртең эле жаят, «ооз басырык» кылалы дешип, аялы экөө акылдашып, Жанчарды манту бышканда чакырат. Ансыз деле кошуна-колоң эмеспизби, тамакты да көрүп калдыңыз дешип дасторконду жайнатышат. Ошентип отурган кошунасы Жанчарбек бир малда:

«Капырай, камыры этинен катуу экен, эркек жууруган камыр турбайбы»,— десе болобу. Өлбөгөн төрт шыйрагым калды деген ошондо Сатыбалды. Жанчар жаакта жок куудул, чечен эмеспи, эртеси эле элге «дүңк» этти.

— Адамдын баарынын аң-сезими жетишип турганда, анын эмнеси бар экен. Эркек кылган жумушту аялдар аткарып, аялдардын жумушун ар-намыстанбай эле аткарып жаткандар азыр азбы? Бул жөн эле эски түшүнүк. Курулай намыс, караңгычылык.

— Кеп караңгычылыкта-параңгычылыкта эмес. Жан-

чардын бизди эл алдында сындырып, кепке — кемтик, сөзгө — сөлтүк кылгандыгында.

— Ооба, өзүң дагы жөн турбай ага тийишип, чулчук-мулчуктугуна, жер-жеберине жетип жибермейиң бар.

— Тамаша деген тамаша. Көнүп калганбыз, башынан эле көпчүлүктүн көзүнчө тилибиз тим турбай калжаңдаша түшөбүз.

Аңгыча, эшиктин алдынан машинанын добушу угулуп, бирөө чуркап келди.

— Ракыя эже, төрөт үйүнө сизди шашылыш чакырып жатат.

— Оо, Мелис бул Ракыясыз силердин төрөт үйүңөр иштей алабы? Жада калса жаңы жылды да бирге тосо албайбыз.

Аялы шаша-буша кийине коюп, шашылыш жөнөп кетти. Ормокой ёлка менен жалгыз өзү алек болуп, көпкө чейин аны-мунусун ирээтке келтирүү менен илээшип жүрө берип, сааттын канча болгонун да абайлабай калган экен. Бир маалда гана эки уулу, улуу кызы келип, үстөлдү тегеректеп отуруп калганын байкады.

— Оо, берекелерим, саат канча болду?

— Он жарым болду ата,— деп балдары бир добуштан жооп беришти.

— Баятан бери көрүнбөй эмне кылып жаттыңар.

— Аяз атаны көрдүк ата. Ырдады, бийледи. Бизди баарыбызды куттуктады. Силердин үйгө да барамын, саат туптуура он экиде күткүлө деди.

Балдары жарыша сүйлөп, атасын эриктирген жок. Ормокойдун оюу аялында: «Келип калса болду, он экинин так өзүндө. Ушул турган ооруканадан эмне, чуркап келе калгысы бардыр. Ага чейин аялдар төрөбөй күтө турса экен».

Ал оюнун аягына чыга электе Ракыя үйгө кубанычтуу жүгүрүп кирип келди.

— Оо, сүйүнчү! Аман-эсен көз жарды, эркек!..

— Болсун, болсун! Бирок ачык айтчы, мен айылдын

ар бир төрөлгөн баласына сүйүнчү бере берсем акчам жетеби?..

— Баарын билбеймин. Буга бербесең анда анык зыкымдыгың ошол.

— Айтчы деги, ал ким экен?

— Таякеңең, эркек төрөдү.

— Оозуңа он беш килограмм шоколад!

Аялын кучактап өпмөкчү болгондо балдарынан уялып, төркү үйүнө кирип кетет Ормокой.

— Кайран таякем! Он жылдан бери аялы боюнан көзголуп көнүмүшкө өтүп көз жара албай жүрдү эле. Он биринчи беш жылдыктын аягында жакшы жыйынтык чыгарган тура! — деп саатын караса, он экиге бир гана минут калган экен.

— Ой Ракыя, кел батыраак, бактылуу балдарымдын маңдайына!

— Бокалдарга шампандан шаша-буша куюп колуна алып, жашасын келген Жаңы жыл! Жашасын таякем! — деп көтөрүп жиберди.

— Ормоке, таяке-жээниңди коюп, өзүбүздүн чакан үй-бүлөбүздү да ойлосоң боло! — деди аялы.

— Азыр, анын баарына кезек жетет!.. Кезектин да кезмети бар,— деди Ормокой кийинкисин куюп жатып.

## КАРЫН БӨЛӨМ

Күн ысык. Жаңы эле кызматтан келип, жайланып отура турган учур эле. Каалга такылдады. Аялым антип-минтип чыгып ачканча, дүкүлдөтө муштап, түрсүлдөтө тээп жиберди. «Бу, чыдамы жок кандай эме эле, эшиктин алдында коңгуроосун көрбөйбү!» — деп ойлодум ичимден. Аңгыча каалгалар катуу жабылып, кобур-собур үндөр эле чыгып калды. Эшиктен кемселинин эки топчусу чечилген, бир топчусу үзүлгөн, бир топчусу элдир-селдир эптеп кемселин бүчүлөп турган бирөө кирип келе жатты.

— Ассалом алейкум, бөлө!

— Алеки салам, келиңиз!

Кара өтүгүн карчылдата басып, кош колун сунуп учураштты. «Бөлө» деп учурашканынан, бөөдө тааныбай калып уят болбоюн деген ойдо мен да бөжүрөп саламдаштым. Төрдү карай жиберип, жылуу-жумшак орун көрсөттүм.

— Ата көрү ээй, бул шаарыңар тим эле күйүп кетет бейм. Береги балдарыңар эмне кара ширидей десе, жедеп эле күндүн аптабы уруп салган тура!

Кемселди керебетке ыргытып, калпакты алып салып, кара өтүктү кайкая тээп чечип, кат-кат оронгон момосуй чулгоонун ымдалышкан тери кургасын дегендей, дивандын аягындагы темирге жайып койду. Үйдүн ичи ашатка жыттанды да калды. Тер менен арак экөө айкашып калды көрүнбөйбү, чиркин!

Антип-минткиче чай алып, аялым кирди. Таанышаар кез эми келди го дегендей мейманыбыз тамагын жасап, кепке кирди.

— Сиздер мени тааныбай турат көрүнөсүңөр. Баса, атың ким эле? — Мен атымды айттым. — Ээ, каран түн, унутуп калган турбаймынбы! Эжем мени жакшы тааныйт. Сен боорунду жерден көтөрө электе эле көтөргөмүн. Апам ыраматылык өлгөндөн бери катышпай кетпедикпи? Ал болгондо экөөбүз ушинтип, ит менен мышыктай тиктешип отурмак белек! — деп үңүлдөп ыйлап жиберсе болобу.

Аялым экөөбүз асты-үстүнө түшүп жатып араң дегенде бастык.

— Кыскасы сен экөөбүз карын бөлө болобуз,— деп энтигип сөзүн улантты. Мени бир жүргөн эле даңгирбай экен деп ойлобо. Бөлөң аман жүрсө эшик-төрүмдү да көрөөрсүңөр. Айылдагы үйүмдү айтпайын — көлдүн жээгине дача салдырып койгомун.

— Аны анан сүйлөшө жатаарбыз. Чайга карасаңыз,— дедим.

— Кудагыйларча эле чайга курсакты толтурганда эмне. Ансыз да шаарыңар ысык экен. Баса, тигил сумкада бирдеме бар сыяктанды эле, бөлө,— деди камырабай.

Көп көтөрүп жүрүп, колдун киринен чылгыйланган боосу бар, эскилиги жеткен кара сумканы алып келип, өз колуна бердим. Анын ичинен беш бөтөлкө пиво сууруп чыгып, үстөлдүн үстүнө «жайнатты».

— Куттуу үйгө кур кирген болбойт экен. Анын үстүнө ысыкта адам аңкап кетет тура, чиркин. Баса, бөлө берегилерден ооз тийгилечи! Үйдүн тамагы эмеспи — деп, бышырылган чучук менен керчөөнү алып чыгып, үстөлдүн үстүнө койду.

— Каап, жөн эле койбойсуз да,— деп аялымдын чыйпыйы чыгып кетти. Дүкөндөрдө да кечинде эч нерсе бербейт. Коньяк болбой калды, «береги» эле бар экен,— деп аялым бир бөтөлкө шире койду.

«Мындайга биздин ашказан,
Көнүп калган капкачан»—

деп, бирөө айткан экен,— буюрганын ичебиз да,— деп бөлөм каткыра күлдү.

Ошентип, түн бир оокумуна чейин бөлөм бөтөн киши эмес экендигин билгизип, «эриктирбей» отурду бөлөм. Айтор ал май-көл менен сүт-көлдү кечирип эле салды.

Уулдатпай-чуулдатпай эле сүйлөшүп отурганыбыз жакшы эмеспи дегенине телевизор көрсөтпөй, балдарыбызды эрте эле жаткырганбыз.

Жатаар маал болду го дегендей ордуман туруп, конок каадасы кылабы дегенсип бөлөмө көз жүгүрттүм. Ал сырымды биле койгондой, шашкан мүнөздө:

— Бөлө, отура турчу. Бир ооз сөзүм бар эле,— деди. Отурдум.

— Шаарда иштегениң бир топ эле болуп калды көрүнөт. Кудайдын кулагы сүйүнсүн дегендей. Тели-теңтуш өңдүүлөр өзүңдө деле көп эле чыгаар. Кыркка чыкканда

көргөн бир бөлөң бар. Онунчуну ойноп жүрүп төрт-беш менен бүттү. Кудай бетин салбасын сабакты тим эле жадыбалды жаттагандай шакылдатат. Ошонун бир эбин таап, институтка өткөрүп бер.

Таш тиштегендей болдум.

— Ээ, бөлө, жадыбалды жаттаганда шакылдаткан балаңыз, эч кимдин жардамы жок эле өзү өтөт. Ага убара болуп эмне кыласыз? — дедим сестенип.

Ичтен чыккан ийри жыланды эмне болуп кетет деп бүшүркөп жатпаймынбы. Шашпа бөлө, жанагы бөжөктөрүң онунчуну бүткөндө, так ошондо билээрсиң?!

— Коюңузчу, балдарды жаман үйрөтүп эмне кереги бар. Өкмөт өзү окутат, өзү сындап, билимине жараша жогорку окуу жайына кабыл алат. Бала өзүнө ишенсе окусун, ишенбсе айылда калып эмгектенсин. Кесип тандоону анын өз эркине эле койгон жакшы эмеспи,— дедим.

— Түшүндүм бөлөм сөзүңө. Менин окубай калганым эле жетишет. Андан көрө колумдан эч нерсе келбейт дебейсиңби ачык эле,— бөлөм буркан-шаркан түшүп, бөлмөлөрдү жаңырта сүйлөп, таарынып да жатты. «Кетемин!» — деп далайга убаралантты.

Кой эми эс алыңыз. Бала багына жазганын көрөр. Бул үйдө мен балаңыздан экзамен алып жаткан жерим жок,— деп жалынып жатып араң уктаттык.

Эртең менен турсам, «карын бөлөм» эбак эле көздөн кайым болуптур.

Өөх, дагы кимдин үйүндө эсин оодарып, экзаменге жардам бер деп эбиреп жатты болду экен?..

## КОТОРМОЧУ БОЛБОСОҢ КОЁ КАЛ!

Бирге иштешкен бир кызматкер кирип келип:

— Жолдоштор, бизге жаңы котормочу келиптир,— деп сүйүнчүлөгөндөй сүйлөдү. Көптөн бери редакцияда

котормочу жок, анын милдетин улам ар кимибиз аткарып, арабадан тажаган аттай болуп турган кезибиз эле. «Эми өз милдетин аткараар адам келген турбайбы»,— дегенсинип бир бөлмөдө отурган кызматкерлер «кым» дей түштүк.

— Ээй, коллегалар баланын тууларына сүйүнбөй, турарына сүйүн дегендей, котормочунун колунан бирдеме келгендей болсо экен,— деп четте отурган көз айнекчен адабий кызматкер компоюп койду.

— Ал эмне деп айтканың Жаке, жаңы келген кызматкерди да ошентип айтасыңбы? Анын басып өткөн жолу, барып иштеген мекемелери деле көп тура. Басмаканалардын баарында бир сыйра, газета-журналдарда бир кыйла, радио-теледе да иштеген имиш,— деди терезенин түбүндө отурган орто жашаган аял.

— Анда айтпаса да атагы белгилүү тура! Эртеңден баштап кызматка чыгат. Келе элек адамды кеп кылып отурбай, ишке киришпейлиби,— деп сүйлөштүк.

Ошентип кыжы-кужу менен отуруп кызматкерлер тымып, өз иштери менен алек болуп калышты.

Эртесинде саат тогузга чейин бириндеп кызматыбызга келе баштадык. Көптөн бери ээси жок ээнсиреп турган бурчтагы столго куба жүлүн, чачын билинээр-билинбес бубак баскан жигит отуруп калган экен. Улам келгенибиз учурашып, таанышып жаттык.

Бир маалда жигит чылым чеккени эшикке чыкканда эски кызматкерлер күбүр сөзгө кире калдык.

— Кийимине кыл жугузбай, аккуратный кийинген эме экен, мындан бирдеме чыгат, акетай! — дедим мен.

— Ооба, ооба, чын айттың, сырты жалтырак, ичи калтырак деген ушул болуп жүрбөсүн? — деди жанымдагы.

Аңгыча, аңдып тургансып котормочубуз кирип келип, жаагыбыз жап болду да калды.

Күндөр өтө берди. Баягы башында келе электе кеп кылган котормочу менен иштешип жүрдүк. Ал кишинин

ишмердиги баарыбызга маалым боло баштады. Кыскасын айтканда, котормочуга туйтундук, туугандар! Биздин «белгилүү» котормочубуз орусчасына да, кыргызчасына да «шар» которгон адам экен. Колуна тийди дегенче токтотпой которуп, редактор же жооптуу секретардын колуна бере коёт. Койчу эми, кайсы бирин айталык, сапаты калып, саны арткандан арта берди. Анын азабын адабий кызматкерлер менен редакциянын башчысы тарта бердик.

— Ой Оңкобаев, бул эмне деген сүйлөм,— дейт түшүнбөй, жооптуу секретарь.

— Ээ, аксакал, оригиналдан кеткен ошибка да ошону сун оңдободумбу. Анткени «углевод эмес — «углерод» болушу керек, бир деп туруңуз. Экинчиден углерод болгондон кийин кислород да копо жүрөт эмеспи...

— Оо Оңкобаев, кеп дем алуу жөнүндө эмес, тамакаштын составы жөнүндө болуп жатпайбы?

— Анда оңдоп деле коёбуз, кеч эмес го, жолдош жооптуу секретарь,— деди.

Мында да тим болдук. Ал эми Оңкобаевдин котормочулугу орусчасынан да ашына баштады.

Кечээтен бери макала которуу менен алек болуп жаткан адабий кызматкер шашкалактап:

— Жолдош Оңкобаев, кызыл жүгүрүктү орусча эмне дечү эле? — деди.

— «Красный бегун» — деп котормочу компоюп койду.

— Котормочу болбосоң коё кал, кокуй эл укпасын! — деп адабий кызматкер аял алаканын шак коюп бырс күлгөндө, араң отурган калган кызматкерлер дуу эле каткырып жиберишсе болобу.

Оңкобаев баарыбызды олурая бир карап алды да, анын эмнеси күлкү, жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт, азыр мен медициналык илимдердин сөздүгүнөн таба коёюн деп, кебелбей көз айнегин тагына баштады.

Мында да тим болдук.

Бирок, айтканынан кайтпаган «котормочу» көк жалдын көп кылыктары улам ашкереленип, акыры кызматтан бошоду.

Дагы эле угушубузга караганда, ал «котормочулугун» улантып, редакциялардын эшигин жыртып жүрөт деп угабыз.

Туш келип калса, «туугандылык издеп» жан баккан Оңкобаевдей оңбогон котормочулардан алыс бололу, агаиндар!

## «КОК БАШ»

— Эхе, кемпир,— деди Кебек маңдайындагы монтоңдогон кара көз аялына кайрылып. Илгери биздей суу техниктерди — «Көк баш» дечү эмес беле. Деле ойлоп отурсам ушул суу техниктен өтөөр кызмат жок көрүнөт. Агрономуң, ветврачың, зоотехниктериң ушул мен өңдөнгөн суу техниктен кыйын бекен! Алдында ат, алганы чоң зарплат, айланасы оюн-күлкү, көңүл шат.

Кебетеси бүгүн дагы сатыла турган «ак суудан» сербип келсе керек. Ананчы, андан жутпай калган күнү кабагына кар жаап, аялын атынан атабай — «Ээй катын!» — деп калат. Бүгүн да көрбөйсүзбү көңүлү жай болуп, көөдөнү көтөрүңкү. Оозунан чыккан арактын артынан бурдаган пияздын жыты алда канча алыс отурган аялына жыттанып турду.

Кебек өзү элүү жашка чукулдап жашап калса да кебетеси жаш. Комуздун тепкегиндей болуп кебетеси чыкыйып, бою да кодогой. Сүйлөсө тили буудай куурат.

Ошол кичине бою бүт эле арамзага чатылганын, бирок иш жагынан чоркогураактыгы, коркогураактыгы — жалкоолугу жок эмес. Аш жагынан адамга айттырбайт. Бечаранын ичинин тарлыгын айтпаңыз. Колунан иш келээрин билсе коюн-кончуна төгүлөт, эч нерсе өнбөсүн сезсе заматта бөлүнөт.

Өзгөчө жаз келгенден тартып Кебектин күнү тууйт. Ошол Кебек тейлеген участкадан чатак кетпейт.

Кебектен суу сурап барган бирөө минтип ырдаган экен:

«Көк баштап» суу суранып,
Көзүм талып тунарып.
Көңүл айнып, тил кургап.
Келе жаттым кубарып,— деп.

Кээ бир билгичтер Кебектин ак көңүлүн карматууну билишет. Суу сурап бара жатканда суйкайта жарым литрди чөнтөккө салып барсаңыз талабыңыз канааттандырылат. Бөтөлкөнүн мойнун көргөндө эле Кекең кепке келип, өзүнөн өзү эрип бир кулак эмес эки кулак суу бер десең да аянбайт. Күлүп жиберип, кетменди колуна ала коюп, кара жанын аябай, суу сурап келген кишинин арыгына суу бурат. Мына ошондой учурдан пайдалансаңыз, сууну суткасы менен сугарсаңыз эркиңиз.

Өзүм дегенде өлсө аянбайт. Өзүнөн башкалардыкын меники эмес, мага тиешесиз, мага пайдасыз деп гана басып кетүүнү билет.

Мага, мага дегенди го билет, мамлекетке кандай пайда тийгизди болду экен? Таразалап көрсөк зыяны, пайдасынан эки эсе артып түшөт.

— Өткөн жылы жазда «Аңгырама» участкасы Кебекке бөлүнүп берилген. Кароосуз калтырылып, «Аңгырама» алышынын адаты кармап суу алып кетип, жаңы себилген эгин аянтын каптаган. Ошентип себилип, маласы тартыла элек аңыздын тукумун суу жутуп кетип, 10 гектардан ашуун жерге буудай суюк чыгып калган. Ошондо соттун чакыруу кагазы колуна тийгенде келмесин Кебек кезексиз кайталай бергенин өзү да билбей калган. Бүткөн боюн муздак тер каптап, кышкы суукка калган жаш күчүктөй титирегени али көз алдында. Акыры Кебек кесилип кетээрде бир тууган колхоздун адамдары сактап,

«оңолот» деп өз эмгектеринен ошол аянттын түшүмүн төлөп берип куткарып калганда: «Элден айланса болот»,— деген сөзү, эми бир жыл өтпөй эсинен чыгып калды.

Көпчүлүк көз көрүнөө алданды. Жыландай сойлоп кутулуп чыккан Кекең мен эмесминби деп көкүрөгүн койгулоочу болду. Анда айыл ичинде жөө басып мусапыр болуп калган эле. Эми кызыл жоргосуна кыйшая тартып отуруп, айыл ичинен өткөндө артынан буруксуган чаң уюлгуп калат. Кышында болсо Кебек «чэнге кирет» десек жаңылбаспыз. Айлыкты болсо ала берет, иш болсо такыр жок.

Айлыгын актап алып, эл-жерге пайда келтирсе Кебекти биз кеп кылат белек. Жок жерден өөнөп-сөөнөп акча жегенден алыс качпайт. Айлыктан тышкары наряд менен алган акчаларын айтсаңыз! Бухгалтерден наряддарды алып карасаңыз, Кебектин ысмына жазылган нарядды санап отурсаңыз жаңылып калууңуз да мүмкүн! Демек, элден бөлүнүп, жалгыз экен деп ойлорсуз. Жок, ал дагы бир нерсени билет. Кайсы жерде иштебесин начальниги менен бухгалтеринин коюн колтугуна кирет. Колдо бирин-эки мал бар, керек болсо алып туруңуз демиш болуп, жайында козу, кымызды жеткирип коёт. «Ооз басырык» даяр болгон соң, Кебек өз билгенин иштей берет. Баарыдан да майрамдагы начальниктин колу коюлган приказдарга биринчи болуп Кебек жазылат. Өңгөсүн коюп, өткөн жылы «жакшы иштери» үчүн Москвага айыл чарба көргөзмөсүнө барып келгеничи.

Чиркин, эми эч нерседен капарсыз чиренип гана аялынын маңдайында, эрикксенде оюна келгенин айтып отурбайбы. Атаганат, баардык аялдардын күйөөсүнүн иштеген кызматы ушундай болуп калса эмне! Айлыгын да алат. Кызматка каалаган убагында барат же каалабаса участкага кеттим деп коюп, барбай да калат. Бирок, өзү өкмөттүн берген айлыгын актай албай, арзытаар иши жок, аялынын маңдайында отуруп, бекерчилигине курсант болгон арам тамак — «Көк баш» турбайбы. Суу-ти-

ричиликтин жашоосунун чыныгы булагы. Суусуз жан-жаныбардын, өсүмдүктөрдүн жашоосу жок. Бирок Кебек аны түшүнбөдү. Жок. Ал алган билимин актай албады. Табийгаттын, эл-жердин байлыгын өз билгениндей башкарды.

Жаңылып жүрбө, Кебек, сен — гидротехниксиң. Бул атты актай бил да, «Көк баш» деген ысмыңдан кутулууга аракеттен. Туура, бул атты эл койгон. Эл — сынчы. Так ошол сен өңдөнгөн иштен качып, ашка умтулуп, элдин суроосун канааттандыра албаган кежирлерди «Көк баш» деп коюшат.

## КЕКИРТЕКТИН КЕСЕПЕТИ

Толугураак келген, бою жапыс береги жигит бир мекемеде жетекчи болуп иштейт. Кичинекей иш болсо да ал күйүп-бышып бат бүтүрүүгө аракеттенет. Карамагындагы кызматкерлерди каарып, катуу-катуу сүйлөп, кагып да коёт. Көп эле тил уга берсе, анын таасири аз болуп калат көрүнөт. Баякынын сөзү да дегенсип, жедеп ашмалтай болгон адамдар көзүнчө макул дешип баш ийкешип, көмүскөрөөк болгондо өз билгендерин иштешет. Кызматкерлеринин мындай мамилесин билгенде, анын кабагы карыш салынып, беймаза болуп, ооруп да калат.

Эми кызматтагы кыялы мындай турсун, үйүндө да үңүрөйүп кабагын ачпайт. Балдары катуураак сүйлөп, же бир нерсе жерге түшүп кетсе, төбө чачы тик туруп, өзү айткандай — «нерви бузула түшөт». Контордо кандай болсо, үйүндө да ошондой жымжырттык өкүм сүрөт...

Кошуналары болсо Жаркымбаевдин мындай адатын жакшы түшүнүшөт. Мунун сырын билишип, конокко чакырганда да аялы экөөнү башкалардан бөлүп чакырышат. Себеби, Жаркымбаевдин оорусу «гипертония» дейт экен. Эгерде чуу көбөйсө эле канынын басымы көбөйүп, итатайы тутулат тура кургурдун!

Жаркымбаев райондогу врачтардын баарына көрүнүп бүттү. Бир врачтын айтканын экинчи врачтын койгон диагнозуна карап салыштырып, талдап көрөт. Эгерде ал экөөнүн бирөөнүкү алгач чыкса болду. «Ал эч нерсе билбейт экен!» — деп колун шилтеп басып кетет. Өзүнүн гана сөзүн туура табат.

Жаркымбаев жаш кезинен кишини алдап, көңүлүн калтырганбы же кишиге алдатып, өз көңүлү калганбы, бир нерсе сураганда көпкө такып сурап, ийне-жибине чейин иргей берет. Качан сеники туура экен дебесе, такыр эле көгөрүп талаша бермей адаты бар.

Жаркымбаевдин кулагы жаңылыктарды бүт угат. Баарыдан да медицина илиминин жаңылыктары аны өтө суктандырат. Эгерде бир жаңы дары чыгыптыр десе эле болду. Эртеси аптекага же поликлиникага барат. Ой, жанакы эмне дейт, бир жаңы дары чыгыптыр. Аты эсимден чыгып кетиптир ошондон берсең деп көжөлүп сурайт, оорусуна ал дары такыр таасир этпегендигин билгенде гана үйүн карай жол тартат.

Ал кишинин үйүнө киргенде, терезеде деле, текчеде деле жайнап турган түрлүү дарылардын түрү бар.

«Мунуңуз эмнеңиз?» — деп сурап калганда. — Оңбогон ооруга керек болобу деген эле кеп да,— деп жооп берет...

Суткасына тындырбай эле өзүнүн тамырынын кагышын, жүрөгүнүн согушун байкайт... Басса-турса же бирөөгө ачууланса эле оорубасам экен деп эле өзүнө «тажрыйба» жасай берме адаты арбып бара жатат.

Жаркымбаевдин бул жагын айтсак өтө эле жаман экен деп туюп каласыздар. Анын врачтардын кеңешин аткарган жакшы жактары да жок эмес. Күн сайын эртең менен туруп, көнүгүүлөрдү жасоону, муздак суу менен жуунганды каалайт. Өзгөчө семирип эле баратат. Диетаны да кармайт. Анда-санда гана беш бармак менен «ак молдонун» аралаша калганы болбосо, сүттүү тамактарды ичип эле жүрбөйбү. Адаты ошондойго ай-

ланып кетти. Беш күн тамак менен диета кармаса, беш күн арак менен диета кармайт. Анан сиздер калыс болуп ойлоп көрбөйсүздөрбү. Өзү бир райондун соода-сатык жүргүзүүчүлөрүнүн башчысы да. Эки жакка чыкканда өзү айткандай: «Эч наар албай үйгө кайтмак беле».

Барбаган курорту, ичпеген минералдык суулары калган жок. Кайсы курорт жагат, кайсынысы жакпайт, ага да карабайт. Путевка колго тийсе өзү көз кырын салып жүргөн кызматчылар менен чогулуп «кош айтышып» чөнтөктү кампайтып жөнөп кетет.

Жүрөк ооруга жагат экен деп, Жаркымбаев бир жылы Кисловодскиге барган. Ошондо арыктаган кебетеленип келген эле. Андан көрө жергиликтүү курорт эле жакшы экен деп, Жети-Өгүзгө, Көгүлтүр Ысык-Көлгө барчу болду. Көрсө анын сыры мында экен: Кисловодскиге барса чын эле арыктоого мүмкүнчүлүк табылат экен. Ал эми Жети-Өгүзгө барса чогулуп шерне жеп, жанга жайлуу болот тура.

Жаркымбаевдин оорусу врачтын айткандарын аткарса оңой эле айыга турган жеңил дарт. Ал адегенде ишенимин жеңгө салса, врачтын тилин алса, бекеринен беймаза болууну таштаса, ошондо оорусунан оңолот. Жоругуңуз жолдо калсын, дартыңыздын дабаасын, тамагыңыздын таттуулугу кетип жүргөндүгүн жакшы түшүнүп алсаңыз болмок экен жолдош Жаркымбаев!

## ЫМАНДАЙ СЫРЫМ

Эх, бекерчиликтен кээде күн өтпөйт. Күндүн узун-кыска экенин астроном, мал кайтарган адам, андан кийин мен билемин го деп ойлоймун. Ким бекер болсо — ошол да сөзсүз билет.

Сиздерге өзүмдү тааныштырайын. Иштеген кесибим — көз врачы. Медициналык тил менен айтсам —

«узкий специалистмин». Адам ар нерсеге кызыкканда гана иштегиси келет. Албетте, өзүм да кызыгып, жандилим менен иштешим керек. Бирок... иштемиш болом. Деги өзүмө тиешелүү эмгек акыма ченеп иш аткарамын го. Кокуй күн, бул эмне деп ойлой көрбөсөңүздөр! «Кой оозунан чөп албаган» — макулукмун. Так өзүмдөй кыйды-кесирсиз жоош адамдарды жактырам. Эгерде нерви начар, кызуу кандуу, каны аз адамдар ачууланса, басынып беремин. Кыскасы, унчукпай отуруп кутуламын. Академик Павловдун окуусуна таянып, өзүмдү алып жүрүүнү сүйөмүн. Бул жерде тынч отуруп алсам семирип кетемби деп чочулап, тез-тез отуруп-туруп же үч бурчтук жасап — үйүмдүн, оорукананын ортосунан баса беремин. Ошентсе да болбой семирип кеттим. Чердейип казы байладым. Кээде жаш болуп туруп казы күткөнүмө уяламын. Айла жок. Көңүл өссө адам семирет экен.

Адамдын организми айлана-чөйрөгө жараша ыңгайлашат эмеспи. Мен да тегерегиме карап, тепкедей кылып шарт түзүп алам. Табийгаттын таасириби, же менин тагдырыма жазылганбы, кошуналарым менен ынтымакта жашай албаймын. Себебин өзүм түшүнбөйм. Кирген үйүбүздүн ээси акы алмак турсун кутулганча шашат. Аялым муну менден, мен аялымдан көрөм. Себеби, «аял жакшы — эр жакшы» деп бекеринен айтылбайт эмеспи.

Күйүткө чыдабай тамекиң кургурду улам-улам тартамын. Тамеки организмге зыяндуу, түшүнөмүн. Бирок, айла жок. Шарттуу рефлекс көнүмүш адат, анан үйрөнгөн нерсе кантип калат. Дагы доктур имиш, анан тамеки тартат деп аялым тамекимди так оозумдан жулуп ыргытат. Анан кантет. Мунусуна баш ийемин. Бала кезден тартып үйрөндүм эле. Кыя албай койдум. Деги мүнөзүм, эрким начар го деп ойлойм.

Ичкиликчи! Ий, зыяндын зыяны. Биринчиден акчаң кетсе, экинчиден ден соолуктун түбүнө жетсе, үчүнчүдөн үйдөгү аялыңдын айтканы сай сөөгүңдөн өтөт. Чынында баарынан кымбат — асыл мээң начарлайт. Бирок, ту-

төңгүрдүкүн кыстоо жетишсе түртүп жиберүүгө дитим барбай, курсакты карай курулдата тартып жибермей дечи. Ичпей койсом сыйлаган адамымдын көңүлү калчудай эле көрүнүп туруп алат. Чиркин ай, десең. Көңүлү калбасын, оюна албасын деп. Бирок алардын көңүлү калбаганы менен аялымдын көңүлү менден үч көчкөндөй калат. Эртеси, кулак-мээмдин кужурун алат. Аялымдын ушул сөзү көкүрөгүмө жат болду. Баса, аялым демекчи, анын ачуусун келтиргенди да жакшы көрөмүн. Кеч курун кинотеатрга бараарда керебетиме чалкамдан жатып алып газета-журнал окуймун... 45 минут, 30 минут, 20 минут калат, аялым эчак эле кийинип дапдаяр. Мен кийингенче дагы 5—10 минут кетет. Ар дайым ушинтип кинонун журналын көрбөй калабыз. Буга мен күнөөлүмүн. Мойнума аламын.

Жогор жакта ал-ахвалымдын четин чыгара кетпедимби. Журналдын сүрөтүн көрөм да, газетанын төртүнчү бетин караймын. Ким менен ким ажырашат, борбордо кайсы кинолор жүрүп жатат. Кинотеатрды көп сүйлөгөн менен мен аз көрөм. Себеби, мен киного барсам эле уктаймын. Бул да шарттуу рефлекс. Мезгилсиз ашык уйку. Мунум — өзүмө зыян. Бирок арга жок.

Кызмат үстүндө кандаймын. Саат 9 да эл катары кызматка барамын. Моюнума алайын, кээде жарым, кээде бир саат кечигип да каламын. Айрыкча, аялымдын төркүндөрү жактан келген адамдарды жөнөткөн учурларда каржалып да каламын. «Начальник кечикпейт, бирок кармалып калат» дегендей кеп да. Саат күндүзгү экиде көз оорулуу адамдарды кабыл аламын. Штамп басып, рецепт жазып берип, көзүн жуумп-ачып, көрүп бүтүрө салам. Алар тез айыкса өзүм да сүйүнүп калам. Бирок, менин колумдан чанда айыгып жүргөндөр болбосо... көзүнө конок конгондорду кыргызча эле дарылаткандарга мейли дейм. Эгиз бала төрөгөн же эгиздин түгөйүнө барып «кол акысын» берип үйлөткөндөр айыгышат экен да. Себеби: адамды нерви ишенсе болгону.

Менден көрө ошолорго ишенет. Оору айыгат. Менденби, андан бы, деги мага жеңилдик.

Институтту бүтүп иштегениме эки жылга айланды. Тажрыйбам азы белгилүү, эми теорияны да унута баштадым. Анткени китеп окууга көңүлүм жок. Диплом деги тиерин тийген. Ушул кичине көздүн ооруларын, ага тиешелүү дарыларын жаттап эле албаймынбы дедим эле. Бирок иш башкача чыкты. Кеп кичине-чоңдо эмес, башты иштетүүдө турбайбы! Түшүнүп эле турам, моюн жар бербейт. Эске тутуум начарлады. Унутчаак болуп бара жатам.

Эрте жатып, кеч турам. Медициналык көз караштын точкасына бул такыр каршы. Айла канча, ышынып-ыкшалып көнүп кеттим. Эртең менен физзарядка, гимнастика жасоо дегенди унуттум. Булчуңдарым балбырап, жумшак. Же акыл эмгегине, же кара күч эмгегине берилбедим. Тамакка табитим тартпайт. Ушунтип жүрүп ичеги-карын ооруларына жолукпайын деп чочуйм. Бирок өзүм медик болгон соң жөнү жок шекшинүүнү таштоого аракеттенем. Тамеки, арак ушулар түбүмө жетип баратат. Бирок, таштай албадым.

Радио угууну, телевизорду теше тиктөөнү да унуттум. — «Бала ойгонот, бала уктасын»,— деп аялым аларды басып коёт. Анткен соң мен деле аракеттенбей, мейлиге салам. Же газета окубай, же радио укпай, телевизор көрбөй, чет элдик, өз элдик кабарлардан четте калдым. Деги тынччылык эле болсо экен деп тилеп коём.

Артыкча айдын аякы күндөрүн жактырам. Анткени айлык берүүчү мезгил. Айлык акымды өз колум менен санап алууга аракеттенем. Бирок, аялым менден мурун кассага жетет. Өзү иштеп тапкансып, акчаны уучтап басып кетет. Көрсө, ал акча менин жаныма түшсө ойноктоп ресторан-буфетти карай айдап жөнөйт турбайбы! Муну да сезип калам.

Бирдеме жутуп келбесем үйдү көргүм келбейт. Жут-

пай келгенде аялым, балдарым мага ынак. Жутуп келгенде жулунуп эле ачуум келип туруп алат. Аялымды «эмдеп-домдоп», баламды бакыртып ыйлатат экенмин го чиркин. Өзүмдүн чөйрөмдө болгон «өзгөрүүлөр» ушул. Мага сын керек деп ойлойм. Бирок өтө көп айткан сынды көтөрө албай кетем го деп да корком...

## САМАН КАЛПАКТЫН САЗАЙЫ

Ат кара терге түшкөн. Кыясы, узак жолдон келсе керек. Райононун эшигинин алдындагы мамыда асылган бойдон акыйып тура берди. Ооздугун кемирип, жер чапчыды. Кызмат бүтөөр-бүткөнчө эч ким ал атты карай баспады. Басмайылдары бошоп, аттын ичи тартылды.

— Тээ тигил атка убал болду. Эртеден бери эле акыйып асылып турат,— деди мекеменин кароолчусу.

Ары жактагы мамлекеттик банкты көзөмөлдөөчү милиционер:

— Оо, бул баягы Алабармандын аты тура. Мас болуп эле камалып калбаса, күүгүм талаш үйүнө аттанат эмеспи, ошондо көрөсүң,— деп ары басып кетет.

Аңгыча күнгө күйүп, сарысынан күрөңүнө айланып бара жаткан саман калпак кийген сары киши атка жакындады. Ат окуранып жиберди.

— Азыр жаныбарым, азыр кетебиз,— деп кобурап мамыдан чылбырды чечип жатканда башындагы саман калпакты ат бурдай сугунуп, өзүнө тартты.

Алабарман атты олурая бир карап, тумшукка тартмай болуп камчысын имере кармады да, жартысын ат аймап жутуп жибергенин көрүп:

— Жаныбарым, ачкасыңбы? — деп Алабарман алаңдап эки жагына көз чаптырды.

«Ооляжуп калган экенсиң
Оо кайран «сары калпагым»,
Сары жоргого жем болду,
Самандан кийген калпагың»,—

деп күзөтчү чал ырдап, кыт-кыт күлдү...

## ТҮЗ ЭЛЕ БАСПАЙ

Чомош экзамен берем деп өтө албай калып, кайра айлына барды.

— Экзаменден өттүңбү? — деп сурап калды атасы.

— Кулап келдим,— деди Чомош.

— Алда чунагым аай, түз эле жерден басып өтпөйсүңбү! — деген экен атсы.

## КОҢГУРООДОН КОРККОН КИШИ

Базардан Баякун деген адам менен бирге чыгып, ар кайсыны айтып кобурашып келе жаттык. Ал сөз сүйлөйт да, койнундагы бир нерсени улам-улам колу менен басып коёт. Балдарына сатып алган бир нерсеси го деп назар деле салган эмесмин.

Бир маалда койнунан коңгуроонун катуу чарылдаган үнү чыгып Баякун чуркаган бойдон атып жөнөдү. Мен айран-таң болуп, артынан карап калдым. Баякун бир топ жерге чуркап жетти да, көкүрөгүн басып отуруп калды. Саатка болжоп чуркап машыгып жүргөн го, же мени тамаша кылганыбы деп эки анжы болуп жанына жеттим. Тамаша дегидей эмес. Баякун колу менен көкүрөгүн басып, демигип араң отурат. Өңү керсары.

— Ой, сага эмне болду? — деп жанына отура калсам:

— Жүрөгүм түшүп калды, берегинин саатынан,— деп койнунан будильник саатты сууруп чыкса болобу.

Көрсө, ал саатты ошол эле күнү дүкөндөн алып келе жаткан тура.

## ЖОЛДОШУНУН ЖООБУ

...Аңгыча жолдошу чүчкүрүп жиберди. Жолдошунун чүчкүрүгүн Сапаш — «саламат болуңуз!» — деп кубаттады.

«Ыракмат»,— деп Апыш айтканча болбостон, ал дагы удаа-удаа эки чүчкүрдү.

— Менин айтканыма ыракмат дегенге жарабайсың? — деп Сапаш чыны менен көңүлсүзүрөөк айтты.

— Ырас, ыракматты сага убагында айта албадым, бирок убагында айттырбаган сасык тумоого таарынууңду сураймын, жакшы дос элек... — деди Апыш.

— Мунуң маданияттуулукка жатпайт,— деди Сапаш.

— Эмесе кишинин көзүнчө уят экенине карабай, мурундан сууну агызган сасык тумоо маданияттуулукка жатабы? — деди Апыш.

## ЧОҢ ЭНЕ МЕНЕН НЕБЕРЕ

Ыдырыс чыргайына алып ээ-жаа бербей ыйлады. Чоң энеси эрке өскөн эмени соорото албай кыйналды. Акырында, Ыдырыстын коркунчаагын билген соң энеси:

— Ой, «бөө» ыйлап жатат,— дегенде Ыдырыс тып эле басылды.

Кечинде апасы менен атасы келгенде Ыдырыс:

— Чоң эне «бөөнү» тап, мен атама урдурамын,— деди.

— «Бөө» жок! — деп эне чочуп кетти.

— Жана айткансың, бар, аны мен атама урдурам, тап! — деп ал ээ-жаа бербей бакырыкты кайра баштады.

## ЖООП

Бир жигит Тогуз-Тородон келип, педагогикалык училищеге өтүп жаткан экен. Билеттердин бардык сурооло-

руна жооп бербесе да, ар кайсыны айтып, арасына автобиографиясынан камтып экзаменаторду карап отуруп калыптыр.

Орус тили сабагынан экзамен алып жаткан мугалим:

— Крылов деген ким? — деп суроо берет.

Анда тигил: — Аа, Крыловду айтасызбы? Аны билбегенде, менин жакын жолдошум, таанышым. Ал мурун Тогуз-Тородо механик эле, азыр Нарын шаарында автобазанын директору эмеспи,— деп компоюп коюптур.

## «ДҮРБӨЛӨҢДҮҮ СҮЙЛӨМ»

Сырттан окуган, сылаңкороз жаш келин экзамен берип жатты. «Сырты жалтыраганы жалтырак, ичи калтырак болбосо экен» деген ойдо экзаменатор отурду. Анан суроо берүүгө туура келди.

«Күн күркүрөп, чагылган чартылдап, кара нөшөр куюп келди. Желедеги кулундар кишенешип, бээлер желени тегерене калышты», бул кандай сүйлөм,— деп суроо берди мугалим.

— Ии, агай ал «Дүрбөлөңдүү сүйлөм» эмеспи! — деди келин кебелбей туруп.— Анткени дүрбөлөң түшүп жаткандыгы бештен белгилүү болуп турбайбы, агай.

## ТОРПОК

Акайын деген адам катташып, алыш-бериш жасап жүргөн бирөөнүн баласын жентектеп бир торпок энчилеген экен.

Арадан алты-жети жыл өтсө деле: — Баягы торпогуң чоңоюп жатат. Аман болсок колго тийгизээрмин,— деп тил эмизип жүрө берет. Анан, жанына «торпогуң чоңоюп жатат» деген сөз баткан соң берки:

«Карманган кожом Акайын,
Камданып келдим атайын.

Качан торпок үй болот,
Кандай болсо пул болот
Кана, айтчы, үйгө кайтайын!—

деген экен,— дейт. Андан кийин Акайын торпогун бердиби же бербедиби ушул күнгө чейин уга элекмин.

## КҮКҮК

Күкүктүн турмушу жыргалдуу болду. Анын жолдошу жогорку даражадагы кызматчы эле. Алардын токой арасындагы жашаган үйү коозлугу жана кенендиги жагынан башка канаттуулардыкынан айырмалануучу. Канаттуулардын зору — бүркүт баатыр, сөз чебери — тоту, кабарчы — сагызган, чаалыкпас — чакчыгай, бийчи — күйкө жана ушакчы — таранчылар менен күкүктүн байланышы күн өткөн сайын күчөдү.

Ыракаттуу турмушка ыраазы болгон күкүк кийимдердин тазасын тандап кийди. Анын акыркы тиктирген жашыл көйнөгү денесине кыналып, башкаларды да кызыктырды. Күйөөсүнө тайманбай сүйлөп, өзү бийлеп, өзү билди. Күйөөсүнүн чын пейли менен «бекерликке берилбей, билим ал» деп айтканы, башкалардын сөздөрү кулагынын сыртынан кетти. Мурдагы анча-мынча билимин унутуп калды. Күзгү менен тарак анын колунан түшпөдү.

Коноктор келгенде, короздоно жасанган күкүк күндүр-түндүр күүгө салып, өзү жактырган төмөнкү ырын озондоп ырдап калчу болду:

Күлөмүн, жыргаймын — атым Күкүк,
Күндүр-түндүр конок күтүп.
Жанда жок сулуулардын эң сулуусу,
Жалгыз өзүм: «кү-күк», «кү-күк», «кү-күк»!..

Сагызган да шакылыктап бул ырды аябай мактады:

— О-ой, эже! Сиз тим эле ааламда жок акын болуп кетиптирсиз!

Күкүктүн эртели кеч эрмеги ушул болду. Эл оозуна илешип «эрке» деген атка конду. Жакшы турмуш жан жыргатып өтө берди. Күкүк ого бетер жагалданып, боюн керди.

Күкүк күндөрдүн биринде балапандуу болду. Токойдогу канаттуулар аны ар тараптан учуп келип куттукташты. Алыс сапар кетип, келе албаганы куттуктоо телеграмма жибериишти.

Балапан багыш күкүктүн колу-бутун жипсиз байлады. Кызмат акысына эч нерсе албаган жан табылса, күкүк ага балапан таштоону ойлоду. Бул жөнүндө күйөөсүнө кеп салды. Ал келинчегинин кеңешинен баш тартпай, кабыл алды.

Аларга коңшу болуп, жалгыз гана Жылкычы чымчык туруучу. Анын өз каражаты өзүнө жеткендиктен эч кимден жардамсыз оокат кылуучу. Муну мурдатан байкап жүргөн Күкүк:

— Эртели кеч эригет экенсиз, эрмектешип отурганга да жакшы, бизге тууган болуңуз,— деди.

Жылкычы чымчык макулдугун берди. Өзүнүн чакан татынакай уясын таштап, Күкүктүкүнө көчүп келди.

Айлар айланып, жылдар жылды. Балапан акырындап Жылкычы чымчыкка үйүр алды. Күкүк күлүңдөп, четке чыга берди.

Күкүккө күндө майрам, күндө той. Басып чыгарган балапанын бакпай, Жылкычы чымчыкка ишенип алда кайда кетчү болду.

* * *

Айтаарыбыз, Күкүк сыяктууларга араңардан жол бербей андан алыс болгула!

## КӨЗҮ АЧЫК АЮУ

Коёндун бөжөгү ооруп калды. Кимге кайрылаарын билбей, коёндун айласы кетти. Аңгыча жолунан кирпи жолугуп:

— Ээ, коёнек мынчалык эмне шашып калгансың? — деди.

Коркконунан эс-мас болгон коён аптыга: — Айланайын кирпи, бөжөгүм сыркоолоп ордунан турбай калды. Айла болоор бекен деп ак кууну издеп таппай жүрөмүн,— деди.

— Ошого да кайгырасыңбы. Аюуга бар. Анын «көзү ачык». Дартты таап, бат эле айыктырып коёт,— деди кирпи.

Коён сүйүнүп кетип, аттап-буттап аюуга жетти. Ак кууга баруу такыр эсинен чыгып кетти.

Аюу коёндун сөзүн угуп, маашырланды. Өзү дарылоону билбесе да даңкынын жайылып бара жаткандыгына жарпы жазылды. Анын үстүнө бекер дүнүйө табылып жатканына мыйыгынан күлдү.

— Убакыт жок эле. Бирок баланын иши кыйын. Үйүңө жөнө, кеч курун жетип барамын,— деди.

Айткандай аюу ар кайсы чөптүн тамырынан жулуп аралашма жасап, айыкса айыкты, айыкпаса мага эмне, деп бөжөктү келип көрдү. Тамырын кармап, бир нерсени билгендей баш чайкап, бул дарыларды ичсе айыгып кетет деп «аралашмасын» берип, акысын доолады. «Бөжөгүм айыкса эле болду. Дүнүйө табылат»,— деп коён колдо барын аюуга берип, жөнөттү. Арадан апта өтпөй бөжөк көз жумду. «Биреөнүн сөзүн уктум, болбосо бөжөгүмдү ак кууга алпарбай, аюунун алдоосунан бөөдө зыян таптым ээ» — деп, коён ботодой боздоп турду.

## ЧЫМЫН

Нурун чачкан күн, көркүн ачкан гүл Чымын үчүн жыргалдай сезилер эле. Айлана-чөйрө кимге гана таасир этпейт. Ушундай көрктүү элестер, пейзаждар Чыкеңдин көңүлүн шаңга бөлөп турчу.

Төрөлгөндөн тартып Чымынга бардык шарт түзүлдү.

Эрке да болуп чоңойду. Эркелейм деп жүрүп чулдурлугу чоңойгондо да калбады. Азыр деле «С» деген тамганы «З», «Р» деген тамганы «Й» деп айтат. Жумшак сүйлөшүп, жылуулукка үйрөтүп ата-энеси да жумуш дегендин жүзүн көрсөтүшпөдү.

Акыры ата-эненин алдейлеп бапестөөсүнөн алыс кетүүгө убакыт жетти. Анткени — Чымын он жылдыкты бүттү. Өз эмгеги менен жакшы окуй албаса да ардактуу, авторитеттүү кызматта иштеген атасынын жардамы менен аттестат алды. Эми чынданып алыс учуп барып окууну ойлоду. Ошентип көздөгөн жагына учуп кетти.

Ай айлана электе Чымындан кат келди. «Курсак ачты, кийим жыртылды, акча салгыла»,— деп. Телеграмманын артынан телеграммалар чубады. Атасы менен апасы жалгыз баласы үчүн колдорунан келгенин аябады. Иштеп табышкан акчаларын жөнөтүп турушту. Чымын чындап студенттик турмуштарга көнө албады. Өзүнчө жашоого, окууга туруштук бербеди. Эки ай окуп эле институтту таштады. Эркелеткен эне-атага карай жол тартты. Баланын келишин ата-эне ардактап тосуп алды. «Быйыл окубасаң, соңку жылы, болбосо аркы жылы окуурсуң, биз үчүн алтын башың аман болсо болгону»,— дешип, үстүнө үйрүлүп түшүштү. Ыраазы кыла турган турмуштун ыракатына чөмүлгөн Чымын ысыкка ыктап, сугалактыкка үйрөндү.

Турмуштун тузунун таттуусун татып, бекерчиликтин сазына батып, күн өткөрө берди. Эмгектенгендер эрте кетип, кеч кайтышса бекерчиликтен эриккен Чымын эшигинин алдында кыңылдап турчу болду. Эси жок Чымын өзүнүн эмне иш кылып жүргөндүгүнө отчет бербеди. Эл үчүн өзүнүн иши пайдалуубу же зыяндуубу, аны ойлоп да койбоду.

Күндөрдүн биринде Чымын менен бир көчөдө турган, митаам, көзүн ачып-жумган, бирөөнүн айтканына көнбөгөн, бирөөлөрдүн канын соруп оокат кылган, узун

моюн Чиркей келди. Чымынга калп-чынды аралаштыра айтып берди.

— Бекер жүргөнчө шаар аралайлы, эл көрөлү, жер тааныйлы. Атаңдын акчасынын пайдасын эми көрбөгөндө качан көрөсүң. Акча алып чык, жумшаганды мен экөөбүз эбин табабыз,— деп эпилдеди Чиркей.

Араң жүргөн Чымын алдоого азгырылды. Чиркейдин айтканын кылды. Жалгыз баласынан жандарын аяшпаган ата-эне акчасын аяшмак беле. Эмнеге жумшаарын эскертишпестен бере салышты. Чымын дагы улам жаңы шылтоолорду тапты. Чиркейди да кошо бакты.

Алган акчаларды «ак суу», «кызыл суу» аттуу кызытмаларга жумшашты. Мүнөзү жумшак азгырылгыч Чымын жаман жолго түшүп жатканын сезбеди. Чиркейдин ууланткыч сөздөрү Чымынды тескери жакка сүйрөдү. Эл жарышкан жаздан тартып, күркүрөгөн күзгө чейин эмгектенишсе Чиркей менен Чымын бош жүрүштү. Ичкендери арак, түнөгөндөрү акыр-чикирдин арасы болду.

Акырында ар кимдин колундагыны ала качып, же уурдай качууга чейин барышты. Чымындын ата-энеси баласынын ишине кайдыгер мамиледе калышты.

Күндөрдүн биринде Чымындын ата-энесине Кумурска келип, Чымындын кылык-жоруктарын айтып берди. Ата-эне уккан кулактарына адегенде ишенишпеди. Чымын чындык сөзгө аябай чычалады. Бирок, адатын оңдоого аракет кылбады. Баласынын кылыгын жойдурууга башынан жаман үйрөткөн ата-эненин эми күчү жетпеди. Чымын баягы эле Чымын бойдон калды. Ата-эне кайгы-кападан бат эле карып кетишти.

* * *

Силер Чымындай болуп өспөгүлө, балдар!

## ӨПКӨ

Өпкө өзгө органдар катары эле кызмат аткарат. Же аткарган кызматыбы же башынан жаралган адатыбы,

эми өзүнө теңелүүчү нерсе жоктой сезди. Жалгыз отуруп ойлонуп көрсө, чындыгында оңой-олтоң кызмат аткарбайт тура! Бүткүл денени кыймылдатып жаткан кычкылтекти аларга каалаганынча иштеп тапкан өзү. Жанын жанга уруп көмүртекти бөлүп, жаманын какырык менен төгүп чыгарган да Өпкө.

«Ушуичанын баарын кыймылдаткан мен болсом өз билгенимди кылууга эрким жокпу?..» Так ушундай ойлогон Өпкө өзүн өзү көптүрүп, кургак желге тептирип дердеңдей баштады. Анча-мынча айткан сөздөр анын сырт жагынан кайпып өтүп кетүүчү адаты пайда болду. Жайкы ысыкка, кышкы суукка карабай өзүнүн жай алышкан жеринде отуруп алып, өзүнө гана пайдалуу таттуу кыялдарга батаар эле чиркин!

Күндөрдүн биринде өзүнүн ойлоп жүргөнүн иш жүзүнө ашырууга аракеттенди да, кекиртек менен мурунга кайрылып:

— Ээй, эби жок көпкөн таноолуу мурун, менсиз оокатың өтпөй каларын билесиңби? Иштесең иштегендей иште, болбосо менден кычкылтек алууну үмүтөтпө! — деп опузалады.

— Кейпи жаман кемпир десе, алыңа ченеп мурун экөөбүздүн ортобузда кыңк-мыңк этпей жүрсөңчү? — деп кекиртекти да кекээрледи. Өзүнө кирип-чыгып турган майда кекиртекчелерди жерине жеткире жемеледи. Бул ушул бойдон кетпес деп оргaндардын баары чогулушуп, Өпкөгө жалпы кеп-кеңештерин тартуулашты. Анда Өпкө аларга: «Ар кимдин өз акылы өзүндө, бириң эмес миңиң чогулсаңар да мага тыйынча татыбайт»,— деп басып кетти. Жалгыз жүрүп жаңылганын сезип койбоду, чынында өзүмдүн эле кылганым туура деп ойлоду.

Өткөн убакыт Өпкөнүн ою туурабы, туура эмеспи, далилдеди. Жалгыз бөлүнүп калган Өпкө жакшы иштеп, жакшы жашоону максат койду. Бир чети намыс, бир

чети кайра аларга кошулуш уят деп коюп иштеп, жашай баштады.

Алгачкы күндөр билинбей өткөн менен акыркы күндөр кыйынчылыгын арттырып бара жаткандыгы Өпкөгө байкалбай койгон жок. «Көпчүлүк сенин демиң, менин демим экендигин байкабапмын»,— деп ичинен өкүнсө да аны сыртына чыгара алган жок. Себеби кургак намыс ойлонбогондуктун терс таасири болуп койбодубу.

Көп ойлонуп нерви начарлап бара жаткан өлөсөлүү Өпкөгө кургак учук оорусу жабышты. Муну бардык эле органдар туйбай койгон жок. Кантээр экен, айтканга болбоду эле, эми жаңы турмушка кайтканга — оңолууга кандай таасир себепкер болор экен дешти. Ооба, алар Өпкөнүн ошол боюнча ооруп, кызматынан түшүп жоголушун каалашпады, анын оңолушун күтүштү, тилешти.

Баарынан өтөөрү башынан эле «боорукер» аталып жүргөн Боор эмеспи. Боор Өпкөгө келип, боюн жибите: «Бир тамырдан кан алган, жамандык-жакшылыкка көнүп калган жолдоштор экендигибиз бир болсо, кызматташ экендигибиз эки, минтип жүрүшүбүз өзүбүзгө чеки»... деген сыяктуу сөздөрдү айтып өттү. Андан соң ар бир кызматташтары, тилектештери, жүрөктөштөрү урук-тууганлары келип, Боордун сөзүн колдошту.

Ошондо Өпкө мурунку жаңылыштыгын билди. Көпчүлүктүн айткан тилине кирди.

Ынтымакташкан кызматтын ыракаты да, ийгилиги да жакшы болору ыктымал болорлугу кимге маалым эмес. Көп түкүрсө көл болот дегендей көпчүлүк колдоп, жаңылган Өпкөнү жаңыртып кызматына киргизди. Ошентип көпчүлүктүн иши көпчүлүк, жалгыздын иши жалгыз экендигин Өпкө эми билди.

## ЭКИ ЧЫЧКАН

Күндөрдүн биринде жанаша эки колхоздун чычкандары жолугушту. Белдерин ийишип, колдорун кыса

кармашып, чын ыклас менен жай сурашууга өтүштү:

— Саламатсызбы Борколдой-бучук? — деди биринчиси.

— Эсенсизби Мырза-жылчык? — деди экинчиси.

— Ий-и, кандай? Айткандай силердин айылда токчулукпу? — деди биринчиси.

— Ээ, анын эмнесин сурап баш орутасыз,

«Быйыл биздин аңызга,
Комбайн келген чабышка.
Калтырган жок бир данды
Карабай биздей «таанышка»
Айлам кетип акыры,
Кепсен берер бекен деп,
Келдим сиздей таанышка!» —

— деп, Мырза-жылчык көз жашы кылып жиберди.

Анда Борколдой-бучуктун боору ооруй түштүбү, же ачуусу келдиби, айтор чердейген курсагын чыңап, сербегей мурутун сылап, көпкө ойлонуп турду да, мурчуюп:

— Жашырбайм сенден сырымды,
Айтайын мен да чынымды.
Анча-мынча эгин бар,
Ала келсең пулуңду? — деди.

— Сатып алсам башкалардан деле албайт белем,— деп Мырза-жылчык капа болду.

Чынында Мырза-жылчыктын таарынаары, Борколдой-бучуктун корсоёру эп.

* * *

Айрым чарбаларда түшүм аңызда калып «Борколдой-бучукту» кутуртуп жатат.

# МАЗМУНУ

Аңгемелер
Комуз күүсү . . . . . . . . . . . . . . 5
«Көктомпой! . . . . . . . . . . . . . 14
Ак саргыл кыз . . . . . . . . . . . . . 20
Өнүн өрт өчүргөн киши . . . . . . . . . 28
Өкүнүч . . . . . . . . . . . . . . 34
Уйкусуз түндөр . . . . . . . . . . . . 38
Айыл аталарды күтөт . . . . . . . . . . 45
Кесепет . . . . . . . . . . . . . . 63
Ок жаңылганда . . . . . . . . . . . . 68
Баары бир таң атат . . . . . . . . . . 73
Палатадагы сыр . . . . . . . . . . . . 78
«Түйнөк» . . . . . . . . . . . . . 84
«Анчар» . . . . . . . . . . . . . . 89
Тактыбайдын таштары . . . . . . . . . . 93
«Операция динамит» . . . . . . . . . . 99
Буура жана Буурул . . . . . . . . . . 102
Кезектин да кеземети бар . . . . . . . . 107
Карын бөлөм . . . . . . . . . . . . 111
Котормочу болбосоң коё кал! . . . . . . . 114
«Көк баш» . . . . . . . . . . . . . 117
Кекиртектин кесепети . . . . . . . . . 120
Ымандай сырым . . . . . . . . . . . . 122
Мыскылдар жана тамсилдер
Саман калпактын сазайы . . . . . . . . 127
Түз эле баспай . . . . . . . . . . . 128
Коңгуроодон корккон киши . . . . . . . 128
Жолдошунун жообу . . . . . . . . . . 129
Чоң эне менен небере . . . . . . . . . 129
Жооп . . . . . . . . . . . . . . . 129
«Дүрбөлөңдүү сүйлөм» . . . . . . . . . 130
Торпок . . . . . . . . . . . . . . 130
Күкүк . . . . . . . . . . . . . . 131
Көзү ачык аюу . . . . . . . . . . . . 132
Чымын . . . . . . . . . . . . . . 133
Өпкө . . . . . . . . . . . . . . . 135
Эки чычкан . . . . . . . . . . . . . 137

*Мар Алиев*

**СЕЛО ОЖИДАЕТ ОТЦОВ**

**Рассказы, юморы и басни**

*Для молодежи*

На киргизском языке

Издательство «Мектеп»

Редактору *К. Жаманкулов*
Сүрөт редактору *Б. Жайчибеков*
Техн. редактору *С. Нурмиева*
Корректору *А. Эсенгелдиев*

ИБ № 3496

Терүүгө 05. 10. 85. берилди. Басууга 12. 12. 85. кол коюлду. Д—01821.
№ 1 типография кагазы. Кагаздын форматы $70\times108^{1}/_{32}$. Мектеп арибн.
Жөнөкөй ыкма менен басылды. 4,375 физ. басма табак, 6,12 шарттуу басма табак, 6,29 учёттук басма табак, 6,39 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 10000.
Заказ № 256. Баасы 40 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРнин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720161, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.